Жаныбек Мырзаибраимов

# МЕН ТААРЫНБАЙМ ТАГДЫРГА

Ош 2013

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
М 94

М 94 Мырзаибраимов Жаныбек
Мен таарынбайм тагдырга. –Ош: 2013 264 б.

ISBN 978-9967-03-944-5

Бул китепте автор өзүнүн эргүүлөрүн достоcруна, эли журтуна уул-кыздарына, жаратылышка арнады.

М 4702300200-13

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-03-944-5

© Мырзаибраимов Ж.
2013

## Баш сөз

Автор Мырзаибраимов Жаныбек, 1946-жылы азыркы Кара-Кулжа районунун Кашка-Жол айыл өкмөтүнүн Жийде айылында жумушчу дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.
Чыгармачылык алгачкы белгисин бешинчи класста окуп жүргөн мезгилде райондук гезитке «Жай айы» деген тема менен жарыкка чыккан .

**Алтын экен, жыргал экен жай айы,**
**Айыл ичи кийингендей көк шайы.**
**Балалыгым башталгандай сезилет,**
**Берген өңдүү арнап мага атайы.**

Кийинки күндөрүндө ар кандай себептер менен бир топ мезгил атайлап ыр жазууга мүмкүнчүлүгү келбей калган.

Бирок, ошол эле учурда досторуна, кыздарына ыр түрүндө ой-пикирин кеңири түшүндүрчүү ырлары сакталган. Азыркы учурунда жетимишке таянып калган мезгилде эки китептин ээси болуп олтурат. Биринчи китеби «Мен болсом» деген ат менен, ыр жазууга болгон далаалатын билдирип келечекте көзү өтүп кеткен акындардай боло албаса да, ошолордун жолун жолдогусу келип тилегинде мен да ыр жазган акын боло алсам деген максатты койгон.

Ал эми экинчи китеби «Мен таарынбайм тагдырга» деген ат менен чыгып, турмушуна өзүнүн ыраазы экендигин ошондой эле уул , кыздарын туура тарбиялап чоңойтуп, көңүлүндөгүдөй өсүп чыккандыктарына ыраазы экендигин билдире алат.
Бирок эки китебинде бирдей кызы Венеранын отуз жети жашында мезгилсиз өтүп кеткендигин өтө кайгыруу, өтө өкүнүү менен арманын ырга айланткан.

Ошодой эле көзү өтүп кеткен улуу адамдардын сапаттарын , үлгүлүү жактарын баса белгилеп жаштарга жеткирүүгө аракеттенген. Аларга «Шарип авама» савхозду өмүр бою башкарып келген Сайип авама деген ырларын терең белгилөөгө болот. Ырларында жаратылыш ата-журт, махабат жөнүндө ырларга кеңири орун берилген. Балалыгында балалык көз карашы менен көзү өтүп кеткен айылдын аксакалдарын кийинкилерге эскерүү иретинде ырга кошкон. Ал эми ичкилик ,коомдогу терс көрүнүштөрдү да көз жаздымда калтырган эмес.

Турсунбай Адышов .

## МЕН ТААРЫНБАЙМ ТАГДЫРГА

Мен төрөлгөм, окшошпогон дабдырга,
Мээримим бар бышкан өңдүү тандырга.
Мээнетим бар көзкаранды болбогон,
Мен таарынбайм бешенеме, тагдырга.

Жаралыпмын Абаз апам кардында,
Жашоо мезгил жокчулук да бардын да.
Жулуп качып алты айымдан таекем,
Жоо жеңилген согуш бүткөн алдымда.

Баккан энем Жамбы деген таенем,
Бактылуумун бул да болсо тагдыр да.
Мен төрөлдүм март айында жамгырда,
Мен үйрөндүм турмуш жашоо камбылга.

Мээнет кылсаң ырааты бар дегенди,
Мээлеп көрүп жаш кезимден алдымда.
Мекениме кызмат кылып адилет,
Мен таарынбайм кудай берген тагдырга.

Кылдым кызмат кышында да ,жазында,
Кемийт деген туз түгөнүп хандында.
Кайрат кылдым баардыгына чыдадым,
Канаат менен мойун сунуп тагдырга.

Кала берсе көрдүм ушул жашоодо,
Калыстарды, ниети бузук, тагдырда.
Кызмат берди, кылдап берди бир кудаа,
Кызды берди, уулду берди оордума.

Кадыр берди, сыйды берди урматтап,
Канаат кылам жетээр ушул баарына.
Кете берем кетээр учур келгенде,
Кош айтышаар мезгил келээр буйруса.

Артымда бар отту жагаар тандырга,
Аралашып күлүп жайнап жамгырга.
Ата деген атты унутпай жүрүшөөр,
Абдан кылдат көндүргөмүн камбылга.
Мендей эле жашап калса болгону,
Мейли деймин, мен таарынбайм тагдырга.

*29-июнь, 2013-жж.*

## АЛГАЧКЫ ЫР

Калдыбы чын алгачкы ыр айрылып,
Кайра жаздым кайрат кылып кайрылып.
Картайсам да ыр ышкысын кармалап,
Катаа кетип калбайын деп тайгылып.

Качанкы кез, биринчи ыр барагы,
Кайта келип, бир чоң ишке жарады.
Кармап колдон койо бербей чеңгелдеп,
Колдоп берип кол жазмалап жарагы.

Качанкы бир кармаланган таягы,
Калган өңдүү жөлөк болуп таяды.
Кадимкидей үч куплет жазган ыр,
Кайра жазып улантылып аягы.

Алтынчыда же жетиде окугам,
Аз болсо да жетишимче токугам.
Аттап -буттап ар өйүзгө бир чыгып,
Аралатып ыр баштарын чокугам.

Жарык көрүп газетага чыкты эле,
Жай айы деп жалгыз ырым теңселе.
Жаңыланып элес кылып эстедим,
Жүрөгүмө кир жугузбай эчтеме.

Жаза берем өмүр өтүп кеткиче,
Жаныбектин көңүлүндө эстеле.

## МЕН АГАЙЫ БОЛГОНГО

Мен окуткан окуучу кыз, балдарым,
Окшоштуруп тааный билбей калганым.
Бул да болсо картайгандык белгиси,
Өткөн күндөр өмүр өтөп арманым.

Өткөн мезгил,өткөн күндү талдадым,
Өтөп өмүр жетимиш жаш жандадым.
Кырк жыл кыйрап кеткендиги билинбей,
Калган тура кырктан ашып балдарым.

Салам айтып учурашса ийилип,
Сүлкүлдөшүп бир башкача кийинип.
Саламдарын кабыл алып астайдил,
Кала берем ким булар деп кейинип.

Карап калат карыптыр деп агайым,
Кайра-кайра,тиктеп-тиктеп маанайым.
Картайсам да ошондогу кезимдей,
Кадимкидей бар экен деп таалайым.

Көрсө булар мен окуткан балдар го,
Көрүнүшүп гүл жайнаган жан боорго.
Көбү аким,көбү бизнес жетекчи,
Көпчүлүгү учуп конуп борборго.

Кай бирлери врач илим ээлери,
Кее бирөөлөр асфальт төшөп жолдорго.
Кантип анан сыймыктанбай койалам,
Кыйла жылдап мен агайы болгонго.

## КҮТӨМ СЕНИ

Жакшы көрүп жандай көргөн эрмегим,
Жаз алдында жарпым жазып бермегим.
Жарык болуп бешенеме нурданта,
Жалгыз жүрсөм жакындап не келбедиң.

Жайдаңдаган жан эргиткен эрмегим,
Жай өткөрбөй неге күтсөм келбедиң.
Жарашыгың жайга бергис сүйүктүүм,
Жабыркатпай кана жетип келгениң.

Күркүрөгөн күздө жүрчүү эрмегим,
Күтө берип, түн уктабай термедим.
Кабарың жок, дарегиң жок билинбей,
Келбей турган жаным белең сен менин.

Күтүп жүрөм, күтө берем эрмегим,
Көрүнбөйсүң күтчүү карайм жерлериң.
Күз да кетип, кыш келатат кычырап,
Качан болсо үмүт кылам келгениң.
Карай берип карааныңды элестеп,
Карындашым өзүң менен биргемин.

*2012-жыл 13-декабрь*

## КЫЯЛЫМДА

Бар максатым Москвага бараламбы,
Балдарым үйүн издеп табаламбы.
Башпагып эшик ачып кирип барып,
Барпаңдап баштагымдай жараламбы.

Айтпастан күттүрбөстөн бара аламбы,
Асмандап учаар билет ала аламбы.
Ашыгып , албуттанып күйүп жанып,

Аптыккан демим басып калаламбы.
Тымызын билет алып билдирбестен,
Тыйындын кеткендигин күзгү илбесем.
Туруптур тынч аман деп кемпириме,
Тез эле кайра учуп келем десем.

Болоорбу космоско учуп келгенимдей,
Боор оруп бир кудайым бергениндей.
Балдарым кучак жайып тосуп чыкса,
Бакыттан бакыт нурду тергенимдей.
Бир белги болоор беле тагдырыма,
Бактылуу карылыкты көргөнүмдөй.

*2012-жыл 16-декабрь*

## АРАК БУЗАТ

Жаштыгыңды жаштык кылып урунбай,
Жүрсөң боло жаман ишке бурулбай.
Жакшы заман эгеменди түшүнүп,
Жалкоо болбо үйүң калат курулбай.

Гүлдөй болуп гүлгүн жашың турганда,
Күлгө оонап арак ичип булганба.
Кайран жаштык эртең келбейт кайрылып,
Күчүң барда күткүн мээнет кылганга.

Карылардын,айткан сөзүн ок кылып,
Кайран жашты кор кылбагын жок кылып.
Кажыбастан чеке тердей иштесең,
Кор болбойсуң, бала-чакаң ток кылып.

Арак бузат ууландырып денеңди,
Айрып билбей алыс-жакын энеңди.
Алсыз болуп акылыңдан ажырап,
Унутасын адал тамак жегенди.

Ушунчалык жамандыкка барбастан,
Укпасаңчы алкаш -деген жемеңди.

*2012-жыл 11 декабрь*

## БИР КЕЗЕКТЕ

Сүлкүлдөп жүрчүү кезегим,
Сүттөй бир аппак сеземин.
Сүйүнүп бекер жүрүпмүн,
Сезбестен кетеер кезегиң.

Жулкуңдап турчуу убагым,
Жоготуп азыр турамын.
Жол берсе мезгил кайталап,
Жалооруп келет сурагым.

Кайраңдап жүрчүү курагым,
Картайган азыр убагым.
Кайтарып берсе кайрадан,
Кудайдан келет сурагым.

Калды го укпай кулагым,
Кайтарса ичкен булагым.
Калбайт го элем өкүнүп,
Кайрадан берсе чырагым.

Калтаңдап азыр турамын,
Коштошоор келип убагым.
Кайтарып берсе канаке,
Кадимки жаштык курагым.

Кайратты курап кайталап,
Коркпостон келет сурагым.

Канчалап өмүр өтсө да,
Кечирсин кудай өзү деп.
Кайталап келди сурагым.

*22-декабрь 2012-жыл*

## ЭСКИ ДОСТОР

Бир мезгил, бирге болдук, көпкө болдук,
Биригип бир мамиле деп оңолдук.
Бөлүндүк жетимиш жыл чогу жашап,
Бат эле бүлүндүрдүк жоголондук.

Бузганын бузуп саттык талкаладык,
Бөлүшүп бөлүп-бөлүп балкаладык.
Бөрүгө кой кайтартып байкабастан,
Бизбиз деп башкалардан калкаладык.

Бузуш го бузуш болду керексиз деп,
Барымта кылып, бөлүп берееерсиз деп.
Бардыгын сатып-согуп көрүнгөнгө,
Бизнесмен эми бизге келеерсиз деп.

Кантсек да коопсуздукту коргоо керек,
Курулуп, бузулганды оңдоо керек.
Кайырлап көрүнгөндөн карыз албай,
Ким бирөө бизди эми колдоо керек.

Ким менен орус элден колдоо керек,
Калп эле кайманадай болбоо керек.
Кайрылып каражатын берип турса,
Рубилин ала берип сомдоо керек.

*25-декабрь 2012-жыл*

## БИЛИП АЛ

Бүгүнкү күн эртеге,
Келбестигин билип ал.
Эртең эмне болоорун,
Билбестигиң билип ал.
Аккан суунун кайрылып,
Кайтпастыгын билип ал.
Аалам сырын бир кудай,
Айтпастыгын билип ал.

Күйүп өчкөн көмүрдүн,
Жанбастыгын билип ал.
Суусуз чаңкоо кумарың,
Канбастыгын билип ал.

Өткөн өмүр кайталап,
Калбастыгын билип ал.
Калган көңүл жүрөктөн,
Жанбастыгын билип ал.

Ооруп жаны жүрбөсө,
Арык болбойт билип ал.
Өтүп жашоо болбосо,
Тарых болбойт билип ал.

Бир тууганды,бир тууган,
Танбастыгын билип ал.
Буруп көңүл калтырса,
Жанбастыгын билип ал.

Арам сууну адалдап,
Албастыгын билип ал.
Ата тектен уурулук,
Калбастыгын билип ал.

Куйсупурлук бузуку,
Өжөрлөнөт билип ал.
Кубаласаң кетпестен,
Нөшөрлөнөт билип ал.

Кошоматтап кой сойгон,
Талант болот билип ал.
Коңшу болсо ынтымак,
Канат болот билип ал.

Картайган соң өмүрүң,
Жашаарбашың билип ал.
Баштагыдай жүгүрүп,
Басалбасың билип ал.

Ийри бутак кайрадан,
Түзөлбөсүн билип ал.
Ынтымактык,бекемди,
үзалбасын билип ал.

Айта берсе акыл сөз,
Түгөнбөшүн билип ал.
Алтынды да сарамжал,
үнөмдөшүн билип ал.

Картайбастан жашыңда,
Кары сөзүн билип ал.
Кайра келбес өмүргө,
Кайталангыс билим ал.
Кары жашы дебестен,
Капа кылбай тилин ал.

*2012-жыл 16 декабрь*

## ЭСКИЛИГИҢ БИЛИНБЕЙ
## БАШ КОШКОНУБУЗГА 43 ЖЫЛ

Эмнегедир эскиргенсип көрүнөт,
Эп келишпей кееде урушат сөгүнөт.
Эркелетчүү күндөрүмдү эстесем,
Эрте чыккан күндөй болуп төгүлөт.

Басып өткөн балалыгым көрүнөт,
Бала кыял балдарындай сөгүнөт.
Баякындай кулк-мүнөздөр жоголуп,
Бытыраган жамгыр болуп төгүлөт.

Карай берип, картайба деп ичимен,
Качанкы бир эркетайым кичинем.
Колдоруңдун манжаларын кармалап,
Кайра-кайра бек кучактап ийчи элем.

Тиктей берип карегиңди көзүңдү,
Таппай калам ошондогу сөзүңдү.
Тагдырыма , таалайыма жазылып,
Түбөлүктөп берип койгон өзүңдү.

Эңсесем да ошол күндөр көрүнбөй,
Эң алгачкы кыз кездеги гүлүңдөй.
Эркелеткен эң алгачкы махабат,
Эскирбеди эскилиги билинбей.

*1969-жыл 29-декабрь*
*2012-жыл 29-декабрь*

## КЕЛМЕ КЕЗЕК

Көргөмүн таянемдин карыганын,
Колунан жумуш келбей арыганын.
Карсылдап жүргөн эле күүлү,күчтүү,
Көзөлөп ичкендерин жарыманын.

Көргөмүн машак терип карыганын,
Кескилеп тал-теректи таарыганын.

Күн-түнү тыным албай эмгектенип,
Күжүрмөн сыйлык алып жарыганын.

Көргөмүн кийинчереек кеткен алын,
Кармалап колу-башын,буту-санын.
Кайгырып калчуу болду бара-бара,
Кудайдан катуу тилеп ,өмүр жанын.

Катырып иччүү болду дарыларын,
Компрец кылчуу болуп далыларын.
Кайрылып кайра-кайра врачтарга,
Көп көрдүм суранганын, жалынганын.

Келиптир ошол мезгил эми мага,
Көргөзгөн кезек берип бир аллага.
Кайрылып мезгил өтүп, өмүр өтүп,
Келгенин алдым ойлоп ой –санаага.

*26-декабрь 2012-жыл*

## ТАЛАА ГҮЛҮ

Өтө албай турам аралап,
Өрттөнүп жүрөк жаралап.
Өткөндү эске түшүрүп,
Гүлдөрдү көрүп талаалап.

Басалбай гүлдү аралап,
Балалык күндөр санаалап.
Белинен кармап кучактап,
Бетинен сылап салаалап.

Кете албай гүлдү аралап,
Келсемби бирге талаалап.
Качанкы өткөн жаштыгым,
Келгендей болуп калаалап.

Талаанын өскөн гүлүнө,
Тартылып келем күнүгө.
Жарашса өткөн күндөрүм,
Жалгыздап келем көрүүгө.

*30-май 2012-жыл*

## ДИРЕКТОРЛУК ДЕПТЕРИМДЕН БИР ҮЗҮМ

Директор кезде дептерим,
Даректеп ачсам беттерин.
Дайыма үзбөй жазчуумун,
Дааналап айрым кептерим.

Кее бирөө, айрым кептерин,
Көңүлгө албай эптедим.
Көрө албас бакыл сөздөргө,
Кеккенип жерди теппедим.

Ойлонуп узак иштедим,
Оорунсуз ушак дешпедим.
Оңдолбос оосар кайсарга,
Тишимди тишке тиштедим.

Түн кезеп тынбай иштедим,
Түпкүрү түшпөс иш дедим.
Талыкпай такай берилип,
Таманды жырттым чечпедим.

Сабакты жөндөп өтө албай,
Сабаты толуп жете албай.
Сандалып эптеп жүрүштү,
Сабагын таштап кете албай.

Жаат жаатка келди бөлгүсү,
Жакшыны келбей көргүсү.

Жарытып билбей кесибин,
Жамаатка жакпай көнгүсү.

Изденип чукур казам деп,
Иштерин толук жазам деп.
Илгертен бери жегени,
Ишенсең толду казан деп.

Эстеймин турат көңүлдө,
Эсепчи агай жөнүндө.
Кесибин туура билбеген,
Көрүнүп турат өңүндө.

Эсимде жакшы иштеген,
Эртеден баштап кеч менен.
Эл агартуу мыктылар,
Алышып бааны беш менен.
Ардактуу иши бааланып,
Ата же энең дешпеген.

## КЫРГЫЗМЫН

Кыргызмын мына кыргызмын,
Кыялын билгин кыргыздын.
Кылымдап кылым жашаган,
Уул кызың болот уул кызың.

Улутум таза теңелгис,
Учкандай чолпон жылдызмын.
Уулу мен болом кыргыздын,
Урматтуу,сыйлуу кыргызмын.

Уланып улам урматтап,
Манаска мурас тургуздуң.
Мээри экен Мелис ошумдун,
Меенетиң тактап билгиздиң.

Тууганы болом Чыңгыздын,
Тутканым туусу кыргыздын.
Тартынбай элим бaратат,
Курманжан датка бир кыздын.
Катарын коштоп унутпай,
Кадимки кызым Жылдызым.
Таттыбүбү сулуудай,
Тайманбай өсүп көп кызым.

*31-декабрь 2012-жыл*

## АКЫЛБЕК БАЛАМА

Картайдым бирок чынармын,
Китепте бир күн чыгармын.
Калайык көрүп окушса,
Кайрылып таазим кылаармын.

Акылбек балам сураарым,
Абыдан көңүл бураармын.
Айтканын билем Каныкей,
Ашыкча түйшүк кылаарың.

Аянбай алкыш айтамын,
Акылбек балам байкадым.
Анчалык тырыш эмесмин,
Алдыңа барып кайтамын.

Ашык да кеми болбосун,
Акылбек келет алкагым,
Айыбым болсо азыраак.
Айоолоп балам калкагын.

*Автор Аваң Жаныбек*
*30-декабрь 2012-жыл*

## КАЗАН-АЯК

*Айрым үй-бүлөөлөргө*

Кокус эмес, казан-аяк кагышат,
Корсулдашып копол сүйлөп калышат.
Колу-коңшу көрсө уят дебестен,
Колу бутун сындыргыча чабышат.

Күн күркүрөйт, казан-аяк кагышат,
Жокту-барды экөөлөсө табышат.
Күлүп жайнап жашагандын ордуна,
Катын-эркек эбин билбей калышат.

Ичип арак, казан аяк кагышат,
Эптеп-септеп бала чака багышат.
Эркелетип чоңойтуунун ордуна,
Энеңе деп, чыбык алып чабышат.

Андай болбойт жаман сөздү айтпагын,
Айыл ичин, колу-коңшуң байкагын.
Ынтымактуу, уруш талаш болбосо,
Эч болбосо бүтүн жүрөт байпагың.

## АРМАНЫМ

Гүл терип үзүп көрбөгөм,
Гүлгүндөй жап-жаш бүрдөгөм.
Мезгилим келип ойума,
Мен айткым келди өңдөнөм.

Таптаза актай барактай,
Тетири ишти жаратпай.
Тербестен гүлдү жүрүпмүн,
Телмире тиктеп каратпай.

Гүлдөгөн гүлдү үзбөдүм,
Гүлүп өт таза түз дедим.
Гүлкүсү чыгып турса да,
Күттүрүп аны күз дедим.

Билбепмин андай болушун,
Бийкечтин толкуп толушун.
Бүчүрү калбай гүл калбай,
Бат эле куурап соолушун.

*31-декабрь 2012-жыл*

## ДЕП СҮЙЛӨЙТ

Эсепчи эсеп деп сүйлөйт,
Эсепти билсең деп сүйлөйт.
Эсепти билсең так билсең,
Эртеби кечпи эч күйбөйт.

Малчылар малды деп сүйлөйт,
Малымдын алды деп сүйлөйт.
Мактасам баккан малымдан,
Мээнетим калды деп сүйлөйт.

Дыйкандар жерим деп сүйлөйт,
Бешене терим деп сүйлөйт.
Бекерчи жүрбөй тогуз ай,
Бышырам эгин деп сүйлөйт.

Бакчылар бакты көп сүйлөйт,
Быйылкы жылы деп сүйлөйт.
Былтыркы алган түшүмдөн,
Быйыл да сактап жеп сүйлөйт.

Уурулар ууру деп сүйлөйт,
Уурулук ишти көп сүйлөйт.
Уулунан уулга калтырып,
Ушундай болгун деп сүйлөйт.

Ушакчы ушак көп сүйлөйт,
Уккамын чындык деп сүйлөйт.
Унчукпай койсоң утурлап,
Уятсыз сенсин көптүң дейт.

Араккор арак деп сүйлөйт,
Айныган сөздү көп сүйлөйт.
Адашып баскан жолунан,
Атайлап чындык жок сүйлөйт.

Араккор арак көп сүйлөйт,
Алдамчы сөзүн эп сүйлөйт.
Жалдырап арак бирөөдөн,
Алганым жакшы деп сүйлөйт.

Жалганчы жанын жеп сүйлөйт,
Жакшыны жаман деп сүйлөйт.
Жамгырды карга айлантып,
Жаадырып жалган көп сүйлөйт.

*10-январь 2013-жыл*

## КЕЛДИ ЖЫЛЫМ

Келди жылым күлүп жайнап жылмайып,
Кетти өмүр бир жашарга улгайып.
Кыргызымдын эртеңкисин деп ойлоп,
Кайталанбай өткөн айып кимде айып.

Бирдей болуп, биз да болуп оңдолуп,
Баарыбыз бир бакыт нурун колдонуп.
Басалычы туралычы журтубуз,
Башкалардай коңшулардай оң болуп.

Кыжыңдашып , кыжылдашып чырдашпай,
Качан өткөн жаман ишти ырбатпай.
Көңүл чөккөн өткөн күндү унутуп,
Көкүрөктө кир калбасын тырмактай.

Көңүлдөшүп, күржүңдөшүп иштейли,
Кудай барын бир кайрылып эстейли.
Капа кылчуу , катаа кылчуу тамакты,
Колго кармап, арак,вино ичпейли.
Кымтып жеген, кылтып жеген жуткучту,
Калыс сүйлөп , калк ичинен кет дейли.

*1-январь 2013-жыл*

## МЕКТЕПТИН КЫСКА ТАРЫХЫ

Мен окугам тар бөлмөлүү мектепте,
Эки класс бир мугалим эптетме.
Парта жетпей үч окуучу отуруп,
Калем кармап жазган элем бир бетке.

Кийинчереек эки бөлмө салынды,
үстү шифер чатырчалап жабылды.
үйдөгүдөй көмүр печке жасалып,
Жыгач менен көмүр отун жагылды.

Кошумчалап дагы экөө кошулду,
Тегерете кең айлантып тосулду.
Курулушту ашар менен бүткөрүп,
Көпчүлүктү чакыргамын досумду.

Сексен эки долбоор түзүп кириштим,
Чыгайын деп өтөөсүнө бул иштин.
Чарба башы Саип ака түшүнүп,
Чатагы жок бир бүтүмгө келиштим.

Он бир бөлмө чоң зал менен бүтүлдү,
Мебел жана тех каражат күтүлдү.
Облонодон бөлүштүрүү бул жагын,
Райондук билим берүү өтүндү.

Мектеп бүтүп, толук шартта берилди,
Чоң той кылып чакырганбыз элимди.
Окуйлу деп ылайыктуу шарт менен,
Сапат менен берүү калды билимди.

Күндөп,түндөп иштеп келдим берилип,
Иштедим деп жүргөн жокмун керилип.
Жасалгалоо , жаңылануу жактарын,
Жасап турдум жалкоолонбой зеригип.

Эмгегимден сыйлыктарда көп болдум,
Этегинде эс алсам деп токтолдум.
Эч ким мени кетесизби деген жок,
Эрким менен ден соолук деп коштолдум.
Өмүр бою өмүрүмдү сарп кылып,
Эми мына эркин болдум, бош болдум.

*17-январь 2013-жыл*

## СОЮЗДАН КАЛГАН СОРГОКТОР

Ошол кезде союзду жеп сорушкан,
Даамын татып , жолун билип орустан.
Эгемендик болгон күндөн жүгүрүп,
Элдин мүлкүн кажып, мүлжүп жонушкан.

Алды алды алты сарай жулушуп,
Адал эмгек жумшагансып курушуп.
Айсал-пайсал дегичекти үлгүрүп,
Ала качып, тез арада бузушуп.

Жең ичинен далай мүлктөр сатылды,
Жеп үлгүрбөй, жер төлөгө катылды.
Жалган жерден документтер жазылып,
Жашырышып жаман ишке батынды.

Талкалашты ташын талкан чыгарып,
Токтотпошту, тополоң күч тил алып.
Толук талап, көлүн чачып түгөтүп,
Тосуп чыкты бир бирине гүл алып.

Эми калдык кайра куруп койо албай,
Эмдигиче жегичтерди жойо албай.
Эбин тапкан элди тоноп жүдөттү,
Андан бери жыйырма жыл күн өттү.

Алдап жеген соргокторду ооздуктап,
Кимтер кармайт коррупция түгөттү.

*20-январь 2013-жыл*

## САРАҢ БАЙ

Азыркы кезде,
Сараң бай.
Айлана жагы,
Жалаң бай.
Курушуп баары
Хан сарай,
Катарда турган
Калың эл,
Сараңдай сарай,
Салалбай.
Көптөрү,
Жүрөт жүгүрүп.
Сараңдай сараң
Боло албай.
Кыйналган жагы
Бар экен,
Электр пулун
Бере албай.
Келтирип
Ага акарат,
Жетекчи бийлик
Бара албай.
Же закон
Укук коргоочу,
Сыртынан карап
Кире албай.
Качанга чейин
Күтөт деп,
Кайтарып кайрып
Пул алмай.

Баарына тегиз
Болсун дейт,
Болбостон
элди алдамай.
Тездетип элдин
күткөнү,
Төлөсүн тегиз
алдабай.
Бечера кургур
Саранң бай.

*13-январь 2013-жыл*

## КЕЛИП АЛ
*Кыйытма пикир*

Кеги бар сенде кеги бар,
Кейиштүү айтаар кеби бар.
Калкыңдын кайтар акысын,
Каражат кылаар кеми бар.

Кыргыздын ата теги бар,
Кастарлап айтаар кеби бар.
Калактап алган алтынын,
Кайтарып берсең эби бар.

Тоготпой тоноп толтуруп,
Табышмак,жомок болтуруп.
Таштап бир кетип жериңди,
Талаада калдың олтуруп.

Кең пейил кыргыз элиң бар,
Кектешип жүрбөй келип ал.
Калайык айтса кайрылып,
Кайтарбай угуп тилин ал.

Акылдап абдан билсеңчи,
Алганың кайрып берсеңчи.
Алыстап алыс жүргүчө,
Айланып кайтып келсеңчи.

Кетпесин бөөдө илимиң,
Каржыла элге билимиң.
Качпастан берип алганың,
Каргышын албай элиңин.
Кайрылып сурап кечирим,
Кадырын билгин жериңин.

*15-январь 2013-жыл*

## КУЙСУПУР ДЕШЕТ МЫНДАЙДЫ

Көрбөсө жалаң жамандап,
Көргөндө көзү алаңдап.
Кошомат кылып алыстан,
Кол берип назик саламдап.

Көзүңчө билет макташты,
Сен тарап болуп жакташты.
Көрүнбөй калсаң көзүнө,
Көрөсүн кууруп какташты.

Биринен бирин тандаган,
Бекитип сөзүн камдаган.
Кошомат кылып калп эле,
Кең пейил боло албаган.

Куйсупур дешет мындайды,
Куп пайлап сүйлөйт ыңгайды.
Каймана өмүр өткөрбөй,
Калыстык жашоо кылбайбы.

Канында болуп бул кыял,
Калбас да кетпес турбайбы.

*15-январь 2013-жыл*

## ЭЙ АГАЙЛАР

Ичип алып, мектеп жакка баспагын,
Эгер чексең , тамекиңди таштагын.
Эл ишенген балдарына билим бер,
Күлүп жайнап,кабак-кирпик каштарың.

Даярдыксыз мектепке деп шашпагын,
Ошол күнкү темадан түз баштагын.
Ачууланып көз караштан бузулуп,
Окуучуңа ачуу тилиң чачпагын.

Окуп билбей эшик төрүн ачпагын,
Эптеп-септеп окуттум деп качпагын.
Эл ишенип сенден күткүн үмүтүн,
Алдап-салдап күн өткөрүп баспагын.

Эй агайлар билим болбойт түйшөлбөй,
Илим чыкпайт, кыйналбасаң күйшөлбөй.
Азыр заман техниканын заманы,
Алыс калды агай болуу Дүйшөндөй.

*20-январь 2013-жыл*

## КӨРГҮН МЕНЕН

*Кыялдануу*

Көргүн менен, жаштыгымда басканым,
Көчө бойлоп көңүл черин ачканым.
Көргүн менен, өткөндөрдү элестеп,
Көргүн менен, азыр такыр башкамын.

Көргүн менен, ошол күндөр жаш чагым,
Көмүр түстүү каралыгы чачтарым.
Катар өскөн катардагы балдардай,
Китеп алып, окушумду баштадым.

Көргүн менен студенттик кездерим,
Курстан курска көчкөндүгүм сезбедим.
Көтөрүлүп завуч анан директор,
Кадыр алып, баркын алып тездедим.

Көргүн менен,ошол өткөн күндөрүм,
Кееде таңшып, кееде шаңшып үндөрүм.
Күндөр өтүп, жылдар өтүп узагып,
Калды алыстап жайнап өскөн гүлдөрүм.

Көргүн менен, азыр кантип басканым,
Көргүн азыр өңү-түсүм чачтарым.
Көчө бойлоп , эркин ойноо учурум,
Келгим келбейт такыр алыс таштагым.

Караныма куштар болуп жетпеген,
Калыптырго карбаластап жаштагым.
Канткен менен көздөн алыс кетпеди,
Кайран жаштык, кайран учур баштагым.

*26-январь 2013-жыл*

## ЖОЛУГААР ЖЕРГЕ

Тиктешиң сенин башкача,
Тургандай көңүл таптаза.
Болгудай эмес таптакыр,
Тер чачып көңүл ачпаса.

Жалооруйт сенин тиктешиң,
Жолуксак эгер кеч бешим.
Жанында болуп чырагым,
Жакшыго алыс кетпешим.

Жол бойлоп күтүп аласын,
Жалооруп күйүп жанасын.
Жанымдан кетпе дегенсип,
Жалпаңдап неге каласын.

Жалдырап тиктеп каласын,
Жаштыгың бардай баласын.
Жаркылдап жанган келинчек,
Жактырам мага жагасын.
Жолуңду табам деп жүрөм,
Жолугаар жерге барасын.

*28-январь 2013-жыл*

## ЫРЛАРЫМ МЕНИН ЫРЛАРЫМ

Түн уйкумду келтирбей,
Ойготуп чыгат ырларым.
Түш мезгилде чакырып,
Толгонтуп чыгат ырларым.

Таңкы чолпон жылдыздай,
Жаркырап чыгат ырларым.
Тескери жумуш кылгызбай,
Текшерип турат ырларым.

Көчөгө чыксам кыдырып,
Жолумду тосот ырларым.
Колумду кармап жалдырап,
Ойумду кошот ырларым.

Жактырып мени кучактап,
Жакындап жүрөт ырларым.
Жакынбы алыс үч аттап,
Закымдап жетет ырларым.

Коротпой кыпын күкүмүн,
Колтуктап жүрөм ырларым.
Караңгы дебей үкүнүн,
Көзүндөй көрөм ырларым.

*26-январь 2013-жыл*

## МЕНИН БАКТЫМ

Менин бактым, ташка тамга баскандай,
Менин бактым, тее тетиги асмандай.
Менин бактым, балдарымда турбайбы,
Менин бактым, Бурулумдай ак маңдай.

Менин бактым, Ала-Тоо таң аткандай,
Менин бактым, уул төрөлүп жаткандай.
Менин бактым, өмүрлүккө жаралып,
Менин бактым,  мал эмес го саткандай.

Менин бактым, булбул сайрап жаткандай,
Менин бактым, алтын казып тапкандай.
Менин бактым, үй-бүлөмдө жеримде,
Менин бактым, кармап калгам капкандай.

Менин бактым, сүйүү балын таткандай,
Менин бактым, суктанаарлык акмаңдай.
Менин бактым, көөнөрбөгөн эскирбес,
Менин бактым, ыр жараткан ак таңдай.

Менин бактым, эл жериме жаккандай,
Менин бактым, булак суусу аккандай.

Менин бактым, канаат берип өзүнө,
Менин бактым, жүрө турган мактанбай.
*26-январь 2013-жыл*

## БАСКАНЫМА СҮЙҮНӨМ

Басканыма, турганыма сүйүнөм,
Булут болуп түтүн чыкса үйүмөн.
Бир сүйүнөм от жакканга сүйүнөм,
Буркуратып чаң чыгарбай күлүнөн.

Эрте туруп уйкусурап ойгонуп,
Эшик элик, тириликке ой болуп.
Эки жакты карамалап кармалап,
Эрмек кылам ыр жазууну ойлонуп.

Элибизде чакырылса той болуп,
Тоскоолу жок туруп калбай ойлонуп.
Эрмектешип, ээрчитип досторду,
Кете берем жаш баладай ойнолуп.

Ушул күндөн айырбаса экен дейм,
Кудайымдан өмүр берсе бекем дейм.
Кокусунан ооруп калсам сыркоолоп,
Учурунда дарыланып бекемдейм.
*4-февраль 2013-жыл*

## ДУЛДУЙБА БАЛАМ ТУЛТУЙБА

Ээ балам болбо дулдуйма,
Эркеле бирок дулдуйба.
Шартылдап өскүн шамдагай,
Шар аккан суудай ылдыйга.

Ээ балам жангын жалындай,
Эби жок санаа жамынбай.
Эңкейбе жерге былтыйып,
Энекең кылган камырдай.

Адамга тикте ачылып,
Жадырап күндөй чачылып.
Арасат ойго калтырбай,
Ачынып сүйлө ачынып.

Көчөдө баспа култуйуп,
Күлмүңдөп кара мултуйуп.
Көркөмүң калат бузулуп,
Койбостон жүрсөң тултуйуп.

Жооп берип тикте тултуйба,
Жоготкун кыял тултуйма.
Жарашпайт эркек балага,
Жосунсуз жорук бир кыйла.

*7-фефраль 2013-жыл*

## СЕРЕПЧИ

Серепчи дечи серепчи,
Эл үчүн зарык.
Дарекчи
Эгерде талап күчөсө,
Бурмалап табат
Керекти.
Карагай мунуң
Деп койот,
Көрсө да көзү
Теректи.
Айтканы туура
болбойбу

Көргөндөй көрүп
дарекчи.
Буларды дагы паралап,
Ортолоп акча
Желетпи.
Өзүңдү койот
Жат кылып,
Өзүм деп өзгө элетти.
Жакшылап мактап,
киришип.
Жамынтат чапан
Желекти.
Акыйкат айтып
Турбаса,
Серепчи бизге
Керекпи.

*8-февраль  2013-жыл*

**УЧА БЕРГИН**

*Кыргыз учактарына*

Кудай колдоп жасаганбы болтуруп,
Күтүп алып, жүздөй адам толтуруп.
Куштай сызып учуп чыгып асманга,
Кайра конот бир заматта олтуруп.

Карап турсаң калдаңдаган куш болуп,
Конот, учат коноргого туш болуп.
Каттап турат уйгу-туйгу учушуп,
Кайра-кайра креслосу жык толуп.

Кыймылдабай, кылтыңдабай жылганы,
Кадимкидей билинбестен ылдамы.
Кылдат байкап суусундуктан куйушат,
Кылтылдашып кыргызымдын кыздары.

Уча бергин учактары кыргыздын,
Учурундай жарык чачкан жылдыздын.
Урма-турма алыс-жакын кыдырып,
Урматталып уул-кыздарың кыргызың.

*10-февраль 2013-жыл*

## ЖАЗДЫ ЫРДЫ

Жазды ырды Жаныбектин бармагы,
Жөлөйбү деп Алыкулдун арбагы.
Жөпжөнөкөй жумушчунун баласы,
Жолго чыгып, калем сапты кармады.

Мугалимдик болгон эмгек тармагы,
Молдокемдин тиеби деп жардамы.
Мени колдоп кетсе экен деп тилеймин,
Мен көрбөгөн көсөмдөрдүн арбагы.

Максатым бар, тилегим бар алдагы,
Кудай колдоп ыр чыгарды чал дагы.
Кыргызымдын акындары жактырып,
Тиеби дейм ошолордун жардамы.

Жазгым келет көпчүлүк ,көп акындай,
Жүрсөмбү дейм, аста секин акырлай.
Жүрөгүмдү көп ойлонгон ойлорду,
Жазып жүрөм,жардам күтүп чакырбай.

Болбосом да Алыкулдай, Барпыдай,
Болсомбу дейм ыр баянын калпымай.
Берген өмүр бергенинче урунуп,
Белек кылып таштап кетем калкымай.

*9-февраль 2013-жыл*

## ЫР ЖАРАТУУ

*Менин ойум*

Толгоносун, толготосун тогуз мүнөт, тогуз ай,
Токтолобу, жок болобу эл сынына толубай.
Талбай меенет тартмайынча жаралабайт,
Толкуп жүрөк, бармак басым жоорубай.

Төрөлсө да турса дейсин соолубай,
Тагдырынан таза болуп оорубай.
Тилек кылып меенетиңе күйүнүп,
Тартпаса деп азап чегип оорунбай.

Табылгандай жоготконуң жолугуп,
Тартынбастан окушсун деп корунбай.
Табигаттын таасиринен жаралып,
Тынч аласың чыккан болсо ойуңдай.

Ыр жаратуу эңкейиш түз жол эмес,
Ыргып кетсе кармап калчуу кол эмес.
Кудай берген түйшүгү көп тубаса,
Капка салган бышып калган дан эмес.

*12-февраль 2013-жыл*

## ЧЫНДЫК КИМ

Чындык ким, чыгы чыккан ачуу эмес,
Чычалап айтканынан качуу эмес.
Чык кылып туздуу сууну куйуштуруп,
Чымындай калың элге чачуу эмес.

Чындык ким,ийри бутак чырпык эмес,
Чыркырап чычаңдаган былтык эмес.
Чыкчыйып, жалтаңдабай чын сүйлөгөн,
Шылкыйып баса албаган кынтык эмес.

Чындык ким, жүзү кара мерез эмес,
Чак түштө чаң чыгарган күрөз эмес.
Чалкалап, жата калып бузуп турган,
Чапкылап, чаташтырган мүнөз эмес.

Чындык ким ийилсе да сынык эмес,
Ак ишти каралаган былык эмес.
Айлантып жүзүн буруп жанын жеген,
Ак пейил жалганчыга сылык эмес.

Чындык ким, жайдын күнкү ачык асман,
Жашырган жаман ишти ачып тапкан.
Жарашпай, окшошпогон куйсупурга,
Жат болуп, жазалоону кызып тапкан.
Жанын жеп жан талпазын кылгандарга,
Чок кылып, чындык сөзүн жазып жаткан.

*18-февраль 2013-жыл*

## ЖАЗАТ ЭМКИ КИТЕБИМ

Тууган-урук тура тургун шашылбай,
Турат али көптөгөн ыр жазылбай.
Турсам аман чыгып калаар жаркырап,
Туш келтирсе, келген мезгил жазындай.

Туура сөздү айткым келет ашырбай,
Туш келтирип ооз көптүрүп ашынбай.
Терип жазып, тандап койдум эмкиге,
Таасири бар турмуш жолун жашырбай.

Тергим келип жазгы ачылган гүлдөрдү,
Таалим кылып таасири бар күндөрдү.
Татаал жазып катаал жазып ырыма,
Токтоткомун токтоо берип күлгөндү.

Уйку көрбөй өтөп жатып түндөрдү,
Ушул жылга үйүп-жыйып жүргөндү.
Улаштырып жамап-жаскап чогултуп,
Урунсам деп жаңылантып күрмөмдү.

Жаздым окшойт жаштыгымды күндөрдү,
Жараштырып жазгы, жайкы гүлдөрдү.
Жармаштырып жаза берет көрүнөм,
Жарыгын да, караңгылык түндөрдү.
Жашым келип жетимишке жеткиче,
Жазат окшойм сүйүнгөндү, күлгөндү.

*11-февраль 2013-жыл*

## КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯНЫМ

Артымды келип карагым,
Архивдин ачып барагын.
Алтыдан өтүп жетиге,
Окушка жетип жарадым.

Окудум жапыс мектепте,
Окумуш болуп эптетме.
Отурсам ойдон кетпеген,
Ошол күн калды эстетме.

Томпойгон толук бала элем,
Тарбия берип таенем.
Таасирин алып тагамдын,
Тартиптүү шашпай жай элем.

Шоктонуп шоктук кылбагам,
Шериктеш теңтуш кылдагам.
Шарактап ойноп жүрүштүн,
Шарты бар эле кыйладан.

Он бирди бүтүп аттандым,
Аскерге бардым катталдым.
Ал жерде жакшы кызматтап,
Аябай чексиз макталдым.

Жаштык кез кандай солкулдак,
Жамалы жанып солкулдап.
Жаныма сүрдөп келе албай,
Жаш кыздар турчуу толкундап.

Көптөрүн көздөп көргөмүн,
Көбүнө көңүл бөлбөдүм.
Кыйшактап кыйшак жүргөнгө,
Койбоптур менде жөндөмүм.

Турмуштун жолун баштадым,
Туш келди калды баштагым.
Топ кыздар менен жүрүштү,
Токтоттум такыр таштадым.

Балдарды бактым чоңойттум,
Бактылуу жашап зоройттум.
Балдардан көрүп небере,
Жетелеп жүрүп торойттум.

Акыры калдым картайып,
Ал күчүм кетип жантайып.
Алладан тилеп өтүнөм,
Арадан өтсө канча айып.
Армандуу турам кыйалбай,
Артымды карап кылчайып.

*15-февраль 2013-жыл*

## КҮТКӨН ЖАМАН

Келем деген , келет деген кезигет,
Кайра-кайра келеер болду кези деп.
Улам-улам карай берип үңүлүп,
Күткөн сайын күйпүчүктөп эзилет.

## КЕП ЧЫНДЫКТАН БУЗУЛБАЙТ

Жалган сөздөр аары учкандай ызылдайт,
Жан кейитип жүрөк эзип тызылдайт.
Жакшылыкпы, жамандыкпы эч качан,
Жапа чегип кеп чындыктан бузулбайт.

Жалган пикир жарашпайтда окшошпойт,
Жанын жешип жамачылап кош-кошпойт.
Жаралгандан ак карасы аралаш,
Жалган менен чындык бирге достошпойт.

Жалган сөздөр тизмектешип бирикпейт,
Жок нерсени көрдүм эле тирик дейт,
Ак караны алмаштырып апыртса,
Аркасынан чындык келип иликтейт.

Жалган иштер жарытылуу угулбайт,
Жакшылыка, жакшы жакка бурулубайт.
Жалганчыга, алдамчыга ишенбе,
Жан турмушта кеп чындыктан бузулбайт.

*24-фераль 2013-жыл.*

## ЭЗЕЛКИ КЕП

Буту тайтак,
жакшылыгы азыраак.
Болоор болбос,
ишке калат  азынап.
Бийлик тийсе,
эгер анын колуна,
Бир чекеден
чыкмак сөгүп жазалап.

Жерди тиктеп,
сүйлөгөндө сөзүндө.
Жакшылыкты
байкоо бербей көзүндө.
Жарашпаган
кыялы бар кетпеген,
Жактырбаган
Мүнөзү бар жүзүндө.

Тымпыйганды
тынч бул экен дебегин,
Тынып калып
берет сага кезегин.
Тырышкандан
тырышы бар өнөкөт,
Эсеп кылат
эски берген тезегин.
Сүрүштүрүп
айткым келип дегеним,
Эскилердин
айткан уңгу өзөгүн.
Эмкилерге
Насаат сөз деп сеземин.

*24-февраль 2013-жыл.*

## АРЫК ЭЛЕМ

*Чабылбаган арыктарга*

Арык элем арбак болбой семирдим,
Арыктадым азабынан темирдин.
Аралабай кетмен, күрөк чабылбай,
Акпай калды суусу кургап жеримдин.

Арык элем семиз толук болупмун,
Акыр-чикир, топуракка толупмун.
Айыл ичин көрктөндүрүп акчы элем,
Аңыраңдап аккан суум жок соолупмун.

Адыр, бакты аралабай соолупмун,
Айраң болом кайран кезге жолуктум.
Ара жолдо кала бербей калкымда,
Ашып-ташып аккым келип оолуктум.

Арык бойлоп, суулар толуп акчы эле,
Адам затын азыктантып бакчы эле.
Ар бир адам өздөрүнүн туш-тушун,
Аянбастан ар бир өзү чапчы эле.

*21 март 2013-жыл*

## БИР ДОСУМДУН ОЙЛОРУ

Арманы бар, айтпайт бирок ачылып,
Азыр келет эстеп көрсө ачыгып.
Абайлабай айткандарын укпаган,
Аппак таза тез ойлонуп чачылып.

Аттиң кылат адам го деп ойлогон,
Аппак таңды уйку көрбөй ойногон.
Арманы бар, акылы бар деп билип,
Ал күндөрдө кой дегенге койбогон.

Азыр деле таң аттыра ойлогон,
Ак пейилден бирге басып жойлогон.
Адашканын алмаштырып койо албай,
Арманы бар кой дегенде койбогон.
Алсыз болуп адам баскан жолуна,
Айла таппай бул жашоого тойбогон.

*14-март 2013-жыл*

## БИРӨӨ МЕНЕН

Бирөө менен таттуу келет сүйлөшкүң,
Бирөө менен такыр келбейт үндөшкүң.
Бакылдашып баарлашуунун оордуна,
Бир болгондой, бир жашаган күндөштүн.

Бирөө менен баскың келет бакылдап,
Бирөө менен тургуң келбейт жакындап.
Бак ичине келип конгон сагызган,
Баш оорутуп сайрагандай шакылдап.

Бирөө менен болгуң келет кошуна,
Бирөөлөрдүн уккуң келбей доошуна.
Бара берип жадатат деп деп киргизбей,
Барымталап, кашаа тутуп тосууга.

Бирөө менен жолуксам деп кучактап,
Бирөөлөрүң жолуң тосот ушактап.
Басса-турса жалган сөзүн сүйлөсө,
Бирге болбой качкың келет узактап.

Бирөө менен сүйлөшсөм деп ээзилип,
Бирөөлөрдүн жаман жагы сезилип.
Бара-бара көңүл чөгүп качасын,
Бат-бат эле жолугушпай кезигип.

*10-март 2013-жыл*

## КЕРЕГЕМЕ АЙТАМЫН

Ээ Сонайым ден соолугуң ойлогун,
Ээ жаа бербей тегеле көп ойнодуң.
Эсиң билбей, ичкиликти көп ичип,
Эркин болуп ээнбаштыкка тойбодуң.

Ээ Канайым, катуу чыктың ойнодуң,
Эмдигиче эркелигин койбодуң.
Энең менен атаң айтса укпастан,
Энтелеген өзгөрбөптүр ойлоруң.

Ээ Даткайым, түгөнбөдү тойлоруң,
Ээ дегенде жетеледиң койлоруң.
Эки жакта айыл, апаң түгөнбөй,
Эрте күнбү, же кеч дебей ойнодуң.

Ээ айымдар үй-бүлөнүн кутусун,
Эркин баскан балдарымдын бутусун.
Эркелешип,эзилишип,сырдашкан,
Эрк силерде эркин басып учушум.
Эмки сөзүм эсте болсо экен деп,
Эсиң менен үй-жайыңды тутушуң.

*8-март 2013-жыл*

## БИР СЕН ҮЧҮН

*Кыялданып элестөө.*

Бир сен үчүн баскым келет койкойуп,
Бала бойдон олдоксонбой компойуп.
Белди бүгүп чычаладай арбайбай,
Болгум келет, жүргүм келет монтойуп.

Бир сен үчүн картайбастан жүргүм бар,
Бирге басып,көңүл ачып күлгүм бар.

Баштагыдай баркың болсо эрк болсо,
Башын ийкеп, жанда жүрсө күлгүн жар.

Бир сен үчүн он  сегиз жаш болгум бар,
Баягыдай күч кубатка толгум бар.
Бак ичинде бажырайтып көзүңдү,
Бек кучактап кумарыңа тойгум бар.

Бир сен үчүн такыр башка болгум бар,
Балалыктай бек кандырып бой кумар.
Берип койсо отуз жашты кайтарып,
Бардык шартка маакул болуп койгум бар.

*2-апрель 2013-жыл*

## КЫЯЛДАНУУ

Жараткан жашоо башкача болуп,
Жаралган бойдон он бешке толуп.
Жаш болуп,жашап өмүруң өтпөй,
Жарашаар өмүр кетпесе соолуп.

Кайран кез гана карыбас болуп,
Кайраттан кетпей арыбас болуп.
Кабак-каш бүркөп, кабагы түшпөй,
Капалык ишти таанмыбас болуп.

Мезгилиң өтпөй сулуулук болсо,
Менменсип кетпей улуулук болсо.
Мемиреп таза мамиле кыльтп,
Менде да сенде жылуулук болсо.

Жалтанбай жаштык жаңылбас болсо,
Жаркылдап маанай жарылбас болсо.
Жарашып жашоо, телегей тегиз,
Жамандык ишке кабылбас болсо.
Жашоонун баркын бааласак, билсек,
Жаштык кез кетпей табылбас болсо.

## КЫЗДАРГА СЫН

Тапкандарын тыштап коюп бетине,
Тар шым, кофта кийип алып этине.
Ийри-буйру жылан болуп сойлошуп,
Илкип шилтеп кадам бөлүп экиге.

Аппак крем абдан шыбап бетине,
Киндик жагын ачык койуш чеки ээ.
Эрте басып,эрке басып көчөдө,
Эми зорго чыккан өңдүү жетиге.

Кыска юбка жармаштырып этине,
Кыйналгансып элдин басып четине.
Карап турсаң кандай чыгаар экен деп,
Катар-катар бийик тепкич секиге.

Эриндерин эринбестен кызарткан,
Эпсиз узун сумка боосун узарткан.
Эр жигиттин көзү түшүп эндиреп,
Эстен кетип, эби кетип көз арткан.

Кандай максат ой койгону ичине,
Келечек деп ойлонобу кичине.
Карап көрсөң, көңүл бөлсөң жакшылап,
Качан болсо щңтка тийбейт тишине.

Көптү көрүп, көпкө чейин ойлонуп,
Көңүл кетип каласын бир ой болуп.
Катар жүргөн баарын тегиз дебейсин,
Көчөдөгү көөдөнү бош бой болуп.
Келин кылып алсам мага болоор деп,
Кечиктирбей эртелетип той болуп.

## БИРӨӨНҮ КӨРӨМ

Сенде да барбы үй-бүлө,
Сенделип кирбей үйүнө.
Саар өтүп көрөм мастыгың,
Зарыгың бардай күнүгө.

Сенин да бардыр балдарың,
Сезишеер кирип барганың.
Түш өтсөм деле көрөмүн,
Кыйшайып басып калганың.

Адашкан түсүң өңдөн го,
Айылың такыр көнгөн го.
Адашып басып калыпсың,
Арактан тапкан жөндөм го.

Кечкисин өтсөм оолугуп,
Калбайсын экен соолугуп.
Калтаңдап кээде кыйкырып,
Калгандай катуу буулугуп.

Карабай такыр өзүңдү,
Калтырбай ичип уулугуп.
Койкойгон кайран жаштыкты,
Койупсун кыйнап уу кылып.

*13-апрель 2013-жыл*

## БАСЫП ЧЫКЧУУ ЖҮГҮРҮП

Балалыкта басып чыкчуум жүгүрүп,
Болбой калып ошондогу жүгүрүк.
Беш тепкичти тепкенимде кыйналып,
Бел кеткенин ойлоп калып түңүлүп.

Бара-бара баштан өткөн жүгүрүк,
Башын кашып калган тура жүгүнүп.
Болуптур деп баш ийгениң болбосо,
Башка жол жок үмүт үзүп түңүлүп.

Беш этажды беш мүнөттө багынтып,
Баскан күндөр кеткен тура сагынтып.
Баякы күч алы кетип калганы,
Бүгүн турат, моюн сунуп жагынтып.

Бел оорубай, бут оорубай сүйүнүп,
Бир,эки жүз жүк көтөрүп үйүлтүп.
Беш этажга чыксам деле таптакыр,
Буту колду койчу эмесмин бүгүлтүп.

Баякы күч кеткен тура түңүлтүп,
Бутум ооруйт чыксам түшпөй жүгүртүп.
Байкабастан баркын билбей жаштыктын,
Билдим эми турган кезде бүгүлтүп.
Баары кетип, кайра келбейт экен го,
Болдучу деп башын ийип жүгүнтүп.

*20-апрель 2013-жыл*

## АЙТЫЛЫП КАЛААР АРТЫМДА

Ал күчтөн кетип тайганмын,
Аркансыз, жипсиз байландым.
Алтымыш ашып жетимиш,
Абалын таппайм айламдын.

Айлымды сүйүп айландым,
Азыркы Жийде жайданмын.
Абийир, кадыр сактаган,
Аксакал соту шайландым.

Талаага эгин айдагам,
Таң күнү иштен тайбагам.
Талыдым күчтөн бошошуп,
Талаалап чыкпай жай барам.

Талантым күчтүү ойлосом,
Тарткылап оюн ойносом.
Таарынган сымал болчу элем,
Тутканым бүтүп койбосом.

Темирди кармап оңдосом,
Тактаны сыйпап жонбосом.
Тамакты татчы эмесмин,
Тактыкта таамай болбосом.

Жеңиштүү иштеп жеңгенмин,
Жетектеп мектеп келгенмин.
Жетимиш өнөр аз болуп,
Жергеме кызмат бергенмин.

Татыктуу иштеп келгенмин,
Тарбия, таалим бергенмин.
Таамайлап даана тийгизген,
Таланттуу болгон мергенмин.

Айтканым калса сакталып,
Азыраак койдум мактанып.
Айтылып калаар элимде,
Абийирим, баркым жакталып.
Арбытып мүмкүн айтышаар,
Артымда ишим такталып.

*21-апрель 2013-жыл*

*Кыргыз Республикасынын Эл артисти*
*Жумамүдүн Шералиевдин жаркын элесине*

## ЖУМАКЕМДИ ЭСКЕРИП
*Жүз жылдыгына карата*

Ким чыгарган жибек чачка обонду,
Кыйыгы жок кошкон эмес боңмду.
Кылым жашап уксам дагы бул ырды,
Кыргызымдын кымызындай тойомбу.

Уккан сайын уккум келет обонду,
Урмат кылып бир гүл десте коңмбу.
Ушул күндө жүз жылдыгың белгилеп,
Унута албай айткым келди бул ойду.

Обондоруң ойдон чыккыс оюлган,
Оштон жаздым кур калбай деп тоюңдан.
Окшоштугу обон менен сөздөрүң,
Оболонуп ашып-ташып боюңдан.

Созулунтуп, созолонтуп ырдадың,
Сөзмө-сөзгө бузулбастан ыргагың.
Сүйүүлөрдүн түпкүрүнөн кабарлап,
Сүртүп өтүп кетти ошол жылдарың.

Кыргызыңа кылым калды кылганың,
Кош дедиң да, кетип колуң булгадың.
Жакшылыктуу сый бере албай тирүүлүк,
Жумаке сен көрдүң аздай жыргалын.

Жаннат болуп төр жагынан оорундап,
Дагы деле келсе керек ырдагың.
Даңкың айтып далай ырчы унутпай,
Эске салаар арта калган жылдарың.
*Жаныбек Мырзаибраимов ардагер Кара-Кулжа*
*району Ош облусу 14 май 2013-жыл*

## ТАМЕКИНИ ТАШТАСАҢ

Тамекини тартпай койсо болбойбу,
Сасык түтүн ден соолукту оңдойбу.
Пайдасынан зыян жагы көп экен,
Өпкө кургап ыш түтүнгө толбойбу.

Сасык түтүн ден соолукту кордойбу,
Зыяндуу деп таштап койсо болбойбу.
Түн ичинде уктабастан ойгонуп,
Түтүн булап баштап калбай сормойду.

Адамдардын арасында аралап,
Сигаретин манжасында салаалап.
Мурчуйгансып тиштеп алып оозуна,
Ак өпкөнүн түсүн буруп каралап.

Зыян экен ден соолукка акчага,
Андан көрө пайдаланып башкага.
Адам деген эки жолу жаралбайт,
Абдан пайда чекпегениң жашка да.
Эгер азыр чегип жүрсөң түшүнүп,
Эрте кечте кыйналбастан ташта да.

*16-май 2013-жыл*

## ОШОЛ КҮНДӨР ЭСТЕДИМ

Тагдырыма тартууланган мектебим,
Мен силерге таштап алыс кетпедим.
Өмүрүмдүн өлчөө жашын өткөрүп,
Өзгөчөлөп , жасап түзөп кеткемин.

Өзүңөрдү көрүп туруп сүйүнүп,
Ошол мезгил, өткөн күндөр эстедим.

Бул мектептин далай бурчун тепседим,
Азыр мына картайганмын кексемин.

Кыйынчылык канча болуп өтсө да,
Кыйкырышып жакшы жаман дешпедим.
Кадимкидей көз алдыман кетирбей,
Кайран мезгил ошол күндөр эстедим.

Көп өткөрдүм түн күзөткөн кечтерин,
Куп азабын тарткан элем печкенин.
Коллективдин түшүнбөгөн жактарын,
Кыйналсам да жалгыз өзүм чечкемин.

Кырк жыл ашык иштеп коюп өзүңдө,
Картайсам да мына бүгүн эстедим.
Аштым жашап, алтымыш жаш бештемин,
Аянбастан абдан тынбай иштедим.

Алып насаат уга турган болсоңор,
Ата-энеңдин баккан күнүн эстегин.
Акырында бүтүрүүчү салтанат,
Ак тойуңар ардакталып кечтериң.

Алдыңарда кандай болсо ой пикир,
Ак көңүлдөн каалоом болот жеткениң.
Адал иштеп ак эмгектен элиңе,
Абдан тилейм аруу кызмат этткениң.
Агайыңар айткан сөзүн уксаңар,
Алгыла деп акыл айткан кептерин.

*25-май 2013-жыл Жийде айылы,*
*Жийде орто мектеби*

## ОРУС КЕЛИН

*Тамаша азил*

Куда деди, мен жакка алыс кетем,
Кудай берсе мен сеники алып кетем.
Самалето учуп барып анан кийин,
Салдым менчик, мерседеске салып кетем.

Ты старик деп койду да ары карап,
Токтой турчу, эми көр деп чачты тарап.
Деп айтканча жылмайынкы күлүп коюп,
Да я барып, турамынбы ишке жарап.

Орус келин, суп сулуу, сулуу экен,
Ойкуштап ыманы бар жылуу экен.
Пажалуйста садись деди отургучка,
Менимче сый-сыпатты кылуу экен.

*30-май Москва шаары Метродо*

## КӨЗ ИРМЕМДЕ

Көз ирмемде не жумуштар болбосун,
Кудай өзү оң жол берип колдосун.
Капилеттен катаал ишке кабылып,
Кайран өмүр муз ородо тоңбосун.

Көз ирмемде кудай өзү жолдосун,
Көркүң берген гүлдөр өсүп солбосун.
Кара мүртөз ажал келбей кокустан,
Кайрым берип, калыс болсун колдосун.

Көз ирмемде кокустуктан коргосун,
Кара мүртөз каракчылап койбосун.
Карашалап, кайгылантып оорутуп,
Көрсөтпөсүн дары салган торбосун.

Көз ирмелип жабыркабай ачылсын,
Күндүн нуру тегиз тийип чачылсын .
Көңүл чөгүп көлөкөлөп сыркаса,
Көпкө күтпөй , тез арада жазылсын.

Көз ирмемей жабылсын да ачылсын,
Кетсе келбес өмүр кымбат асылсын.
Картайганда кайран өмүр үлпүлдөп,
Качып бозуп,кайда барып жашынсын .
Кылым жашап кор болбостон тагдырга ,
Көз ирмебей кетемин деп шашылсын.

*29-май, 2013-жж*

## ЖАЛГАН СҮЙЛӨП КОЙО АЛБАЙМ

Айдайсыңбы, күндөйсүңбү биле албайм,
Азгырылып башкаларга тил албайм.
Айырмалап аралатып көркөмдөп.
Ак дилимден аша мактап күлө албайм.

Ак көпөлөк , көк көпөлөк боло албайм,
Айырмалап гүдөн гүлгө коно албайм.
Алакчылап бириң бийик, бириң пас,
Алып кошуп же кемсинтип койо албайм.

Ак жүзүмдөн көк түс болуп көнө албайм,
Адамзаттын көзүн көздөп сөгө албайм.
Ак жеримен караланып калсам да ,
Айыбым жок көңүл пастап чөгө албайм.

Ачка туруп жалгандыктан тойо албайм,
Арачалап койгун десе койо албайм .
Албаганды алгамын де дегенге,
Андай ишке такыр макул боло албайм.

Арам малды адалдантып сойо албайм,
Ак чындыкты жалган кылып койо албайм .
Алмаштырып чоңду жасап кичиртип,
Андай шартты үйрөнбөпмүн жойо албайм.

Муздак жерди ыссык жер деп туя албайм,
Мээнет кылып пул тапкандан уялбайм.
Булгап кеткен башкалардын буюмун,
Баш оорутуп, кол жоорутуп койо албайм.

Эчки берип алмаштырып кой албайм,
Эч убакта кошомотчы боло албайм.
Азды берип көптү зордоп суранып,
Аралатып жалган сүйлөп койо албайм.

*28-май, 2013-жж*

## УЙКУДА КӨРГӨН ТҮШҮМДҮ

Качанкы көргөн түш күндү,
Кайталап берди түшүмдү.
Кармалап койдуң колуман,
Кайрылып келген үчүнбү.

Карагат кара көзүңдү,
Көксөгөм укпай сөзүңдү.
Күдөрүң үзбөй эстесең,
Күнөөлүү дебейм өзүңдү.

Көрүнбөй караан үзүлдү,
Күсөдүм самап жүзүңдү.
Түшүмдө эмес өңүмдө,
Түңүлбөй күтөм өзүңдү.

Сагынып айтып сөзүмдү,
Сурмалуу сулуу көзүңдү.
Сукtанып жыттап кумардан,
Сүйкүмдүү сүйүп жүзүңдү.
Сайраган күкүк, сайнектей,
Саргара  күтөм өзүңдү.

*12-май 2013-жыл*

## БАЛДАРЫМА БИР ЧОҢ САРАЙ КУРАЙЫН

Ырдан ылай жасасамбы жуурултуп,
Арасында кынтык калса суурултуп.
Арсар ылай болбосун деп тебелеп,
Аракеттеп бут калгыча туурултуп.

Калпка  салып куйайынчы бышыктап,
Калбайынчы жалкоолонуп кыжыктап.
Кынап бекем үй курулуп калсын деп,
Кургатайын далдоо издеп кычык таап.

Бекем кургап, сынып кетпес куйайын,
Бир кудайдан бекемдигин сурайын.
Баркын билип саратанды жедирип,
Балдарыма бир чоң сарай курайын.

Бийиктигин бийик кылып урайын,
Бир кабаттан эки кабат кылайын.
Абдан бекем туруштукка чыдаган,
Аралатып арматура бурайын.
Адамдардын көздөрүнө кайкытып,
Азыркыдан ашырайын чырайын.

*12-май 2013-жыл*

## КАРЫЛЫК

Кайдан келдиң карбаластап жаңылып,
Көргүм келип  жүрсөм дагы сагынып.
Көрмөсөктөп көкүрөгүн толтуруп,
Кадап алып орден медал тагынып.

Кайдан келдиң аппак чепкен жамынып,
Кайра-кайра кошоматтап жалынып.
Кара сакал,чачы аппак ,бели бош,
Калганым жок, мен өзүңдү сагынып.

Кайдан келдиң этек-жеңиң кагынып,
Колун сунуп, салам айтып жагынып.
Кыйтып басып,кайпалаңдап калп еле,
Күткөнүм жок көргүм келип сагынып.

Кош айтышып,кол беришип койо албай,
Кошо болгон жаштыгыңа тойо албай.
Кылчактанып өтүп кетпей кыйылып,
Карап-карап мурдагыдай боло албай.

Кайпаң-куйпаң этесин го карылык,
Кантмек элең келсе мезгил карылып.
Кадыр берсин ызат берсин эми деп,
Калабыз го жаштыгыңдан арылып.

Карап турса бала-чакаң жабылып,
Канаат алып, издегениң табылып.
Кайрат кылып ден соолугуң бек болсо,
Каласын да жаш кезегиң  сагынып.

*1-октябрь 2012-жыл*

## ЧЫМЫНДАР

Эй чымындар, чоң чымындар, чымындар!
Ээнбаштык келет силер кылгыңар.
Эркиңерче эрке болуп ызылдап,
Эбегейсиз адепсиз иш мунуңар.

Кур калгансып, эрте таңдан ызылдап,
Конгон жериң жан кейитет тызылдап.
Колу, бутуң өмүр бою таза эмес,
Корунабыз конбосо деп бызылдап.

Билип койгун булардын да сорту бар,
Бийик учкан самалетто борту  бар.
Бийик кылып, закон жазат  жаңылап,
Байкап туруп этияттап тосуп ал.

Чымындардын этке конгон сорту бар,
Чыркыратат мына ошондон коркуңар.
Чыкыйгансып сулуу келип конот да,
Чырт эткирип, куртун таштап толтураар.
Чыйрыктырып чыдамыңды кетирип,
Чыр чатакты мына ошолор болтураар.

Чоң чымындын муруту бар уп-узун,
Чаң тийгизбей учуп келет тымызын.
Чачы кара, өңү ала, кашка баш,
Чамалап көр байкай билгин конушун.
Чаккан жери, эмне болот эмне жок,
Чоң чымыкең өзү чегет болушун.

Чымындардын аласында курту бар,
Чымчылаган арасында куйту бар.
Ченеп , бычып этияттап сүйлөгүн,
Чакмак турсун кулптап койоор зулпу бар.
Чыр чатакты чачып, төгүп чыгарып,

Чеке жерде көзөмөлдөп тим тураар.
Чакпагандай, көрбөгөндөй тап такыр,
Чукуп кетип, чокуп кетет  куйтулар.

*12-июль 2013-жыл*

## ЖАТ БОЛОСУН

Жаратканга жарыкчылык бир келет,
Жарашыктуу жакшы жашоо эң керек.
Жарың менен жарык кылып көңүлдү,
Жаштыгыңды оңдоп түзөп эртерээк.

Жакшы турмуш өзү келбейт эртелеп,
Жаман иштер дайым турат желкелеп.
Жай баракат жатып моюн сунбастан,
Жамбаштатып көтөрө чап эртерээк.

Жаман иштер пайлап турат келсе деп,
Жатып алба мойун сунуп темселеп.
Жыргап жашоо куруш үчүн өмүргө,
Жыгач эмес, адамдык парз эрк керек.

Жалаң эле чындык эмес калп керек,
Жаш кезиңден бир туугандык салт керек.
Жараштырып балдарыңды турбасаң,
Жакын болбой алыстыкка алып келет.

Жакын тууган, ортосуна аш керек,
Жакшы болуш өтө кыйын баш керек.
Жаман жакшы бузукулук колдонсо,
Жат болосун бир тууганды тепселеп.

Жарыкчылык өмүрүңө бир келет,
Жанып калгын кечикпестен эртелеп.
Жата берип, күн өткөрүп кечикпей,
Жашоо керек бири-бириңе эркелеп.

Жакшы турмуш жасап алуу өзүңдөн,
Жыргалчылык өзү келбейт темселеп.

*6-июнь 2013-жыл*

## АТ МИНБЕДИМ

Атырылтып атка минип баспадым,
Аралатып адырлуу төр ашпадым.
Арман кылам жетимишке жеткенде,
Аттиңай деп, ат мингенди таштадым.

Аралашып тартып улак чаппадым,
Акча тапсам темирге деп чаптадым.
Аңдап мени, байкап көрүп айтышкан,
Ат мингенде сартка окшоп басканым.

Азыр мына алтымыштан ашкамын,
Арман кылам, улакка бут ашпадым.
Атты минип нак кыргызга окшобой,
Артта калды алдуу күчтүү жаш чагым.

Ат ордуна темир болду чапканым,
Алышканым жыгач темир тапканым.
Ак кагаздын актай жерин калтырбай,
Айлуу түндөр уктап кирпик какпадым.

*6-июнь 2013-жыл*

## ЖАШ ТҮЛКҮЛӨР

Түнкү түлкү,
Күнкү түлкү.
Башкачабы,
Туура сөзгө
Төп келишпейт
Башка жагы.

Түрлөрү бар
айтсам эгер,
башка дагы.
Окшобогон
бири-бирине
Кош тамагы.

Түңкүнүн
өңү түсүн
тааный билбей,
Кимдигин,
кандайлыгын
көзгө илбей.
Кылтылдап
тура берет
билинбестен,
Казандын
тузу ачуу,
суусу кемдей.

Түнкү түлкү
түсү башка
болсо дагы,
Көрүнбөй
көзгө дайым
каш кабагы.
Кадимки
көлкүлдөгөн
көлдөй болуп,
Көрүнөт
көздөрүнө
аш тамагы.

Түлкүнүн
болсо керек
аш табагы,

Көрүнүп
көзгө таамай
жашка дагы.
Кыйытып
кайра-кайра
көздөрүнөн,
Кадимки
кыйылгансып
жаш тамабы.
Жаркырап
жанып
берет өмүрүнө,
Жаш бойдон
кала берип, каш кабагы.

*6-июль 2013-жыл*

## ТАК СҮЙЛӨП

Жалт берип, жабырланып жазганбаймын,
Жаштыгым, карылыгым жазгандаймын.
Жакшылап көңүл бөлсөм сүрөтүмө,
Жаңылбай, жакшы жамак жазгам дайым.

Жакшы эле ой-чукурду казгандаймын,
Жамандык издегенден жазганбаймын.
Жаштыкта толмоч болсом, чырайым бар,
Жаш өтүп, бир аз өңдөн азгандаймын.

Так сүйлөп, таамай сөздөн тайманбаймын,
Тасыккан учкан куштай калдаңдаймын.
Таарыныч болгон болсо тагдырымда,
Тобокел мамилеге алданбаймын.

Тараза тартып көрсө карыгандаймын,
Тартынбайм айткан сөзгө карганбаймын.

Кошулуп кошоматтап ким бирөөчө,
Кол сунуп, конок болуп жалданбаймын.

Өзгөрбөй өз күчүмчө арбаңдаймын,
Өзгөчө өзөк болуп алданбаймын.
Өзүмө өмүр бою кызмат кылып,
Өлгүчө көңүл эргип жайдаңдаймын.
Өмүрлүк жарым турса маңдайымда,
Өзүмдөй балдарым бар тайраңдаймын.

*6-июль 2013-жыл*

## КАЙДАН ЧЫГАТ

Кыздардын кырк чачында улуулук бар,
Кылымдап сактай турган сулуулук бар.
Кылгырып, көзүн кысып карап койсо,
Кышында жай чилдедей жылуулук бар.

Жармашып магниттей тартылуу бар,
Жар кылып алсамбы деп, алпуруу бар.
Жакшы эле турмуш куруп, жашап жүрүп,
Жактырбай ара жолдо калтыруу бар.

Турмуштун ыссыгы бар, салкыны бар,
Туздун да ачуусу бар, татымы бар.
Туткасы бекеринен аял дебейт,
Тушалып тутуп калат акылы бар.

Таарыныч кедейликтен байдан чыгат,
Тартылыш, жетишпеген чайдан чыгат.
Талкалап, идиш-аяк сындырылып,
Тирешүү арак ичкен жайдан чыгат.

Сулуулук суктандырып кайдан чыгат,
Суйкайып түн жарыткан айдан чыгат.

Кылтылдап кыз кезинде баары жакшы,
Кыйналып жаман катын кайдан чыгат.
Кадырлап кадырына жетпегендер,
Кайрылгыс кыз мезгилин бузуп тынат.

*7-июль 2013-жыл*

## СЕН БОЛГУН

Саар, кеч туруп, сасык жыттан сак болгун,
Саатын билип, минут, секунт так болгун.
Сабыр кылып, теңелемин дебестен,
Сары түстөн, кара түстөн ак болгун.

Качан болсо оң тараптуу жак болгун,
Карагайдай түз өстүргөн шак болгун.
Кара жыгач, зараң тикен болбостон,
Калың өскөн мөмөсү мол бак болгун.

Сапар тартсаң сагызгандай сак болгун,
Сабыр кылып сарамжалдуу ток болгун.
Сапырылган саман болуп чачылбай,
Салтты кармап санжыргалуу шок болгун.

Шыралжындай шыңга бойлуу чак болгун,
Шыпылдаган бирок эстүү так болгун.
Шылуунмун деп ууру чөнтөк кескичке,
Шар сүйлөгөн, чечкиндүүлүк сот болгун.
Ачып-кычып арак жакка жолобой,
Акыл калчап, аң сезимдүү токтолгун.

*9-июль 2013-жыл*

## ИТ КЫЯЛ

Билесинби кандай болот ит кыял,
Билип туруп, билиндирбей былтыйаар.
үн чыгарбай, үрөйү бар ырсайып,
үрүп калмай кошоматтап кыйкыраар.

Ылдый карай, жерди карай, тиш кыяр,
Ырайымсыз кыялы бар кылтыяр.
Ишенбегин иши кылып итиңе,
Илип  кетип, жулуп кетип тымпыйаар.

Ооба дейсин ар кимде бар ыктыяр,
Ошту  карап, төштү  карап зыңкыяр.
Ойлонбостон ойду кырды сүйлөсө,
Оозго берсең доошу чыкпай кынтыяр.

Жакшы дебейм, жакпайт мага ит кыял,
Жаралгандан болсо кыял, ким тыяр.
Жакын болбо, жатып көнбө ит менен,
Жамбашыңды жыртып тиштеп дыңкыйаар.
Жеп ичсе да кошо жүрүп барабар,
Жебедим деп билгизбестен былтыйаар.

*8-июль 2013-жыл*

## ТЕРС КЫЯЛ

Кимдер билип, кимдер билбейт терс кыял,
Кимде  кандай пейил болуш ыктыяр.
Картайганда мизи мокоп ийилип,
Калыстыкта болуп калып тымпыяр.

Деп ойлогон көп ойлогон жакшылар,
Дайым эле терс болбостон жакшыраар.
Токтонгун деп, акыл айтып сүйлөсөң,

Такыр ой жок капарына калтыраар.
Тоңкулдаган добушунан жазбастан,
Тосуп чыгат сөзү калбай айтылаар.

Көңүл бөлүп буга неге кайрылдым,
Кыйноо тартып, кадырыма кайгырдым.
Кыялына куп келишип ыраңы,
Өз теңелбей, сөз теңелет кайбырдын.
Өлүп кет деп өмүр бою өнүкпө,
Каргап шилеп көңүлүмдү жай кылдым.

*6-июль 2013-жыл*

## КЕТЕМ ТАШТАП

Кетем таштап үйүмдү да жайымды,
Кетем таштап үйлөп ичкен чайымды.
Кайсы күнү, кайсы жылын билбеймин,
Качан экен, кыштагыбы жайдагыбы айыңды.

Калтырамын карап күткөн малымды,
Калтырамын эски кийим жаңымды.
Кайсы мезгил түнкүсүбү , күнүбү,
Кайдан билем качан кетеер маалымды.

Таштап кетем кошуп элге салымды,
Таштап кетем түтөгөн от жалынды.
Талаадагы үлүш эккен арендам,
Тандап алган токойдогу багымды.

Калтырамын жакшы жашоо жүргөнүм,
Калтырам деп ырлар жазып жүргөмүн.
Караңгыны жарык кылып жаркырап,
Капа болбой көңүл ачык күлгөмүн.
Кайырлашып калып калаар артымда,
Качанкы бир бирге өскөн гүлдөрүм.

*7-август 2013-жыл*

## ИШКЕР ДЕГЕН

Ишкер деген ишмер деген түшүнүк,
Иштей  билсең ишти билип түшүнүп.
Илгертеден ишкер адам бай болгон,
Ишеничтүү базар баасын түшүрүп.

Ишкерликтин кесиби жок бөлүнгөн,
Ишкер болот, иштей билсе көрүнгөн.
Интелегент, карапайым, жумушчу,
Ишкер уста колдон көөрү төгүлгөн.

Ишти билет чекеден тер төгүлгөн,
Ишкер эмес, ишти билбей сөгүнгөн.
Иш кылганды жаман көрүп көчөдө,
Ичкиликке өзүн билбей көмүлгөн.

Эгемендик эркин заман тушунда,
Эй туугандар, убактыңды учурба.
Эртели кеч иштин жетип көзүнө,
Эмгегиңди эркин баала учурга.

Каалагандай катууланып иштесең,
Кандай сонун, кантын чагып тиштесең.
Кайран күндү бекер өтүп кетпе деп,
Кайрат барда, кубат барда иш десең.

Жылды айтып ишкерликтин жылы деп,
Жогор жактан сунушталып жылуу кеп.
Жатып калбай жамбашталбай таянып,
Жактыралы жапырт туруп белгилеп.
Жарашат го элибизге ошондо,
Жакшы турмуш ырыс дөөлөт келди деп.

*12-август 2013-жыл*

## АРДАКТА ГҮЛҮҢ АРДАКТА

Адамдын болбойт күнөөсү,
Ар башка бирок мүнөзү.
Аял зат асыл жаралып,
Айарлай турган гүл өзү.

Айрыкча сулуу бул өзү,
Аябай жоктой күнөөсү.
Адашып кетээр жагы бар,
Алдастап катса бирөөсү.

Ардактап сүйсө күйөөсү,
Азгырып кетсе бирөөсү.
Аялдын аял аты бар,
Абайлай билгин бүлөөсү.

Ар түрдүү гүлдөйт гүл өзү,
Ачылат жыттуу бирөөсү.
Айрымы тикен сайгылап,
Аттиң ай ошол күнөөсү.

Айрымдар гүлүн бек сактайт,
Амандан башка эч жакпайт.
Аа бирок чыкса шамалга,
Ашынып сүйлөп алжактайт.

Ардакта гүлүң ардакта,
Арам ой жанга карматпа.
Ачылып турган кезинде,
Алдырып үзүп тандатпа.
Ал эмес караан карага,
Адашып калып жандатпа.

*6-август 2013-жыл*

## БАРКЫН БИЛГИН

Баркын билгин баа жетпеген өмүрдүн,
Байкай жүргүн калтырбаска көңүлдүн.
Байлык менен өмүрүңдү теңебе,
Бир күйгүзүп өчүгүндөй көмүрдүн.

Билгин барктап ата-эненин көңүлүн,
Билсең байкап көркү болот төрүңүн.
Билинбестен өмүр кетет сезилбей,
Берип жүрүп балдарына өмүрүн.

Бергин байкап суу жылытып чөгүнүң,
Билип сүйлө жакшы жаман төгүнүн.
Бирге басып бирге жүрүп кадырлап,
Баасын билип алып жүргүн көңүлүн.

Бийигинен оорун бергин сөрүнүн,
Билиндирбей кенен каздыр көрүнүн.
Бейиш-төргө узатканча ата-энең,
Бар кезинде жерден алгын жеңилин.
Байкуш булар бир келет да бир кетет,
Баркын билип атам энем дегиниң.

*10-август 2018-жыл*

## АРАК АНДАН КАЧСА ДА

Уул,кыздарың умтулушса турмушка,
Уят барбы айткылачы кыргызда.
Уктап жатса мастыгынан жазылбай,
Уул кыздарын уят кылып кыргызга.

Уурулукча арак издейт тургузса,
Ууртунан чала сүйлөп кыргызча.

Унутпастан арак деген тамганы,
Утуп алган, сатып алган турмушка.

Колун сунуп, кучак жайып жылдызга,
Куда келип турса дагы чоң кызга.
Кылжыңдаган кылыгынан өзгөрбөй,
Кандай болду кайдыгерлик турмушка.

Торпок сойуш тажияда кыргызда,
Тойуп алып сөз келтирип кыргызга.
Тайтуң-туйтуң сүйлөп тойдо жүргөнсүп,
Темселенип нее жаралдың турмушка.

Урмат кылбайт улууларды чогууда,
Утурлабайт улуу сөзүн угууга.
Улугандай улам-улам кыйкырып,
Учуратат үйдөн качып чыгууга.

Уят дебейт небересин көрсө да,
Укпайт окшойт жерге басып калса да.
Унутулуп калбай такыр арагы,
Унчукпастан ичпейм дебейт өлсө да.

Өз теңдери намаз окуп жатса да,
Өз абийрин арак кылып сатса да.
Өкүндүрөт орозонун күндөрү,
Өмөчөктөп издеп табат катса да.

Өмүрүнүн өткөнүнө өкүнбөй,
Өзүн билбей күн кызарып батса да.
Өзгөрүлбөй жүрө берет окшойбу,
Өлгүчөктү арак андан качса да.

*1-август 2013-жыл*

## КАРТАЙГАНДА

Азыртан кармап күчүңдү,
Арам ой кылбай ичиңди.
Алсырап кетпей ал сурап,
Алдырбай сакта тишиңди.

Аз сүйлө кетпей тамтырап,
Алыңдан түшпөй калтырап.
Акыйып карап зарыгып,
Аңкоосуп калба жалдырап.

Кадырың сакта кадырың,
Калган соң жайлоо, адырың.
Канттуу чай ичкин отуруп,
Кармабай катуу бадырың.

Бүтпөгөн ишке сүйлөнбө,
Бүгжүңдөп басып үйрөнбө.
Бакырып ийбей бакылдап,
Барбагын кабак түйгөнгө.

Жибектей болгун созулуп,
Жиликти жулба оозунуп.
Жаныңда болсун балдарың,
Жамбаштап жатпа тозулуп.

Жуунганды билгин таптаза,
Жармашпа кирпик какпаса.
Жаныңда жаткан кемпириң,
Жарашпайт бел кур такпаса.

Жашай бер кудай сактаса,
Жашырат бир күн жакпаса.
Жабышып албай кете бер,
Жакшы деп сени мактаса.

Кемпирден мурда жөнөгүн,
Калса да мүйүз шактаса.

*7-август 2013-жыл*

## УШУНДАЙ АЯЛ АЛБАГЫН

Чоркоктон аял алгыча,
Чойкойо басып өзүң жүр.
Чорт кетсе шымдын аласы,
Чогултуп шашпай өзүң бүр.

Колунан келбес алгыча,
Колдойо басып өзүң жүр.
Колтугуң калса сөгүлүп,
Кош колдоп тигип өзүң бүр.

Утюгду баса билбесе,
Унутуп сөзгө кирбесе.
Утурлап чыкпай алдыңан,
Уркуйуп кайра тилдесе.
Ушундай аял албагын,
Убайга өзүң салбагын.

*11-август 2013-жыл*

## САГЫНУУ

Качан келет алыс кеткен балдарың?
Калган жалаң кемпир-калач балдарың.
Кыргызымда акча табаар жумуш жок,
Кеткен эле кесе тиштеп бармагын.

Казак эли колун сунуп чакырды,
Каалабайм деп, кедейленген жакырды.

Канча болсо келсин иштеп айлыкка,
Кыргызымдын уул-кыздарын батырды.

Карап турбай орус элим бакырды,
Канча жылдап бир толтурган акырды.
Көрүп туруп көңүл бөлүп түтө албай,
Келгиле деп алыс дебей жакынды.

Кадимкидей бири бирине жагышты,
Калгандарды кар кылбастан багышты.
Кала берсе курулуштар курулуп,
Катар катар үй, сарайлар салышты.

Кеткен менен күтүүбүз бар саргайып,
Калдык мына жетимиште картайып.
Качан келип өз жеринде иштешет,
Калгандабы, болгондобу жан тайып.
Кучак жайып, кучакташып жүрсөк дейм,
Күтө берип сагынгандан жан кайип.

*11-август 2013-жыл*

## АПЫРТМА ЧЫНЫ АРАЛАШ

Кулакка комсоо кыйкырык,
Курулай кургак кыйкырып.
Курсагын сылап, сыйпанып,
Калтырган өңдүү уйкулук.

Курулай басып зыңкыйып,
Кылтыйып абдан кынтайып.
Калса да сезбей билмексен,
Кабары жоктой тымпыйып.

Мен деген сөзү мен деген,
Менмин го сенсин ким деген.

Мемиреп тегиз, тептегиз,
Мен өзүм келем сен менен.

Мага сен айтчы тең белең,
Манастан Чубак кем белең.
Мактансам жокту бар кылам,
Мен баспай калгам жер менен.

Асмандап учуп сермелем,
Асан мен сага тең белең.
Алтындан сарай салдырып,
Абайлап басам жер менен.

Алты жыл бийлик кылганда,
Алтындан жеттим жыйганга.
Алыстап уча баштадым,
Аралап барып мыйманга.

Отурба он жыл кызматта,
Өзүңдү өзүң урматта.
Өңүңдү буруп өзгөртүп,
Өскөнүң жакшы бир жакта.

Өлөсүн түркүк болбойсун,
Өзүңдү өзүң кордойсун.
Өлөрман болуп качпасаң,
Өдөлөп атка конбойсун.

Өзгөрткүн коркпой кон»ушуң,
Өзгөдө жүрсөң тоңбойсуң.
Өлгүчө жетсе алтының,
Өмүрүң сактап коргойсуң.

*10-август 2013-жыл*

## КОЙ ДЕГЕНДЕ

Каргыш жаман, касиети бар нерсе,
Калып калгын, койгун балам жөн десе.
Каяшалап, кажаңдаштан пайда жок,
Капа болуп көңүл чөгөт тең келсе.

Кыйын болот улууларга сен делсе,
Катуу сөздөп,кабак кашың ирмелсе.
Койуп калгын сенсирешип кыйкырбай,
Кой дегенде койгон жакшы чоң келсе.

Каргыш жаман, катуу тиет муштумдан,
Көргөнүм бар нечендерди туш кылган.
Катып калган доошу чыкпай үңүлүп,
Кой дегенде укпай такыр ышкырган.

Көптөр чыккан көзүн албай тикчийип,
Көрсөтөм деп кагаз жазып, жер чийип.
Кайра-кайра кой дегенди укпаган,
Карып болду бел ийилип бүкчүйүп.

Көбү калды кийин сезип кайгырып,
Көздөн кетип, көрүүсүнөн айрылып.
Калса калат, турса турат кокустан,
Көп кишилер буттан кетсе тайгылып.

Кой дегенде койбой койсо азабы,
Көсөмдөрдүн сөзсүз тиет казабы.
Каргыш кылып, катуу атса көз менен,
Кала берет кайнабастан казаны.
Карылардын айткан сөзүн угуп жүр.
Капилеттен тартып калбай жазаны.

*10- август 2013-жыл*

## КИТЕБИМ

Күндөр келет , кош айтышып мен алыска
кетемин,
Качан мурда сапар алган, аларды кууп
жетемин.
Калат мага колун шилтеп, барактарын
барактап,
Кагаз эмес, кат-кат болгон сүйлөй турган
китебим.

Кетем бир күн көздү жумуп алыс жакка
жетемин,
Келсе башка не кылмакмын кайрып бүктөп
этегим.
Кабар айтып, кала берет түбөлүккө сакталып,
Качан болсо кадимкидей сүйлөп берет китебим.

Сүрөтүм бар, сөздөрүм бар жансыз бирок
сүйлөшөт,
Сырын айтып, көп мезгилдин ачсаң кошо
үндөшөт.
Сагынсаңар, саргайсаңар, санаа тартып
эскерип,
Сактап мени, таазим кылат жашаганбыз бир
дешет.

Өтөп күндөр кетет күндөр түбөлүктүү өмүр жок,
Өзүм кетсем калат китеп ойлонбоймун көңүл
ток.
Өзгөлөрдөн өтө албасам өнөрүмдүн болгону,
Өрттөй болуп күйбөсө да , жалыны бар көмүр
чок.
Кошкун деймин колду шилтеп , кошо баскан
китебим,

Колуң кармап, кошок арнап таштап сени
кетемин.
Күндүр-түндүр бирге басып, ээрчип жүргөн
калбастан,
Күлүп жайнап сен болчу элең менин сүйгөн
жетегим.
Качан экен билбейм бирок , мезгил өзү
көрсөтөөр,
Караңгыбы же жарыкпы ошол жерге жетемин.
*17-август 2013-жыл*

## АРМАН АЙТЫП КАЛМАК БИЗ

Төрөлбөйт го адам заты бармаксыз,
Төрөлбөйт го ата-эненин жардамсыз.
Жаштыгынан өмүр өтүп бүткүчө,
Жашайт экен жаралгандай армансыз.

Төрөлгөндө аппак сүттөй кардайсын,
Торолгуча эмчек сүткө канбайсын.
Томолонуп топтой ыргып энтелеп,
Токтоно албай ата-энени кармайсын.

Ата –энеңдин жытын искеп танбайсың,
Алыс жакка жалгыз басып барбайсын.
Арасынан ондогон жыл өткөндө,
Ат минем деп ээр, токумуң камдайсын.

Бара-бара ылдам басып чамдайсын,
Бирге жүрүп тели-теңтуш тандайсын.
Барба десе ойной турган ойунга,
Баш бербестен , учуп жөнөп калбайсын.

Бойго жетип кыз көрүнсө сындайсын,
Бирге басып мамилеңди чыңдайсын.

Балалыктан алыс кетип , алыстап,
Баш кошом деп, азили жок чыңдайсын.

Ишиң бүтпөйт ата-энең бар жардамсыз,
Ичиң күйөт калбагандай армансыз.
Ишин бүтүп ата-энең да коштошот,
Илгертеден келмей-кетмей тармаксыз.

Арман айтып , алмашууну өткөрүп,
Айласыздан кош айтышып калмакпыз.
Ата-эненин көзү өткүчө бөлүнбөй,
Асып койгон, басып турган салмакпыз.

*15-август 2013-жыл*

## БАЙКАБАПМЫН ӨЗҮ МЕН

Көркөмү бар көйнөгүңө кызыккан,
Көкүрөгүң толуп турса сызыктан.
Карай берип кайра-кайра кайталап,
Капилеттен көңүл кетти кызыккан.

Чачтарыңды каштарыңды бойосоң,
Чачыраган күн көрүпмүн ойлосом.
Чарчабастан чабак атып чак түштө,
Чамалагам, көңүл ачып ойносом.

Жарык чыгып чыккан өңдүү жүзүңөн,
Жакшы көрдүм көптөн бөлүп сүзүлгөн.
Жакындатып жатык кылсаң өзүңө,
Жабышкамын жактырганмын сөзүңдөн.

Очки түшпөй караңгылап көзүңдөн,
Обочолоп оңдоп түзөп өзүңдөн.
Ойдологон оомал, төкмөл өнөрүн,
Окшотпопмун оң адамга өзү мен.

Мурун соңгу байкабапмын мындайды,
Маскиропка , билиндирбей кылмайды.
Мага жакпас, өтө жакпас өңүндө,
Мен билбеген көзү көкмөк турбайбы.

*18-август 2013-жыл*

## БАЯКЫ АЛКАШ ЭКЕН ДЕП

Жебей да, ичпей курут май,
Жатсаң да, турсаң унутпай.
Жамбаштап жатып калгыча,
Жутканың арак кудуктай.
Жадатып ичсең бүлөөңдү,
Жакшы дейт беле урушпай.

Ичкич дейт сени сен дебей,
Ичкенден ишип тердебей.
Ичеги бооруң ууланып,
Ичпейсин тамак сермебей.
Эч кимдин келбей көңүлү,
Кошулбайт сага кел дебей.

Баякы алкаш сен дебейт,
Балдарың качып теңдебейт.
Басырык басып ойгонсоң,
Басыңыз тамак жең дебейт.
Боткону тузсуз берсе да,
Барбы же жокпу туз дебейт.

Картайып жашоо келгенге,
Каймана болбой билгенге.
Баякы алкаш экен деп,
Басмырлап айтат көргөндө.
Арактын ичпей койсо да,
Арт жагы будуң көнгөн го.

Булганган бойдон тазарбай,
Бозоргон булут көмгөн го.

*20-август 2013-жыл*

## ӨКҮНБӨ, ӨМҮР ЖОЛУ ӨДӨ ЫЛДЫЙ

Өзүңдү окшоштуруп ак чыныга,
Өзгөчө өңүң таза актыгыңа.
Өңүттө кала берет окшоп калдың,
Өкүнүп, менден кыйла жаштыгыңа.

Өдө-ылдый көргөнүмө басканыңа,
Өзгөрүп кайта албайм жаш чагыма.
Өкүнтөт  өтүп кеткен кайран өмүр,
Оймолоп , чиймеленген каштарыңа.

Өзүң бир, кызга бергис жубан элең,
Өкүнүп өткөн күндөн сууган элең.
Өткөндөн өдө төмөн көңүл калса,
Өзгөрбөйт өмүр бою жууган менен.

Өкүнбө өмүр жолу өдө ылдый,
Эпкелип өзү тиет узун шыргый.
Өзүңчө өкүнбөгөн жашоо келеер,
Өрдөктөй моюн сунуп,учуп кыргый.
Өкүнүп кала берет акылсыздар,
Өзүнүн экендигин билип чылгый.

*10-август 2013-жыл*

## ОШ-БИШКЕКТИН ЖОЛУНДА

Бара жаткам Ош-Бишкектин жолунда,
Быйылкы жыл август айдын соңунда.
Балдарымдан кабар алып келмекмин,
Болуп турса ден соолугум оңунда.

Кандай сонун саякаттап жол басуу,
Күтүп турат Ала-Белим Төө ашуу.
Катар-катар камаз жана башкалар,
Качан болсо кыйма-чийме жүк ташуу.

Кылкылдашып адам ташып таксилер,
Карапайым кадимкилер ат минеер.
Кетип жатат сапар алып узакка,
Карыялар,кыз жигиттер, селкилер.

Карабастан бийигине пасына,
Курулган жол, коркунучсуз жакшына.
Кучак жайып күтүп жатат созулуп,
Куттук тилеп жолун ачып таксига.

Кайталанып ийри-буйру кайрыма,
Кирип бардым Токтогулдун айлына.
Күтүп алып, кош айтышып утуру,
Көркөмдөнүп бири-биринен айрыма.

Кошо чыккам колтукташып үйүмөн,
Кемпиримди кошоктодум сүйүнөм.
Кара сумка,ак сумканы толтуруп,
Кош-кош ороп оромолго түйүлгөн.

Кирип келдик капчыгайы чычканга,
Курсагыбыз окшоп калды ачканга.
Кафе экен аты Байэл аталган,
Кадам шилтеп алыс барбай басканга.

Кайра чыктык курсактарды тойгозуп,
Карамалап эки жакты жойлошуп.
Каршысында Нурсултан деп туруптур,
Кыз, жигиттер чыгып келди ойношуп.

Көргөн көзгө ишенбестен карадым,
Койгом аттар небереме баламын.
Качан болсо ары-бери өткөндө,
Кубанычтуу  тамактанып барамын.

Байэл менен Нурсултаным окшошуп,
Баасын бердим мындай болбос окшоштук.
Балдарынын атын койгон өңдөнөт,
Билсин дешип өткөн сайын Ош-поштук.

Көпкө жүрүп көптү көрүп жеримдин,
Көз кайкыган мекениме берилдим.
Капчыгайдын эки жагы жапжашыл,
Сазы деген жазуу көрдүм Керимдин.

Суусамырдын суусун көрүп төмөндөп,
Суусалыкка кымыз ичип келем деп.
Сузуп алып кетейин деп толтуруп,
Суу куйулган идишимди белендеп.

Кирип бардык караңгылап ийинге,
Катуу жүрбөй карамалап чийинге.
Кандай адам коркпой бузуп каздырган,
Куруп тешкен аркы бети чейинге.

Кышты кыштай, жайды жайлай тынбаган,
Кара жолдо кайрат берип чыңдаган.
Кыргыз жолу чыгыш менен батышты,
Кыйналбаган, кайрылбаган сынбаган.
Техникасын оң абалда жүргүзүп,
Тартынбастан көңүл коштук кылбаган.

Түбөлүккө Ош-Бишкектин жолунда,
Түйшүк тартып жүрө берсин бул заман.

Кудай колдоп ак жол берсин дайыма,
Кыш чилдеде, жай саратан айында.
Карабастан карылыкка ийилбей,
Келе берем, бара берем айылга.
Күтүп турса Нурсултаным,Байэлим,
Кантип болбойм неберелер чайында.

*3-август 2013-жыл*

## КАНДАЙЧА ЖАШОО СҮРӨӨРҮҢ

Капа да болбо жогуңа,
Кудайың колдойт оңуна.
Кур койбойт чындап тилесең,
Жеткиче өмүр соңуна.

Жаштардын берет тилегиң,
Жатпастан иштет билегиң.
Жадырап жаштык кезиңде,
Жаманга түртпөй жүрөгүң.

Жамбашка байлап күрөгүң,
Жер кызып өзүң сүрөгүн.
Жалкоолук кылып зериксең,
Жабыры сенсин бүлөөнүн.

Кызганба көрүп бирөөнүн,
Көркөмдүү жашап жүрөөрүн.
Көрө албай, болбо ичи тар,
Колуна түшүп күнөөнүн,
Колуңда турат бардыгы.
Кандайча жашоо сүрөөрүң.

*13-июль 2013-жыл*

## АДАМБЫЗ БИРОК ЖАМАНБЫЗ

Айтылса адам, адамбыз,
Ак пейил күтпөй жаманбыз.
Аз өмүр жашоо буйуруп,
Ааламдан өтсөк таманбыз.

Жараткан алла адамбыз,
Жакшыга жакшы адам биз.
Жактырбай калып бири бирин,
Жаралган пенде нааданбыз.

Катууга катуу адамбыз,
Коркулдап кээде каманбыз.
Коркутуп коңшу-колоңду,
Кополбуз өтө жаманбыз.

Сасыган чирик саманбыз,
Салкындап кээде калганбыз.
Сурасаң жакшы жообу жок,
Суржылан болуп жаманбыз.

Турпаты тууган адамбыз,
Туугандык кылсак адам биз.
Туталбай кармап кадырын,
Тууралап баскан кадамбыз.

Тескери тиктеп калабыз,
Тебишип моокум канабыз.
Туруштук берип тура албай,
Тууганга жаңжал салабыз.

Чындыкты айтпай армансыз,
Чыдабас болуп калганбыз.
Чогулган жерге жүгүрүп,
Чокчоңдоп сүйлөп калган биз.

Мамиле бүтпөй жалгансыз,
Мен берген сомду алгансыз.
Мелтиреп тиктеп кайрадан,
Мойнуңа албай тангансыз.

Адамбыз туура, адамбыз,
Ашыкча кеттик жаман биз.
Абайлап ойлоп иш кылбай,
Артыңа таштап жаман из.
Алмашып видио дисикти,
Аңтарсак кантет сиз да биз.

*20-июль 2013-жыл*

## АЧ БОЛСОҢ ДА, ТЫНЧ БОЛГУЛА ТУУГАНДАР

Ач болсоң да, тынч бол дешет улуулар,
Корунушат көз тийбе деп сулуулар.
Ачкалык бар, токчулук бар жашоодо,
Арабызда оңдоп түзөп, бузуу бар.

Тынч болбогон турмушуңдун татаалы,
Турган жакшы тегиз элдер катары.
Туруп-туруп бала-чакаң ооруса,
Түшүнүксүз ата-эненин чатагы.

Айып болбойт анча-мынча ач болсо,
Ата-энеси арак ичип мас болсо.
Айла кетип үй-бүлөсү чатактан,
Атырылып көтөргөнү таш болсо.

Күндө турса коңшуң ичип чарылдап,
Көчө бербей кыйкырынса дарылдап.

Көрүп туруп көңүл ооруп чыдабай,
Кандай болот басса турса жарылдап.

Кыйын эмес кийим-кече жыртыгы,
Кечиримдүү жетишпестен кымтыгы.
Кудай сактап, жаратканды кыйнаган,
Келтирбесин жаратылыш кырсыгы.

Калтырбасын кудай жакшы ооматтан,
Калк ичинде адамга адам жоолаткан.
Карбаластап кокус келген карандай,
Келтирбесин кайрымы жок дооматтан.

Сакта кудай куру жалаа ушактан,
Сасык сөздөн, суктуу көздөн тушаткан.
Сугун артып, көзү тартып жаман ой,
Сук-сук кылып нан сындырып ушаткан.

Жакшы жүрүм кантип элге жакпасын,
Жамандыктан жалгыз кудай сактасын.
Жан оорубай үй-бүлөңөр тынч болсо,
Жаман айтпай , жаттап кудай мактоосун.
Жакын кылбай ар кандай иш кырсыктан,
Жакын тууган , жалпы тууган сак болсун.

*21-июль 2013-жыл*

## ГЕНЕРАЛГА ТААНЫШТЫМ

Билгендей генерал деп айтыптырмын,
Билгизбей өз ордуңда кайкып турдуң.
Башыңды бийик кылып дайым посто,
Кыраакы бүркүт болуп байкап тургун.

Сүйлөгөн түшүнүгүң терең экен,
Сүйүнүп ыр жазам деп айттым эртең.

Сом күтпөй, дос күтүүнү билген болуп,
Созулуп учураштың келип эркем.

Даирден өтсө өтөт сының көркөм,
Дайыма ардакташат кыргыз өлкөм.
Дайныңды билбегендер билип алсын,
Бизде да бар экенин түштүк чөлкөм.

Асандын генералы Дайыр болсо,
Атайлап Осмонали Дайыр койсо.
Алланын айтканындай болуп келет,
Атыңа заты келет көңүл тойсо.
Агам бар жаңы гана тааныштым деп,
Ар дайым айтып жүргүн көңүл толсо.

*29-июнь 2013-жыл*
*Ж.Мырзаибраимов Жийде айылы*

## МЕН ДАГЫ

Чыкыйган чың аксакал боломун го,
Чымыркап сексен жашка толомун го.
Чыйылдап ойду-кырды сүйлөй берсе,
Чыныбай, Мыркымбайды жойомун го.

Мен дагы Жумабай чал боломун го,
Мелт куйуп кымызга дың тойомун го.
Мышыктай мыйоологон маймылдарды,
Муш менен чокусуна койомун го.

Акыры мен да Абил боломун го,
Азилдин чокусуна кономун го.
Ажылдап бейжай сүйлөп тургандарды,
Акырын терисинен жономун го,

Токсондо Пирназардай боломун го,
Токтобой таамай сүйлөп койомун го.
Туугандар келип калса эшигиме,
Токтунун семизинен сойомун го.

Мен өзүм, калыс чынчыл боломун го,
Мемиреп токсон жашка толомун го.
Маанилүү сөздөн сүйлөп ошондо да,
Көңүлдү калтырбаган жоромун го.
Какайып кашты ирмеп бардыгына,
Кош айтып конорго мо кономун го.

*30-июнь 2013-жыл*

## БЕШ ТИЛЕК

Кыргыздарым качан болот ынтымак,
Качанкыга жүрө берет ыркырап.
Кайраттуусу катуу сүйлөп кыйкырса,
Кала берип бей-бечера зыркырап.

Кымтыкейлер кыркып турат билгизбей,
Кыраан бүркүт болуп алып тийгизбей.
Калың элди калыс көрбөй тегеле,
Кагаз кармап жаздырбастан чийгизбей.

Айттыңыз сиз коррупция кыркылат,
Атанбаев жалгыз өзү ынтылат.
Аянбастан бардыгыбыз киришсек,
Алкымдары тешиктелип жыртылат.

Ары болуп уйук жасап алышты,
Айрымдары алыс кетип калышты.
Арам оокат көздөрүнө май болуп,
Айроплан минип алып жарышты.

Бир мезгилде арпа, буудай орушкан,
Бир туугандай өтө жакын болушкан.
Байкап көрүп калыс болуп чечсеңиз,
Бирге болуп, кол үзбөйлү орустан.

*30-июнь 2013-жыл*

## ТИЛ АЛГАН

*Ийри бутак.*

Ийри бутак көрдүң беле дарактан,
Аны деле кудай таала жараткан.
Ата-буба айтып келген сөзү бар,
Абийри жок бул түзөлсүн каяктан.

Ичи бузук, ийри кылып жараткан,
Иттей үрүп отурганды жадаткан.
Ишиң түшсө түз жооп алам дебегин,
Жакшы пикир чыкпайт андай тараптан.

Ийип бурат, түз жолуңдан баратсаң,
Ишеним жок жеңип чыгат талашсаң.
Ийри жолду тез көрсөтөт токтоосуз,
Ишиң түшүп адам го деп сурансаң.

Иши болбойт ооруп калып кулансаң,
Ичи жылыйт ийри кол деп тура алсаң.
Түз басканды, түз сүйлөштү билбеген,
Түгөнгүр сен тескериге жаралган.
Ийилсең да, ийилишиң түзөлтүп,
Болоор белең эл алдында тил алган.

**3**0-*июнь 2013-жыл*

## ЖАКШЫНЫ КӨРБӨЙТ АДАМДАР

Адамзат кандай учур жолдобосун,
Адамдын жакшы жагын корго досум.
Ааламга түркүк болуп кадалбайсын,
Ар убак сапатын бил, колдо досум.

Адамзат өлмөйүнчө бир болосун,
Айтылган жаман сөзгө кир болосун.
Алкынып аянбастан сүйлөгөнгө,
Айласыз аяр болуп тим болосун.

Адамбыз кандай болуп ким болбойлу,
Акырет бараар жерин кем ойлойбу.
Асылып жакшы жагың көргүсү жок,
Арсылдап ит кыялын жөн койбойбу.

Адамдык сапат жагын көп ойлойлу,
Аярлап азил чындап кем ойнойлу.
Азилдин түбү келип арам болот,
Аския, кычы сөздөн тим болбойбу.

Антпесе тамак ичпей калган өңдүү,
Адамга асылбаса эч тойбойбу.
Алтындай өмүр өтсө кайра келбейт,
Асылган арам пейлин жөн койбойбу.

*29-июнь 2013-жыл*

## АРАЛАШ ЗАМАН

Бай кедей заман жаралды,
Байкашып издеп амалды.
Бааланып калды акчага,
Баасынан байкап адамды.

Билинип турат өзү эле,
Бечера,жакшы, жаманбы.

Тоскон жок эч ким жолуңду,
Тарталбайт сунган колуңду.
Татсаң болот тырышып,
Табигат берген сонунду.
Балдарың жолдойт жолуңду,
Бакылдап батсаң аракка.
Бат эле жеген шоруңду,
Жаңжалдан түшсөң камакка.
Жайгандай жыргап торуңду,
Жакшылап ойлоп жашагын,
Жаманга сунбай колуңду.

Иштеген иштеп жатышат,
Ишеним баада сатышат.
Өзү үчүн көрүп аракет,
Өндүрүп пайда катышат.
Астайдыл мээнет кылгандар,
Аянбай даамын татышат.
Адашпай жашап жолунан,
Акчага чүмкүп батышат.

Мээнетсиз ыраат болбосун,
Мээлегин билгин жан досум.
Араба түртүп жүрсөң да,
Алланын билгин колдоосун.
Аракет кылып тапканың,
Аракка жумшап койбосун.
Алдаса шайтан жолуна,
Алдашкан адам оңбосун.

*2-июль 2013-жыл*

## БУЛ КУЛАК

Угуп туруш үчүн экен бул кулак,
Укпай калат турбай калсаң ургулап.
Унчукпастан кете берет карабай,
Учурашып койом десең кол булгап.

Угуп калат шыбырасаң жалдырап,
Ушак айтып күтүп калат жол карап.
Уяласың кээде катуу, кээде пас,
Укпайт деген сөзүң айтса балдырап.

Такыр укпайт таамай сөздү калтырап,
Таппай калат айтар жоопту магдырап.
Тескерини тее алыстан укса да,
Трактордун үнүн укпайт калдырак.

Укпай калат жатса дагы там кулап,
Угат кыйын берем десең сом курап.
Утурумга буюм сурап бер десең,
Укпайт такыр бекемденип кумтулап.

Угуп калат кулак асты зымды улап,
Укпайт мүмкүн жетимиште жаш курак.
Угуп укпай койо турган амалкөй,
Учурунда жатса дагы таш кулап.
Ачып  оозун каңкайгандан каңкайип
Айлаң кетет эмне деди деп сурап.
Атайлаган айласыздын иши да,
Амал кылып укпай турса бул кулак.

*13-июль 2013-жыл*

## КАДИМКИ КЫРГЫЗ СЕЗЕМИН

Казагым менин казагым,
Бир болгон дайым казаным.
Москва болуп борбору,
Өткөндү эстеп жазамын.

Он беши болуп бир тууган,
Окшошуп чогуу окуган.
Кыргыз бул казак дебеген,
Күндөрдү эстеп отурам.

Эгемен дедик бөлүндүк,
Эгиздей эки эл көрүндүк.
Эңилип барды жок дебей,
Эп келип жашоо биримдик.

Эзелтен бирге көрөңгөм,
Неберем экөө төрөлгөн.
Нурсултан менен Атабай,
Нурданган менин жөрөлгөм.

Алма-ата жерде Нурсултан,
Неберем туулуп булкунган.
Президент атын жамынып,
Пендеси болду жулкунган.

Чымкентим жери Атабай,
Чындыгын айтам жадабай.
Сүйүнбөй анан не кылам,
Сүймөнчүк берсе атадай.

Казагым казак дегеним,
Киндик кан тамган эненин.
Канткенде калбайм сүйүнүп,
Кадырым сиңген нememин.

Кант , наның татып жегемин,
Кадырың билген себебим.
Казагым мага бир тууган,
Кыргыз сен, казак дебегин.
Кылымдап жашай бермекчи,
Күтпөстөн туруп кезегин.
Калкына айтып казактын,
Кадимки кыргыз сеземин.

*22-июль 2013-жыл*

## АЛТЫНБЕК АЙЫЛЫ ДЕСЕКПИ

*Ой пикир*

Кадырын билип калкым деп,
Кайраттуу экен Алтынбек.
Кайкайып туруп албастан,
Катырып турду жер ченеп.

Орозо оозун ачпастан,
Отурбай чарчап качпастан.
Оңойго эмес иштериң,
Оңдоду чечип шашпастан.

Адырга толуп адамдар,
Алты жүз аша адам бар.
Ашыкча сөздү сүйлөшпөй,
Алышты чекти жарандар.

Он адыр бери тараптан,
Окшотуп кудай жараткан.
Ошума калсын кошулуп,
Ойкуштап суусу шар аккан.

Бак-шагы катар тигилип,
Балдары жүрсүн жүгүрүп.


Бакыбат үйлөр салынып,
Бактылуу келин жүгүнүп.
Беш алты жылды өткөрбөй,
Бабырап жүрсүн сүйүнүп.

Рахмат айтып баарына,
Кудайдын калбай каарына.
Ынтымак коңшу бололу,
Ырыскы тилеп жабыла.

Айталы тактап эсепти,
Атына берсек кезекти.
Адырма-адыр жүгүргөн,
Алтынбек айлы десекпи.
Аңтарып мүмкүн табылса,
Алтынын тиштеп жесекпи.

*Жаныбек Мырзаибраимов*
*Кара-Кулжа району,*
*ардагер 5-август 2013-жыл*

# АРНОО ЫРЛАРЫ



## ШАРИП АВАМ

*Өткөндөрдү эскерүү*

Шайкеш келип СССРдин кезинде,
Шарип авам дайым жүрөт эсимде.
Көлөмүн да, көркөмүн да көргөмүн,
Кол алышып, туш келген жаш кезимде.

Сүрү менен сүрдүү болбой кишиге,
Сый көрсөтүп улуу менен кичүүгө.
Сактабастан сарптап керек болгондо,
Суусун дагы берип турчуу ичүүгө.

Көп башкарды соода ишин айыпсыз,
Кетип калып, эрте өткөн кайыпсыз.
Көптөгөндөр карыз болсо жетишпей,
Көп ойлонбой чечип койчуу дайым сиз.

Токтоо басып тойдогудай эл менен,
Тотуктуусу тоодой эле кепкенен.
Таарынтпастан өзбек, кыргыз улут деп,
Тополоңду топтоштурган кеп менен.

Бирге басып, эгиз өскөн баладай,
Бир болушуп эч бир санаа санабай.
Барчуу жерде Шарип, Сайип келсин деп,
Бүт калың эл тураар эле тарабай.

Эрте кетти ал жакты да күттүрбөй,
Эли калды Шарипи жок күткүдөй.
Эс алууга эми гана чыкканда,
Эсен болуп араң туруп жүз күндөй.

Эртелетип шаша түшүп коштошту,
Эрте эле го өмүр өтөп бүткөндөй.



*Саип Көкөев Совхоздун директору*

Жаз да күзү, айрымы жок кыш менен,
Жабыркабай жатып албай иш деген.
Жумушчунун,арыздары муңдары,
Калтырчы эмес, ара жолдо чечпеген.

Жазы менен жаздык ишин бүтүрүп,
Жаз өткөрүп жайдын күнү күтүлүп.
Жай саратан жыйып, терип иштерин,
Күз жыйынын кенен көрүп күтүнүп.

Кыш чилдеге сарайларды жылуулап,
Кар жааса да, метр ашып улуулап.
Кой уйларын жылкыларын сактачуу,
Жаз утурлап семиз багып сулуулап.

## ТАШТАНБЕК АКМАТОВГО

Саясат жакта да жоксун,
Кайра сат жакта да жоксун.
Кара жанды карч уруп,
Карынбай болгон жомоксун.

Союздун алдың сыйларын,
Сактадың эчен сый баарын.
Созулуп иштеп жүргөнсүн,
Солутпай короо жайларын.

Кызматты алып жогортон,
Чет элден күтүп коноктон.
Кадырлуу адам болгонсун,
Калайык калкың торолткон.

Кабарың айтып ойго улап,
Калыстар айтып ой кылат.

Саясат ишке катышпай,
Салышып жүрбөй койгулап.

Салкындуу жайлоо төрүндө,
Жүрөсүң көңүл жойгулап.
Кыргыздан өскөн кыргызсын,
Кырларга чыгып тырмыштың.

Картайган азыр кезиңде,
Кадырын билип турмуштун.
Көчөдө жүрбөй, тоо басып,
Көркөмү болдуң кыргыздын.

*21-февраль 2013-жыл*

## ИНИМ МАМЫТКА

Болсок да мындан улуусу,
Болгондой бизден сулуусу.
Байпаңдап басып чоңойду,
Баркталып бала жылуусу.

Башкача көрүп атасы,
Бар болсо дагы катаасы.
Байкатпай атам калчы эле,
Тийсе деп элдин батасы.

Таптакыр чаңды жугузбай,
Таптаза дечүү жакасы.
Эркелеп эрке чоңойду,
Эстетип бааатыр Жолойду.

Эңкейип улак чапканга,
Эпчилдик менен Зоройду.
Энчилеп соорун алдырбай,
Эч кимге бербей оңойду.

Аттарды түрлөп тандады,
Атасы багып камдады.
Алыска кетип угулду,
Айрыкча чыгып салмагы.

Артынан уулу Элчибек,
Атасын улап калмагы.
Ишенип күтүп турабыз,
Ийилбей оң кол бармагы.
Атасы Маамат үйрөткөн,
Спорттун бардык тармагын.

*Агаң Жаныбек*
*17-март 2013-жыл*

## МАРКУМУМ МАМАШ ДОСУМА

Кадырлашып канча жаштар бир болдум,
Каттоо бүтүп, кабарың жок тим болдум.
Кайран досту унуталбай, эстебей,
Кайра-кайра уйку көрбөй толгондум.

Бой дегендей бойуң турат көзүмдө,
Бош келбеген сөзүң болчуу сөзүңдө.
Боор оорубай боорго тепкен шум ажал,
Бойлоп кетти байлык алчуу кезиңде.

Өң дегендей өңүң турат эсимде,
Өзгөчөлөп өтүп кеттиң сезимде.
Өмүрүңдө эч жамандык билбеген,
Өрттөй жанып, өчтүң жаштык кезиңде.

Сулуулугуң Сүймөнкулдай бар эле,
Салыштырсам Таттыбүбү пар эле.
Сапар тартып кайрылбастан кылчайып,
Сабыры жок кеттиң неге шар эле.

*Досуң Жаныбек 22.12.2012-жыл*

## ЫРЫСБАЙ

Кадырың сиңип калкыңа,
Кайрылбай кеттиң артыңа.
Кадимки ырчы Ырысбай,
Калбадык жетип баркыңа.

Калтырдың ырлар баркында,
Кадырың калды алтын баа.
Ырдасаң көрүп теледен,
Жүргөндөй тирүү калпыңда.

Адашпай жүрөт Алмашың,
Ай тийген тоодой артыңда.
Кыдырып калбай ээргишип,
Кымбатың калды калкыңда.

Өмүрүң узун болбоду,
Жетимиш жетип толбоду.
Желмогуз ажал шаштырып,
Жаныңды жутуп колдогу.

Ырыңда калды өмүрүң,
Ырысбай сенин көңүлүң.
Ырларың ырдап дагы эле,
Саймалуу бейиш төрүнүн.

Сакалдуу болуп калсаң да,
Сезимин козгоп көбүнүн.
Сүзгөндөй калкып балыгы,
Сүйүктүү Ысык-Көлүңүн.

*10-март 2013-жыл*

## МЭЭРИМ КЫЗЫМ

Мээрим кызым, небереме тең экен,
Меенети күч , ачык айрым кең экен.
Шартылдаган шайыр болуп жүрүшүң,
Шартың менен аша берсин берекең.

Кудайдан деп көп жакшылык тилегин,
Кыз болсоң да элге тийсин керегиң.
Акылы бар эстүү бойдон чоңойгун,
Ата-энеңди жөлөк болуп тирегин.

Каалап сага тилегеним болжолум,
Качан болсо ачык болсун оң жолуң.
Кокусунан кирип калып Муслимге,
Көрдүм кызым кичи пейил болгонуң.

Сурап калдың ырыңызды бериң деп,
Суктангандай жактыргандай элеңдеп.
Садагасы сумсайтпайын сени деп,
Сундум ырды сыза жазып белендеп.

Катаа дебей авам жазган кеп деп жүр,
Капа болбой өзүңдү-өзүң эптеп жүр.
Кагылайын келечегиң кең болсун,
Качан болсо чоң атам деп эстеп жүр.

*Жаныбек Мырзаибраимов*
*Кара-Кулжа району, Жийде айылы*
*5-апрель 2013-жыл*

# БАЖАЛАРЫМА

Баш кошкондон Бурулума бурулуп,
Бешөө болуп бир туугандай жуурулуп.
Бардыгынан эң кенжеси мен элем,
Барган жерде кызмат кылып суурулуп.

Эң уулубуз Маматназар жезде эле,
Эч унутпай, эстен кеткис  кез эле.
Эки жума өтсө өтүп , кечикпей,
Эрмектешип барып турчуум жездеме.

Бир туугандай ашык көргөм жездеми,
Баркын эстеп, таппай жүрөм кезде эми.
Барыш,келиш кадырлашып жүрөөрдө,
Билинбестен өчүп калды тез деми.

Балдары бар кыздары бар жетилген,
Боло албады жездем тирүү кездеги.
Барпаңдаган Кудайберди жездем бар,
Барпылдаса ким да болсо көзгө алаар.

Болуп калса көпчүлүктүн ичинде,
Тормузу жок токтоп кылаар жөн калаар.
Андан кийин Амангелди жезде эле,
Амандыкты абдан сурап кез келе.

Айырмалап айтылганда бул киши,
Ачык айрым ар кыл ишке тездеме.
Алыш бериш мамилеси боюнча,
Айрымдары жетпейт эле жездеме.

Бешик жондук шартылдаган шайырым,
Билип турчуу дайым эстеп дайыным.
Базар –Коргон алыс бизден турса да,
Бат бат эле кабарлашчуу кайынын.

Басса турса көңүлүндө кири жок,
Кетип калды отуз бири айынын.
Көрбөй билбей жолугушпай калынды,
Көрө турган жаңы жылдык айыңын.

Кылып базар чогуу бирге болом деп,
Тоспой калган кечиримсиз айыбың.
Торгой болуп сайрап калды артыңда,
Тууган урук,бала чакаң, зайыбың,

Кыска жашап, көпкө жүрбөй кайтышты,
Көпчүлүк эл жакшылыгын айтышты.
Өмүр деген өтө кыска турбайбы,
Өтсө дагы эстейм булар байкушту.
Өзгөчөлөп өтө тез-тез жолугуп,
Өткөрбөстөн жазды,күздү,жай,кышты.

*24-февраль 2012-жыл*

## АЙНАЗИККЕ ЖОЛУКТУМ

Сегизинчи июль күнү жолукту,
Сурап калдым ал акыбал соолукту.
Сумкасы бар, сүлпөтү чоң килейген,
Ээрчиткени башка улуттан орусту.

Алыс дебей көрсөткөнсүп жакынды,
Аны бери бир столго чакырды.
Англисби же немисби билбедим,
Айтты окшойт тааныштырып атымды.

Башка тилде балдыр-салдыр этишти,
Болбоду окшойт, тура качып кетишти.
Бар болгону балык оокат экен деп,
Башка жерге  барабыз деп чечишти.

Айназигим башка тилде сүйлөсө,
Адашмак го аны баштап жүрбөсө.
Айраң калып , аябастан сүйүндүм,
Англиялык адам экен ким десе.

Айназигим окуган го экен деп,
Абдан татаал, тилди жатка билбесе.
Анча-мынча котормочу чак келбейт,
Акценттери көңүлүндө сиңбесе.
*8-июль 2013-жыл Өзгөн шаары*

## БИР СУЛУУГА

Сен берип бир өзүмө сулуулукту
Сезчүүмүн сенден өткөн жылуулукту
Сезгенип сүйгөнүмү сездиралбай
Сезилип болгондугум улуулукту

Көрбөсөм көргүм келип оолукчумун
Көчөдөн өткөн сайын жолукчумун
Көркүңө көзүм түшүп үмүт менен
Кайрылып айтса экен деп колуктуңмун

Кабарсыз ошол күндө алыс кеттим
Кадимки аскерликке кызмат өттүм
Кайрылып мен келгиче айылыма
Кабарлап угуп көрсөм дайыныңа

Кетипсиң турмуш гүлүн кармап алып
Келечек жашай турган айылыңа
Сулуулук келбетиңе тойбой калдым
Сулууга өмүр жары болбой калдым

Суусаган жаштыгыма элестетем
Алиге жүрөгүмө сактап келем

Артыга бир кайрылуу жашоо болсо
Асмандан ай жылдызды кармап берем

## БАКТЫМ БАР МЕНИН БАЛДАРЫМ

Банан берип , бадам берип турушат,
Бассам, турсам көрүп көңүл бурушат.
Барып калсам Бишкектеги үйүнө,
Бабылдашып чоң театр курушат.

Кабарлашып ден соолук деп турушат,
Капа болуп ооруп калсам урушат.
Качан болсо каражатын каржылап,
Кандайсыз деп телефондон угушат.

Балдарымдан бактым бар деп сүйүнөм,
Бакыт кушу алыс учпай үйүмөн.
Бурулумдан тапкан ушул балдарым,
Берген экен кудай колдоп сүйүүмөн.

Кыздарым деп кыйла кыйын сүйүнөм,
Кымбат баалап , өмүр өтүп үйүнөн.
Кагылайын каректерим кыздарым,
Кылым жашап үзсүн өмүр гүлүнөн.

Бешенеме келген сулуу келиндер,
Беш маал тамак жасап берген эринбеер.
Балдарымдан ашык көрсөм кемитпейм,
Бурулумдай болуп чыкты кеменгер.

Жаркыраган жарыгы бар неберелер,
Жалпысына башкалар жок тең келеер.
Жашап турсам үйлөп турмуш жолуна,
Жатсам, бассам тилегимде эмнелер.

Жетсем экен, ошол күндөр буйуруп,
Жоктур деймин бул бактыма дем берeер.

*2012-жыл 15 декабрь*

## АТА СӨЗҮ

Атам барда ыйлап калсам чатактап,
Ала калчуу тар шинелге кучактап.
Алдуу,күчтүү салабаттуу киши эле,
Ал өйүздөн бул өйүзгө бир аттап.

Согуш өтөп көрүп келди кайриңдап,
Сол бутунан сылтый басып майрыңдап.
Сексен жаштан өтсө дагы эки жаш,
Секин басып жүргөнү жок кыймылдап.

Акылдуу бол билимдүү бол балам деп,
Алсыз болсоң , күчсүз болсоң жаман деп.
Араба айдап чөп орушка чабалсын,
Жарабайсын ташышка да саман деп.

Колхозчулук колуңдан түк келе албайт,
Койчу балам сени аскерге деги албайт.
Карапайым болуп калсаң эгерде,
Ким да болсо акың бербей көбү алдайт.

Атам айткан сөздөй болуп чыкпадым,
Анча-мынча ашыкча сөз укпадым.
Аракетим текке кетпей тескери,
Адам болуп, ар өнөрлүү чыкканым.
Ар намыска түрткөн окшойт атакем,
Ошол кезде ата сөзүн укканым.

*2012-жыл 14-декабрь*

## ЭЙ КЫРГЫЗЫМ

Эй кыргызым эстүү жансын шашпагын,
Эгемендеп элиң журтуң баштагын.
Эсин билбей өз жеринен алыстап,
Эстей жүргүн, экөө бирдей качканын.

Эй кыргызым, шашмалыкты таштагын,
Эски жолдон жаңы жолго баштагын.
Эсеп билбей, элин укпай экөө тең,
Ала качып аман сактап баштарын.

Эй кыргызым, акыл калчап баштагын,
Ээрчип сүйлөп сулуулукту таштагын.
Элиң  сага келечегиң , акылың,
Өзүң бийлеп душманга жол ачпагын.

Эй кыргызым, сени күтөт жаштарың,
Эбегейсиз ээрчип жүрөт кастарың.
Этектеште, чатакташта пайда жок,
Эпке келгин эбин бузбай башканын.

Эй кыргызым, улууну ук качпагын,
Эсен-соосун угуп абдан шашпагын.
Энелер бар бала төрөп чоңойткон,
Эске алып, ызаттай бил чачпагын.

Эй кыргызым эл тагдырын ойнобо,
Эл турмушу ойун эмес ойноого.
Элиң үчүн, жериң үчүн адилет,
Эмгектенгин ой жүргүзүп ой тоого.
Эгер кетсең катаачылык эскиде.
Жаңы жылга келтиргиниң ой –тообо.

## МЕН ЖӨНҮМДӨ

Кандай Жаке , кыйналдыңбы ооруп калып,
Кайрат күчтүү жүрчүү элең күйүп жанып.
Каттадың Бишкегиңе урма-турма,
Калдыбы шыпаа берип сага жагып.

Жашыңдан жан аябай ишкер чыктың,
Жамбашка келген иштин көбүн жыктың.
Жарашып алган жарың турмушуңа,
Жакшы деп эл мактаган сөзүн уктуң.

Колуңан жарашыктуу үйдү салдың,
Көп өтпөй бир машина минип алдың.
Көркөмдүү көрүнүшүң элге жагып,
Кол байлап суу жубазын куруп калдың.

Окуттуң балдарыңдын баарын тегиз,
Окшотуп жайлаштырдың бүтүн сегиз.
Отуруп кала турган мезгил келди,
Оозуңа бышкандары түшүп жемиш.

Оорудуң отураарда бийик тегиз,
Ой кырлар басаар кезде болуп семиз.
Ойлонбой кыйналбаган мезгил келип,
Оң келди бүтпөгөн деп  айтып дегис.
Ойуңча –кырыбызча жарашаар деп,
Оргуштап агымындай болуп деңиз.

*20.12.2012-жыл*

## САГА

Жаркылдаган жарыгы бар мүнөзүң,
Жакындабай алыс жерде жүрөсүн.
Жан эргиткен жомоктогу Шахмина,
Жарашасын, окшошосун сен өзүң.

Жоготкомун көрө жүрүп мен өзүм,
Жолуктуң го күтпөй калсам сен өзүң.
Жаңы жазган ырларыңыз окуйм деп,
Жарк-журк этип мурдагыңдай мүнөзүң.

Жазган ырга дары-дармек табасын,
Жалжал тиктеп, көз тиктешип жагасын.
Жаркыраткан жараштырган перзентти,
Жараткан ким кантип адам баласын.

Жыттатчы деп жытыңды мен сурабайм ,
Жазып ырды андан ары улабайм.
Жарашыктуу жагып жүргөн мүнөзүң,
Жакшы көрүп, башкалап ыр курабайм.

## АЙЫМДАРГА АЧЫК СӨЗ

Көз менен көрүп жүрүп.
Ичпесеңер сасык-сусук арakты,
Ит ичпесе иче турган тамакпы.
Мас болушуп, өзүн билбей көчөдө,

Көрчүү болду түрмөкана камакты.
Башталышы баш оорудан башташат,
Баштоо бербей, бакылдашат чачташат.
Башчы болгон, айымдар бар бийлеген,

Башка адамды көз кырына илбеген.
Болдучу деп боор ооруган жолдошун,

Баштаба деп башкачалап тилдеген.
Тураар кезде турпатыңа кызыгаар,

Тулку бойу, арак-вино жытыңар.
Туралбаган сүлкүлдөгөн боюңа,
Туткалактап зорго басып бутуңар.
Тууганчылап туура сөзгө түшүнүп,
Токтоткула күнгө жетип кутулаар.
Жыттай турган жыты калбай баратат,
Жылмаңдашып айласыздан каратат.
Жакшы заман, эркиндиктин тушуна,

Жаман ойду, жаман пикир жаратат.
Жаштар эмес, токтоо жашта айымдар,
Жашты билбей, жакшы билбей келатат.

## КАЧАН КЕЛДИҢ?

*Абдылда куудулдун сатирасына.*

Качан келдиң?
Бүгүн келдим.
Эртең кетем!
Эл үчүн кызматың бар,
Нечен нечен.
Күлдүрүп саясатка ,
Чечен,чечен.
Абдылда жүрө
бергин эсен эсен,
Турмушту
туш келтирип.
Айта берсең,
Таланттын
ташкынысын
көбүнөн сен.
Башкалар капа болуп

кетишпестир.
Абдылда куудулум
бар кыйын десем.

*Ош облусу Кара-Кулжа району*
*Жаныбек Мырзаибраимов аваң*
*31-декабрь 2012-жыл*

## КӨҢҮЛ АЙТУУ

Белиң бошоп, демиң бошоп кыйналба,
Белдей балаң, Кубаныч жан кыйганга.
Берип кудай өзү алат турбайбы,
Бир тыйынга пайда чыкпайт ыйдан да.

Белдүү турмуш куруп алган чагында,
Бекемделип илим-билим жагында.
Багы жайнап, мөмө тереер кезинде,
Бутак сынып, турбай калды шагында.

Кутулбаган күтпөгөн иш бул өзү,
Кыздай назик, жакшы эле го мүнөзү.
Качан болсо кабар алып өзүңдөн,
Кандайсың деп сурап турчуу бир өзү.

Кайрат кыл дос, ийилбегин сынбаган,
Кантмек элең кудай-таала кылганын.
Кубанычтын уулу менен кызынан,
Калат эми кабарлашып турганың.

*27-декабрь 2012-жыл*

## АР ДАЙЫМ САГА ЖОЛУГАМ

Ар дайым сага жолугам,
Айталбай сүрдөп буулугам.
Алыста жүргөн кезимде,
Ашыктык күчөп оолугам.

Алдыңа барам жолугам,
Астайдил күтүп жолуңан.
Айтамын азыр ойум деп,
Апкаарып кетип соолугам.

Кармасам деймин колуңан,
Калтырап кетип корунам.
Кармалып калып өзүңө,
Калсамбы чыкпай торуңан.

Ар дайым сага жолугам,
Айтам деп азыр оолугам.
Талаада калган өңдөнөм,
Тарталбай сунган колуңан.
Тагдырды бирге кошсо дейм,
Табышып издеп жолуңан.

*13-январь 2013-жыл*

## КЫЗ КЕЗДЕ САЛГАН СӨЙКӨҢДӨЙ

*Өмүрлүк жубайым Бурулга.*

Кулагың өтүп өйкөлбөй,
Көрбөдүм ошол сөйкөңдөй.
Кыз кезиң келип эсиме,
Күзгү жаан төгүп өткөндөй.

Караймын тиктеп көркөмдөй,
Көркөмүң эстейм көктөмдөй.

Карааның карый түшсө да,
Кадимки кезиң өткөрбөй.
Карашың ошол кездеги,
Карекке жалгыз бүткөндөй.

Жаштык кез өткөн өткүндөй,
Жармашып калбай өткөрбөй.
Жарашат мага жарашып,
Жаштыгың келип кеткендей.

Жанашып жашай берели,
Жалп этип өмүр бүткөндөй.
Жарыгын көрүп уул-кыздын,
Жашайлы балдар күткөндөй.

*15-январь 2013-жыл*

## БЕШЕНЕҢ СЫЛАП

Бет маңдай туруп, бетиңден өппөй,
Бечера болуп, көзүңдөн өтпөй.
Берилип көңүл турса да сага,
Болгон бир эле бешене өпмөй.

Баркымды сезбей жогору карап,
Болсом да сага өзгөчө талап.
Болбостон койдуң көңүлүң буруп,
Боор ооруп мага койгондой санап.

Бер жакты карап, ар жакка өттүм,
Биригип сага калсам деп өткүм.
Биринчи жолу бетиңден эмес,
Бурулуп барып бешене өптүм.

Берилип чындап жыттадым эле,
Бетиңди абдан жыттагым келе.

Бет орой кошо жолуксак дагы,
Бешенең сылап жыттасам сени ээ.
*15-январь 2013 жыл*

## СУЛУУЛУК

Муз да эрийт, тийип турса жылуулук,
Муздап турса, анда болбойт сулуулук.
Маанайынан мээрим түшүп төгүлбөй,
Мерез болуп, басып кетсе бурулуп.

Жакшы кыял жан мүдөөңдү эргитет,
Жакын тартып, жаз күнүндөй серметет.
Жарашканы, жарашыгы келишсе,
Жан эргиткен жакшы көңүл терметет.

Сулуулукту өңдөн-түстөн байкаба,
Сугуң түшүп башың-көзүң чайкаба.
Суусай берип, чуркай бербей артынан,
Сабырлуу бол, акыл калчап байка да.

Сулуу десең сулуу болсун акылы,
Суудай болуп агып кетпей акыры.
Суктандырсын турмушуңда , жашооңдо,
Жуурулушуп тууган-урук жакыны.
*24-январь 2013-жыл*

## ЧЫП КАРМАДЫМ

Өптүрбөдүң беттериңден оозуңдан,
Өпкөн окшойт  менден мурун оозунган.
Өмөчөктөп өзүмө деп жүгүрдүм,
Өзгөчөсү басыгыңдын коозунан.

Таңдан көрдүм Кеңеш айыл коосунан,
Тартып көрдүм саамайынын боосунан.
Тагдырыма бул да туура келбеди,
Таба албадым, таалайыма соосунан.

Издеп көрдүм Ийри-Суунун жолунан,
Ичимде ой, болсо эми жолугам.
Ичиркендим кайра кайтып артыма,
Иши кылып чыкпай ишим оңунан.

Кайра чыктым тигил кыздын соңунан,
Капилеттеп болбоду иш оңунан.
Кайра-кайра капа болуп өзүмө,
Качан дедим , кандай кызга жолугам.

Чыксам издеп чалынамын тозулам,
Чарчагандай болгонсудум боз улан.
Чак түш болуп турган кезде кезигип,
Чыгып калды Кара-Кочкор жолунан.
Чып кармадым кучак жайып өзүнө,
Чыгарбастан ошол бойдон колуман.

*24 январь 2013-жыл*

## ЭСТЕНҮҮ

*1963-1970-жылдар*

Издейм сени берки өйүздөн акмалап,
Илгертеде атыңды атап ак тамак.
Изиңе мен жаштыгымда түшкөмүн,
Имерилип келебиз деп бапма-бап.

Кийин издеп ОКШга баргамын,
Кичинекей колдоруңдан кармадым.
Кетели деп Кара-Кулжа жерине,
Калган экен чечилбеген арманым.

Ачык сөздү сен да айтпай , мен айтпай,
Арман калып ой пикирди сага айтпай.
Алыс кеттим отпускамды бүткөрүп,
Ошол бойдон жүз көрүшүп карашпай.

Жалал-Абад окуу жайга киргениң,
Айтпагансын мен издедим,билбедиң.
Агаңмын деп алыс болбой бир жүрүп,
Алдап сени алып качып  келгенин.
Акырында угуп калдым ар кимден,
Бар болгону  ошол болду билгеним.

*28-январь 2013-жыл*

## КАТЫП КОЙООР

Балдар калат, ырлар калат артымда,
Баалай билем менин ошол баркымда.
Бактылуумун атым айтып эстелип,
Баш ийкешер изим калса калкымда.

Өңүм калса сүрөт болуп артымда,
Өмүр бою унутулбай калкымда.
Өтүп күндөр өзгөрүлүп турмушум,
Өлчөөсү бар теңдеши жок алтынга.

Кетет өмүр калгыс болуп кайрылып,
Калгам кезде бул жашоодон айрылып.
Китептеги ырларыма үңүлүп,
Карап койоор жүрсө дагы кайгырып.

Качандыр бир атам жазган экен деп,
Катып койоор бекем жерге жай кылып.
Балдарымды кудай коргоп колдогун,
Бара турган, кете турган жолдомун.

Баркы-баамды кийинчереек билишер,
Бул жашоодо кандай адам болгонум.
Барсам дагы калбас жакка узакка,
Балдарымды дайым келет колдогум.

*3-февраль 2013-жыл*

## БИРГЕ БАСЫП ДОСТОШУП

Билем сени анча сулуу эмессин,
Бирок мени суктандырган элессин.
Болосунбу, болбойсунбу ойлонгун,
Бирге басып достошууну кеңешкин.

Жүргүм келет бирге болуп достошуп,
Жүрсөк басып, эгиздердей окшошуп.
Жүрөгүмдү оорутасын эгерде,
Жүрүп кетсең биротоло коштошуп.

Баскым келет жаз келгенде достошуп,
Балалыктай бирге жүрүп жоктошуп.
Башка тилек ойумда жок билгиниң,
Башкы максат басып кетпе коштошуп.

*5-февраль 2013-жыл*

## БЕРКЕ ДЕП

Жүрөгүмдөн учкун учуп кете элек,
Жүргүм келчүү мен өзүңдү жетелеп.
Жакшы көрүп, жакынымдай сезчүүмүн,
Жаштыгыңа карабастан эселек.

Жөп жөнөкөй жүрөк оту кете элек,
Жүрөгүңдөн сезип мени күтө элек.

Жүргөнүңдөн түшүнө албай кетемин,
Жүрөсүнбү өзгөрүлбөй секелек.

Жалгыздыгың, жалгыздыктан кете элек,
Жүргөнү жок башка бирөө жетелеп.
Жакшы көрүп калганымдан өзүңдү,
Жүргүм келет ээндетип чекереек.

Жүрө бербей чакырсаңчы берке деп,
Жашырбастан айтсаң боло эртереек.
Жашоо деген бүгүн бар да эртең жок,
Жүрөсүнбү бир өзүмө эркелеп.
*6-февраль 2012-жыл*

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН

Куттук айтам Анаш уулу Жолдошбай,
Ким таанылат, чыйыр кылып жол баспай.
Келсең дагы элүү жашты аркалап,
Койгум келет отуз жашка алмашпай.

Каалайм иним өмүр тилеп өзүңө,
Картайбагын дагы элүү кар баспай.
Урмат кылып берген ушул белегим,
Утурлашып, учурашты билемин.

Учур, мезгил баркы-бааңды баалашып,
Ушул жактан аткарылсын тилегиң.
Учтуу болуп чыгармаңдын чырпыгы,
Узак мезгил жаза берсин калемиң.
*Агаң Жаныбек Мырзаибраимов*
*Жийде айылы*

## ҮСӨНБЕК КАЙНИМ БОЛГОНДО

*Жылдыгына эскерип*

Үсөнбек кайним болгондо,
Кейибейт элем болгонго.
Кадырым билип врачтар,
Колдошмок алып кол-колго.

Башпаксам барып эшигин,
Бардыгын билем эсинин.
Басынып көңүл болгонго,
Бали деп, рахмат дечимин.

Ден соолук жайын сурашып,
Үй-жайдан кабар улашып.
Үңүлө тиктеп жүзүмө,
Көргөндөй болуп жыл ашып.

Сагынган жайын билгизип,
Самсаалап чачын тийгизип.
Дарылап эле тим болбой,
Сарпайын калчуу кийгизип.

Жүрөктө калган жалынсын,
Жаннатта жүзүң жагылсын.
Жаш кеткен кайним үсөнбек,
Жайкалып кайдан табылсын.
Жаныңды кыйган ким болсо,
Жамандык ишке малынсын.

*18-февраль 2013-жыл*

## ЭМИНЖАНГА

*Армиядан кайтыш болуп келген иниме*

Атаң өттү, апаң өттү арманда,
Бир Эминжан жалгыз болуп калганга.
Айтып өтүп кайтып кетти маркумдар,
Бул жашоосун чыгарышып жалганга.

Көркөмдүгүң көктө турган ай элең,
Көңүл ачык шайыр өскөн шай элең.
Катарлашып кадимкидей жүгүргөн,
Кунан эмес, али жапжаш тай элең.

Тамашалуу,таланты бар жан элең,
Жарашыктуу жарык чачкан шам элең.
Таң аткыча чарчабаган, талбаган,
Жан жыргатып булбул болуп сайраган.
Уккандардын моокум черин кандырып,
Ата –энеңдин жалгызы элең кармаган.
Эсенмин деп укпай калды айтканың,
Эсен-аман көрбөй келип кайтканың.
Атаң менен апакеңди сыздатпай,
Армияңдан неге тирүү кайтпадың.

*22-февраль 2013-жыл*

## БУЛ КИМ ЭЛЕ

Эй туугандар өткөндөрдү карап көр,
Элде болгон темир минген саяпкер.
Эрте кетип, эл жатканда келчи эле,
Эрикпеген, зерикпеген талапкер.

Калган эмес ой-чуңкурлар,колоттор,
Карылдатып минип алып трактор.
Кайратына кайыл болуп баш ийип,
Кадимки эле темир тетик болоттор.

Жаз жарышта жер аңтарып айдаган,
Жалкоолонуп кайратынан жазбаган.
Жазы дебей, кышы дебей талаалап,
Жалтаңдабай   бардык ишке саздаган.

Уйку жайын уят көрүп билбеген,
Уккансынбы бул ким эле, ким деген.
Урмат алган Мамат уулу Раимжан,
Учурашып анда-санда эл менен.

Убакты жок ишти таштап бошобой ,
Учурунда  үйүн издеп келбеген.
Ак эмгегин эли үчүн аябай,
Аткан таңды, кеч күүгүмдү карабай.

Аты чыгып,таанылганда элине,
Ак эмгеги  эгеменге жарабай.
Эч болбосо кызыл туусун тагынып,
Турмакчы эле союз турса тараба

*26-февраль 2013-жыл  Жаныбек*

## СЕН ҮСӨНБЕК

*Эстелик койгон күнүндө.*

Сен үсөнбек, кимдей элең, ким элең?
Сулуу жигит суктандырган гүл элең.
Саламдашчуу, сылыктыгың, мамилең,
Салкын таңда жаркыраган күн элең.

Сен үсөнбек жибек элең чозулган,
Сен деген сөз чыкчуу эмес оозуңдан.
Секин сүйлөп, сендей сылык адамда,
Сейрек эле болсо керек созулган.

Сен үсөнбек, сулуулугуң суктанткан,
Сен болдуң го кайгыланткан, муңканткан.
Сүйлөй турган, сүйрөй турган кезиңде,
Сызда калдың болбой калып үн каткан.

Сен үсөнбек неге калдың чукурда,
Сезбей калдык, кандай болдуң чукулда.
Сейрек келген, сендей назик адамды,
Сен белеңсиң түшө турган чуңкурга.

Сен үсөнбек, араң орто жаш болду,
Сементтелип бекемделген таш болдуң.
Сендей уулду сейрек кудай жаратаар,
Сагындырган кайним үсөн кош болгун.

Сен үсөнбек, кайгы-муңга коштолдуң,
Сен жүрбөйсүн көчөсүндө Ош жолдун.
Сага деген жүрөктөрдүн соккону,
Сезе берет түбөлүккө кош болгун.
Сүрөтүңдөн тирүүлүгүң сезилбейт,
Кош бол иним кашаасында тосмоңдун.
Карбаластап капалыктан кыйналып,
Кайним сага ушул ырды кошкомун.

Жазып жатып нечен ойго чөмүлүп,
Жаным кейип көз жашымда коштодум.
Жакын туруп жетпесе да өзүңө,
Жакшы кал деп сунган ушул кош колум.

*Жездең Жаныбек*

*23-март 2013-жыл*

## БАЛДАРЫМ МЕНЕН БАГЫМ БАР

Башкарып, бакыт тилеп эртеңине,
Баккамын пештебестен келтегиме.
Баарына бап-барабар көңүл бөлүп,
Башкача бөлөк болбой тентегиме.

Бирине башка бөлүп сүйлөбөдүм,
Билсем да айрым ишти үндөбөдүм.
Бөлөкчө бөлүп жарып өзгөчөлөп,
Башкача көрөм сени бил дебедим.

Баарына бирдей болдум, тегиз болдум,
Балдарым кудай берип сегиз болдуң.
Бактылуу болушсун деп келечекте,
Бипбирдей билим алып эгиз болдуң.

Башкача баарыңарга назар салам,
Багымды силер жактан жазар балам.
Башымды байлап койуп силер үчүн,
Берсе дейм берекени кудай таалам.

Бир боорум баарыңарга бөлүштүрөм,
Баш кылып улуу,кичүү көрүп жүрөм.
Балдарым акыл-эстүү чыгышты деп,
Бактымды бар экен деп көнүп жүрөм.
Балдардын ызат-сыйын көрөйүнчү,
Бар болуп, болгон сүйүүм бөлүп жүрөм.

*21-апрель 2013-жыл*

## КҮТҮП ЖҮРӨМ

*Абакир баламын келинчегинен*

Көп санап бир кудайдан тилеп турам,
Күңгүрөп өз ичимден окуп куран.
Качанкы өтүп кеткен маркумдарга,
Колдой көр уул берсе , деп кулдук урам .

Ар күнү эрте туруп күтүп калам ,
Амандык эсендикти тилеп улам.
Алладан атаа кылып перзентиңди ,
Атайлап берсе,экен деп жигит улан.

Ат коюп тилек кылып алдын ала ,
Атабай болсун айтып уул балага .
Алтынай неберемдин иниси деп,
Ар убак күтүп келем бул балама .

Көкүрөк күчүгүмө күткөнүм бул,
Күнүгө төгүлсө деп көркөмдүү нур.
Нурзатым уул төрөсө кудай берип,
Кубанып болоюн деп бечара кул,
Куттуктап кубандырган сүйүнчүгө,
Каткырып кат башында сунаарым пул.

*26-май,2013-жж*

## ЖЕҢИШБЕКТИ ЭСКЕРИП

*Белгиленген жылдыгына карата.*
*2013-жыл 10 август.*

Келди мына элибизге жеңиш деп,
Койгон экен атаң сени Жеңишбек.
Калкың үчүн бала кезден башталып,
Көп ырларды ырдап кеттиң негиздеп.

Колдоо берип Шамши атаң Жеңишбек,
Кудай сага үндү кошуп тегиздеп.
Кыргызыңа нан ордуна угузуп,
Каалаган го кудай ырдан жегиз деп.

Кыргыз барбы сенин үнүң укпаган,
Кыйналганда кыймылдабай уктаган.
Концерти бар Жеңишбектин дегенде,
Клуб толуп, көрүүчүлөр батпаган.

Кечее көрдүм ЭлТРде сактаган,
Кырк жылдыгың элдер келип жактаган.
Карааныңды Ала-Тоодой көрсөтүп,
Канчалары сөз табалбай мактаган.

Карбаластап мынча неге бошоштуң,
Канаат кылбай эрте кетип коштоштуң.
Кала турбай кадырыңды карманып,
Качып кетип, Ырысбайга окшоштуң.
Комуз чертип, ал аккардион ойношсо,
Кыяматка бирге болуп топтоштуң.

*Жаныбек Мырзаибраимов ардагер*
*Кара-Кулжа району, Жийде айылы*

## ТААНЫЙ ЖҮРГҮН МАЙРАМБЕК

Укпаганга угат деген кайран кеп,
Уулум экен банкта иштеген Майрамбек.
Урмат кылам, сизди тааныйм дегениң,
Унутпагын менин атым Жаныбек.

Таанып жүргүн таттуу уулум Майрамбек,
Таанышкандай  болдум окшойт дарбыз жеп.
Генералды көрүп жүрүп ыр жазсам,
Маган айттың мингениңиз мерсе деп.

Карап туруп кайрылганда түшүнгөм,
Капкара көз жап-жаш жигит экен деп.
Кирип, чыгып көрүп жүрүп ишиңден,
Сен экенсин жүргөн жигит жетектеп.

Ыр жаздырды Дайырбегим этектеп,
Иштеп жүрөт, кыйла болгон эчак деп.
Илбериңки кичи пейил жетекчи,
Адамдардын кадырына жетет деп.

Өз кесибин абдан жакшы тактылап,
Фин кредит бөлүмүндө так иштеп.
Эл ичинде сый-сыпаттуу кадырлуу,
Эмгек кылып келе жатат жетектеп.

Көптү каалайм, көп катары келечек,
Сенин ишиң баарыбызга эң керек.
Сыйлай билсең улуу дебей, жаш дебей,
Сурап турат суктанышып Майрамбек.
Зарыктырбай, көп күттүрбөй берип жүр,
Заматында акчаларын эртерээк.

*3-июль 2013-жыл*
*Ж.Мырзаибраимов*

## КЫМЫЗЧЫ КЫЗ

Эй чоң кыз, чаначыңды чайпадыңбы,
Эмне үчүн келгенимди байкадыңбы.
Эртелеп кымызыңдан кана ичип,
Эндиреп мас болгондо кайтамынбы.

Эй чоң кыз, жылкыларың тосойунбу,
Энчиңе сен тарапка бошойунбу.
Эркелеп эркин болуп жайытыңда,
Эсептеп жылкыларым кошойунбу.

Эй чоң кыз, кулундарың байлайынбы,
Эсептеп жылкыларың айдайынбы.
Түрткүлөп отун жагып очогуңа,
Түтөтүп чаначыңды майлайынбы.

Эй чоң кыз, саамалыңдан татайынбы,
Эндиреп соолукканча жатайынбы.
Эрикпей эстей жүрүп бир өзүңдү,
Эркетай кымызчы кыз атайынбы.

*19-август 2013-жыл*

# АТА ЖУРТ ТУРМУШ ЖӨНҮНДӨ

Өкүттө калаар бекенбиз
Уруу, уруу болуп бөлүнүп,
Ыдырап турсак сөгүлүп.
Ынтымак кетсе элимден,
Ырысы калаар төгүлүп.

Уруу, уруу болуп бөлүнүп,
Уламдан ,улам көнүгүп.
Унчукпай калбай каяша,
Улуулай турсак сөгүнүп.

Урматтап сыйлоо бар эле,
Уулугуп кеттик шар эле.
Урууга бөлүп, бөлүнбөй,
Улууга кичүү пар эле.

Бир айыл чакан алакан,
Биригип кыргыз тараган.
Ыдырап уруу, уруу деп,
Бөлүнсөк кантет аламан.

Кыргызмын дейбиз кыргызмын,
Кырына жетпей турмуштун.
Кыйла жыл өтүп келсе да,
Кыйратып нени тургуздуң.

Ырыстын алды ынтымак,
Ынтымак зорго жылтырап.
Ушундай болсо эгемен,
Узабайт кыргыз нымтырап.

Идея-кармап тутунуп,
Ийилип кетпей утулуп.
Илгери максат ойлонсок,
Ириңдүү дарттан кутулуп.

Өнүгүп кетеер экенбиз,
Өзгөчө болсок бекем биз.
Өзүбүз турсак бөлүнүп,
Өкүттө калаар бекенбиз.

*7-декабрь 2012-жыл*

## КАЛОШУМ КЕТТИ ЖОГОЛУП

Кымыйып бирөө,кымыйып,
Кымтылап кийип жымыйып.
Калошум кетти жоголуп,
Ким бирөө калды тымыйып.

Калошту кийип адашып,
Кнопка белги кадашып.
Кымыңдап ичтен сүйүнүп,
Кычырап кийип жарашып.

Мен үчүн калган, өңү жок,
Ичи да тышы жүнү жок.
Ийрейип мурду бырышып,
Ит мүлжүп койгон теңи жок.

Айласыз келсем талпылдап,
Алдымдан чыгып балпылдап.
Алданып келген сени деп,
Аялым кетти алкымдап.

Аз эле болгом алганга,
Арманда калдым арманда.

Айылга чыксам экинчи,
Ак сумка алам салганга.

*2012-жыл 9-декабрь*
*Жийде айылы*

## ТӨРГӨ ЖЕТИП

Улуу болуп улуулукка бардымбы,
Улуу жаштык тиешемди алдымбы.
Улгайгандык жеткендиктен ийилип,
Уул,кызымдан урмат күтүп калдымбы.

Улуу жашты улуулата жетелеп,
Учурунда сезип калдым эртелеп.
Урмат алып, сый-сыпатты улантып,
Утурладым тосуп алдым энтелеп.

Төрдү ээлеп, отурганым билинбей,
Тоскоолу жок эч нерсеге илинбей.
Таасир берип төрдө отурчуу силерди,
Тартамынбы тартип алып киминдей.

Боломунбу, Авил авам чечендей,
Болсом деймин акыл айткан кекенбей.
Болгон эле элге башчы Жумабай,
Баарын тегиз баштап келген текендей.

Төрдүн сыйын, элдин сыйын билейин,
Тообо кылып бир кудайдан тилейин.
Таасир берип улуулардын урматын,
Токтоо билип журт башкарып келейин.

*2012-жыл декабрь*

## МЫНА ОШОНДОЙ АДАМЗАТ

*21-декабрь 2012-жылкы*
*ушак сөзгө карата ой-толгоо.*

Бул адамзат баары окшош көрүнөт,
Бирок алар көп түрлөргө бөлүнөт.
Башка-башка кыял жорук мүнөзү,
Бүтүп өмүр бөлөк-бөлөк көмүлөт.

Бирин көрсөң кара тору капкара,
Буруласын көрө калып жалтана.
Бирин көрсөң буудай ыраң сапсары,
Бирин көрсөң аппак нурдуу дапдаана.

Баарын өзү бир кудайың жараткан,
Бирдей кылбай кыял жорук тараптан.
Бирин бийик,бирин төмөн көрсөтүп,
Бири эстүү,бири толкун шар аккан.

Бирөө ачык,карасы жок ичинде,
Бир жөнөкөй жамандыксыз эч кимге.
Бардыгына бирдей тегиз ак көңүл,
Байоо берет дал ошондой сезимге.

Бирөө жүрөт колтугунда ташы бар,
Башкалардан жакшылыгын жашыраар.
Билсе дагы билем деген сөзү жок,
Бар болоюн , бир өзүм деп ашыгаар.

Бар ичинде курсагы чоң , ичи тар,
Барааны бар, карааны бар түрү бар.
Башкаларга бир жакшыны каалабай,
Басса турса ырайымсыз түрү бар.

Бир акылдуу, бир акылсыз дагы бар,
Бирдей жагып элди бийлеер жагы бар.

Билбей жакшы акылсыздар арада,
Басат бирок, төрт буттаган жаныбар.

Бузуку бар өңдү кылган тескери,
Бузук көңүл кирип алып ичкери.
Басса-турса ой-мүдөөсү башкача,
Бышып турат ирип-чирип ичтери.

Бирөөлөр бар акты көрүп каралайт,
Бүтүндүктү бөлүп-жарып аралайт.
Бирге турсаң  бүлүк салып көңүлгө,
Баш оорутуп жүрөгүңдү жаралайт.

Бир адам бар көңүл черин көтөргөн,
Билбегениң билип берет көктөмдөн.
Бажырайган маанайынан көрүнүп,
Бөлүп турат бир башкача көптөрдөн.

Билбесең бил мына ошондой адамзат,
Баары бирдей жерди басат кадамдап.
Бассак турсак барып калдык ушуга,
Бакыл болуп бирин-бири жамандап.
Бул ойлорум бурулсак деп оңолуп,
Бул заманды бузуп албай тамандап.

*2012-жыл 14-декабрь*

## ЧЫЧКАН ЭЛЕ

Катар –катар саны өсүп көбөйдү,
Капарына сезип койбой өгөйдү.
Кашкулактай семиргенден семирип,
Капарына албай элдик көйгөйдү.

Коркпойт такыр корко турган өңдөнбөйт,
Кош-кош чуркап бир тоготпой көндөңдөйт.

Короо –сарай, курулушту бүт ээлеп,
Карс-карс күлүп , буга керек жөндөм дейт.

Чычкан эле калар болуп чоңойду,
Чыктаттырбай чырпып жеди оңойду.
Чычалабай айтсаң сөздүн чындыгын,
Чыгаан болуп булар турмуш оңойбу.

Калар деген калар бойдон калабы,
Калыс болбой элдин койгон талабы.
Карапайым калкып тапкан байлыгын,
Кайсап-куйсап калар эле алабы.
Көпчүлүктүн көздөрүнө карабай,
Көрбөдүм деп, билбедим деп танабы.

## КАРЫЛЫККА КАРАТА

Теңселип баскан сайын ойлойм сени,
Теңдешип салмак басып сени мени.
Теңтуштар баратабыз картайгансып,
Тебелеп, өмүр өтүп жетеер чени.

Жаш өтүп барган сайын кемип деми,
Жамбаштап жатчуу болуп калдык эми.
Жанашып өмүрүңөн кем калышпай,
Күч-кубат кошо болсоң калбай деги.

Өдөлөп барган сайын өмүр жашың,
Онтолоп ичкен болуп тамак-ашың.
Өгүздөй күч мезгилиң өтүп кетип,
Өзгөрүп , ооруп-сыркап буту-башың.

Кор кылбай кармалатпай буту-башың,
Карарып өңүн бузбай чачың-кашың.

Култуйтуп чанач болуп куйуп турсаң,
Курсакка кирип чыкпай ичкен ашың.

Термелтип өлүк,кылбай тирик кылбай,
Тирмейип отурганың жерге сыйбай.
Тартайып ташбакадай болгонуңча,
Тездетип алып кетсе калыс кудай.

*2012-жыл 11-декабрь*

## ЭЛДИН КӨЗҮ

Элдин көзү жөн көз эмес ойнобо,
Элди алдап элди болбойт ойноого.
Эл ичинде кара көз бар, ак көз бар,
Эч ким билбейт экенго деп ойлобо.

Элдин көзү көрүп турат тууруну,
Элдин көзү көрүп турат ууруну.
Эл ичинде, чел ичинде билинбей,
Элдин мүлкүн жулуп-жутсаң тууру бу.

Элдер көрөт алыс жакын басканың,
Эпсиз ичип, эпсиз ойноп чачканың.
Эрте кечте байкабайт деп ойлобо,
Эсептешет келген жагын акчанын.

Көрүп турат жакшыларды жаманды,
Көзү көрүп, чөп-бедени саманды.
Көрбөйт го деп билбейт го деп ойлобо,
Көрүп турат оору, сыркоо аманды.
Элдин көзү элек өңдүү иргелейт,
Эрте баскан , эрке баскан кадамды.

*2012-жыл 15 декабрь*

## КАЛК ИЧИНДЕ

Чыйпыйлашып  чыйрак эле чычканым,
Чырайланып көчө бойлоп чыкканын.
Чак түш дебей,кеч күз дебей тынымсыз,
Чамасы жок , бошобойт деп уккамын.

Чыртыйганын чыкчырылып басканын,
Чыдап көрбөй сүрдөп алыс шашкамын.
Чыйпыйлабай үнү такыр өзгөрүп,
Чоң кызматта бийлигинде башканын.

Казып жедиң, жазып жедиң кыйналбай,
Катаасы жок жең ичинен булганбай.
Калк ичинде жашап келет тымызын,
Кадимки эле ууру жегич чычкандай.
Кайра-кайра катарлары көбөйүп,
Каркыралар асман мелжеп учкандай.

## КАРЫЛЫКТАН КОРККУНУҢ

Коркпогун бир өлүм бар алтын башта,
Качандыр, эч ким билбейт канча жашта.
Кайрылбай келген жакка кетмегиң бар,
Кудайлап жашай тургун такыр шашпа.

Картайып барган сайын аста-аста,
Карылык кор кылбасын ошол жашта.
Кароосуз калганыңча карып болуп,
Карт кудай алып кетсин шарт бир паста.

Жетимиш өдө жашап өтүп барсаң,
Жер илип, кемпириңден жетим калсаң.
Жер тиктеп үйгө батпай, төргө батпай,
Жүргөнчө жакшы болоор өлүп тынсаң.

Бергиче сексен жашты токсон жашты,
Бактылуу карылыгың болсо жакшы.
Бечера болгучакты өтө карып,
Бат эле алган жакшы кайран башты.
Кармалап кабар алар күйөөрүң жок,
Карматып берип тураар тамак ашты.

*21-декабрь 2012-жыл*

## КОШОМАТЧЫ

Кожоюн деп колтугуна жармашат,
Күтүлбөгөн көз карашын алмашат.
Кереги жок болсо дагы илешип,
Колдоо берип, колун сылап кармашат.

Карап билет көз башынан айланып,
Карегине тегеренип байланып.
Кыймылдаса кошо басып алдында,
Күтө билип, керегине шайланып.

Сүйлөгөндө сөзүн кошуп аралап,
Сөзү менен колдоп калат паралап.
Сезе койуп кожоюнга ким жаман,
Суу жуктурбай согуп келет каралап.

Чыгып сүйлөйт чоң жыйында айылда,
Чыке деген сөзүн коштоп дайынга.
Чаң жугузбай мактап келет апыртып,
Чарбасында бардык жумуш жыйында.

Чатагы жок иштеп жатат азыр деп,
Чындыгында чыкем керек айылга.
Жашап келет арыгын чаап, суу койуп,
Жагып келет кошоматтап чуу койуп.

Жаныбызда арабыз да жүгүрүп,
Жанын багып, малын багып койкойуп.
Жарагындай, керегиндей иш бүтсө,
Жолун жолдоп жолго салат кой сойуп.

*25-декабрь 2012-жыл*

## КОШУЛУП БИРГЕ ОҢДОЙЛУ

Жакшылап мактап жегендер,
Экөөнү кимдер колдоду,
Жыргатам эми дегендер.
Какайып азыр Алмазбек.

Жаңылап ишке келгенде,
Колуна алып оңдоону,
Жайдары мүнөз кеменгер.
Коррупция жойулбай.

Келечек ансыз болбоону,
Жаңыдан келип айылга,
Калың эл жактап өтүнөт.
Жардамым тийет дайыма.

Кошулуп бирге колдоону.
Жан үрөп айыл башкарам,
Жаңылайм койбой жайына.
Жабыркап жаткан жерлериң,
Жаңырат тоо-таш сайың да.
Жалганчы болду алдады,

*23-декабрь 2012-жыл*

## ЖАРАШЫКТУУ ЖЕРИМЕ

Башчысы бол,президент бол элиңдин,
Баш отуңдан таза иштеп берилгин.
Баркын билип , баалай билип адилет,
Баасы жеткис байлыгы зор жериңдин.

Бардык байлык өндүрүлөт жериңде,
Болбогондо жүз элемент keминде.
Бардар жашоо куруп койсо болбойбу,
Бакыт нурун куйуштуруп элиңде.

Ташы да бар, ашы да бар кеңири,
Таштап кетпе кымбат баалуу жериңи.
Тагдырына кыргызына жаралган,
Таш көмүрү,алтын,күмүш,темири.

Жаман дебе жарык чачкан жериңи,
Жаралгандан жашайт кыргыз теңири.
Жайлоолору,тоо чокулуу аскасы,
Жарпын жазып кубандырат элиңи.

Жаныбары түрлүү түмөн кыр-кырлап,
Жанга жаккан шамал согот ыр ырдап.
Жашоо деген бир келет да бир кетет,
Жамаатташпай бөлүнбөстөн ынтымак.
Жарашыгы төп келишкен жеримде,
Жарып бөлбөй тынч койолу кымтылап.

*25-декабрь 2012-жыл*

## КЫЯЛДАНАМ ЖЕРИМЕ

Карап көрсөм асман ачык жаркырайт,
Кылымдарга аккан суусу шаркырайт.
Катар-катар ГЕСтер түшүп суусуна,
Караңгыны жарык кылып, жалтырайт.

Түгөнбөгөн Ыссык-Көлү жарашып,
Түпкүрүнө , түндүгүнө жанашып.
Түйшүктөнүп алыс-жакын коңшулар,
Түңүлүшпөй көрсөкпү деп талашып.

Ала-Тообуз асман тиреп кайкаят,
Арасында чокулары заңкаят.
Алтыным ал, күмүшүм ал дегенсип,
Ачык көңүл ак дилинен маңкаят.

Токойу бар көз кайкыган ченемсиз,
Толгон байлык ,эсеби жок кененсиз.
Тартып койгон сүрөтүнө карасам,
Такыр башка сулуусусуз менен сиз.

Торгойлору, булбулдары түрү көп,
Тоолоп чыксаң үлпүлдөгөн дары чөп.
Тосуп чыгып аркарлары ,кулжасы,
Тон жамынган аюлары күркүлдөп.

Кыргызыма куп келишет жарашат,
Кыр-кырлардан суктанышат карашат.
Кымызымдан ичип анан кетиң деп,
Кымча белдүү сулуу кыздар талашат.

Кылым кезеп өз жерибиз сактайлы,
Кыя басып арзан пулга сатпайлы.
Кыргыз деген, кыргызымдын байлыгы,
Кууратбайлы, кор кылбайлы барктайлы.

Кезек күтүп , тилек кылган жаштарды,
Кудай колдоп,жактыралы жактайлы.

*19-декабрь 2012-жыл*

## КАЛАР-МЫШЫК

Ала мышык, кара мышык, сары мышык,
Ара мышык , бала мышык, кары мышык.
Ар бири алыс эмес бир туугандай,
Ар жерде жүрсө дагы жаланышып.

Бардыгын бийлеп келет кары мышык,
Башчысын карап калат жанашышып.
Балапан чычкан көрүп калса эгер,
Басышат башпактырбай талашышып.

Калтырбай чычкандарды кырып жойуп,
Каалаган ийиндерге бирден койуп.

Казына бийлик алып кара мышык,
Тойуна чоң каманды сойуш сойуп.

Чычкандар чыккан жерден түгөнүштү,
Чечкиндүү калар калды билип ишти.
Чочулап коркпой эле үркпөй эле,
Мышыктын катарына тизилишти.
Болушту карап турсаң кайра куруп,
Бир тууган болгондугу сезилишти.

*1-январь 2013-жыл*

## КАЯКТАГЫ

Колунда болбой өнөрү,
башканы келбей көрөөрү.

Каяктагы калем учтай билбеген,
Калат кееде кайым айтып биз менен.
Кадимки эле эки сөздүн маанисин,
Катарлатып, катар айтып тизбеген.

Каяктагы казык жасай билбеген,
Кыйын болуп чоң ооз менен тил менен.
Колдон келсе бир башкача болмокчу,
Качан болсо көрө албастык издеген.

Каяктагы эл башкара билбеген,
Кайрып сүйлөш, кандай сүйлөш ким менен.
Колдон келбейт кошоматтан башкасы,
Качан болсо көрө албастык издеген.

Өмүрүндө өнөр, кесип билбеген,
Өдө-төмөн, жакшы-жаман сезбеген.
Өздөштүрүп аркы менен беркини,
Алигиче таанышы жок кез менен.

Азыр турмуш эгемендик мезгилин,
Айырмалап көрө билбей көз менен.
Андан көрө өнөрлүүгө жармашып,
Алып үйрөн жүрө бербей сөз менен.
Алың жетпейт таланттууга теңелип,
Ары жогум келип үйрөн биз менен.

*11-январь 2013-жыл*

## БЕШИК ЫРЫ

*Азыркы шартка жараша.*

Бек болсун деп, бешик жасап берилип,
Жатсын дедим бутун сунуп керилип.
Бакыт тилеп өмүр тилеп кудайдан,
Бар  ойумду узак максат демигип.

Башчы болгун качып кетпей жериңден,
Бекем кармап,үзөңгүңдү теминген.
Баса калып, элдин мүлкүн тебелеп,
Билинбесин такыр кыял демиңден.

Бакыл болбой, баатыр чыккын элиңден,
Берсин кудай күч кубатты белиңден.
Бекем туруп, эл милдетин аркала,
Башка жолго каалабаймын сени мен.

Ууру болбо элдин мүлкүн алдаган,
Утуркусун утуру жеп жалмаган.
Өзүңө эмес элиң үчүн ийилип,
Өздөштүрүп элге байлык камдаган.

Алдей балам келечегиң камданам,
Адал иште, арам ишке барбаган.
Адам болгун эл көзүнө көрүнүп,
Элге жаккан, эл жактырган тандаган.

*10-январь 2013-жыл*

## МЕН КУДАЙГА ИШЕНЕМ

Мен ишенем, кудай бар деп ишенем,
Мени сактап колдойт го деп ичимен.
Мен тилеген, ой максатым орундап,
Маанайымды ачык кылган бешенем.

Мен ишенем ,мен кудайга ишенем,
Мээрим төгүп, колдоо берген киши мен.
Маңдайыма,таалайыма нур чачып,
Мени колдоп, колдоо алгам ишимен.

Мен ишенем, бир кудайга ишенем,
Миң мертебе чыгарбаймын эсимен.
Мага кудай берип келет билемин,
Мен төрөлүп чоп-чоң болгон кезимен.

Мен ишенем өмүр бою ишенем,
Мага кудай берип койгон бешенем.
Максатым зор, тилегим бар пендемин,
Тирүүлүктө корком кудай пешинен.
Коргой бер деп, колдой кел деп бүлөөмдү,
Күткөнүм бар, кудай колдоп дешинен.

*12-январь 2013-жыл*

## КЫРГЫЗ ТИЛИ КИМГЕ КЕРЕК

Адилет бийлеп башкарсаң,
Адепти тилден баштасаң.
Кыргыз тили,
Кимге керек?
Кыргыз туруп,
Сүйлөбөсө,
Бирин бири,
Тилдеш керек.
Эмне үчүн
Башка улуттар,
Бизде жашап
Билбеш керек.
Кыргыз тили
Кимге керек?
Кыргызымда
Төрөлгөндөр,

Кыргыз тилде
Сүйлөш керек.
Көчөдөгү көрүнөктөр,
Кыргызчалап
үндөш керек.
Эгемендүү элибизде
Кыргыз тили,
Гүлдөш керек.
Кыргыз башка
Тилди туурап,
Көңүл улап
Күлбөш керек.
үй-бүлөдөй
Жашаган соң,
Кыргыз тилде
Сүйлөш керек!
Сүйлөш керек!

*13-январь 2012 жыл*

## ЖҮРӨК СОГОТ ЗЫРПЫЛДАП

Учкай кыял, учуп өтөт кыр-кырлап,
Улам улап согот жүрөк зырпылдап.
Утурумдук ,убактылуу жашоодо,
Урма-турма  тынымы жок тырпылдап.

Бул жашоодо көңүл турат кылтылдап,
Бир калыпта сокпой жүрөк былкылдап.
Башың ооруп , көзүң ооруп өмүрдө,
Барган сайын картайуу бар кыңкылдап.

Кантсе дагы көңүлүң бар назың бар,
Кыш чилдеси,жай саратан жазың бар.
Кееде бийик, кееде төмөн маанайың,
Капа болуп, кайтып оңдоп жазылаар.

Антсең дагы баары калат турбайбы,
Аткан октой таамай тиет бул кайгы.

Алыс кетпей унуталбайт экенсин,
Алдап көңүл, арбап көңүл кылмайды.

Качып жүрөк ,түгөнгүчө былкылдап,
Кайран өмүр жүрө берип кыр-кырлап.
Кара тактар кетпес болуп сакталып,
Кайра-кайра эске түшөт зырпылдап.

Буюмдагы кара тактар жоголот,
Башка жериң ооруса да оңолот.
Бирок жүрөк айыга албай түбөлүк,
Бул жашоого унутулгус жоо болот.

*12-январь 2013-жыл*

## ОҢДОЛСО ДЕЙМИН

Муздак суу жылыйт от менен,
Муздаткыч иштейт ток менен.
Мээнеттеп акча таппасаң,
Мезгилиң өтөт жок менен.

Темирди таптайт чок менен,
Тең болуп иште шок менен.
Темселеп жүрсөң көчөдө,
Турмушуң өтөт жок менен.

Кекилик атат ок менен,
Керилип иште топ менен.
Көбөйтүп жумуш кылбасаң,
Көркөмүң чыкпайт жок менен.

Өрдөктү атат ок менен,
Өздөштүр ишти көп менен.
Өзүңчө жүрсөң чалкалап,
Өмүрүң өтөт жок менен,

Оозуңду ачпа жок менен,
Ойуңду айтсаң сооп деген.
Олжоңду таппай уйкудан,
Оңдолсоң болот жооп менен.
Ойкуштап күчү таптабай,
Оңдолсо керек деп келем.

*22-январь  2013-жыл*

## КЫРГЫЗДЫН ҮЧ КЫЛ КОМУЗУ

Кыргыздын үч кыл комузу,
Кылымдар таңшып добушу.
Кыр-кырлап Ала-Тоосунда,
Комуздун болгон конушу.

Кыялы менен комузу,
Кыл келип чыгат добушу.
Көркөмү көлдөй көрүнөт,
Ысык-Көл, Соң-Көл болушу.

Өрүктөн тандап чабылат,
Карагай капкак жабылат.
Комузчу молдо күүлөрү,
Кайрыгы менен жаңырат.

Ичеги кылы тагылат,
Иштелип,оңдоп жаңылап.
Инструменттер аркестир,
Ийкемдүү үндөп жаңырат.

Самара черткен комузун,
Самашат шаңдуу болушун.
Сакталып үч кыл комузу,
Самаймын тилеп жол узун.
Жер шарын кезип,кыдырып,
Жылдызга барып конушун.

*14-январь 2013-жыл*

## АРАКТАН ПЛАН ТОЛОБУ

Үй-бүлөө күлүп тособу,
Күн санап ичсең бозону.
Үңкүйүп кирсең мас болуп,
Күткөнү беле ошону.

Күнүгө келсең мас болуп,
Кыш күнү сага жаз болуп.
Калтырап колуң титиреп,
Калтаңдап басып каз болуп.

Эртелеп туруп шашылып,
Энтелеп башың кашынып.
Эшикти тиктеп шыкаалап,
Качкысы келип жашынып.

Арактан план толобу,
Адашкан адам оңобу.
Ачкаарын тамак ичпесе,
Адамдык сапат болобу.

Айтканды такыр укпасаң,
Арага бирөө кошобу.
Айтылган арман азыраак,
Араккор үйдүн кошогу.

*18-январь 2013-жыл*

## ӨЗГӨНҮМ

Өзгөнүм шаарым Өзгөнүм,
Теңебейм шаарын өзгөнүн.
Тийгизбей кирпик кашыңа,
Өзгөчө келет көздөгүм.

Өзгөнүм шаарым Өзгөнүм,
Өзгөчө сулуу көздөрүң .
Сүйлөшүп кыргыз тилинде,
Сүйлөгүн билип сөздөрүң.

Өзгөнүм менин Өзгөнүм,
Көрүндү кыйла өзгөрүүң.
Кыйышпас достук үзүлбөй,
Кыргызым менен өзбегим.

Бардыгың келет өз дегим,
Бар болгун досум өзбегим.
Башпагып бирге үй-үйгө,
Бир тууган жагын сезгемин.
Барчылык тилеп шаарыма,
Өркүндөй берсин тез дедим.

*20-январь    2013-жыл*

## АТА-ЭНЕҢ БАРДА

Ата бар көңүл ток болот,
Атанын орду жоктолот.
Аталап билбей кадырын,
Айрымдар ашык шоктонот.

Эне бар кызың эркелейт,
Эртеңин сезбей энтелейт.

Эненин көзү өткөндө,
Эндиреп кейип темселейт.

Ата-эне сени бакпаса,
Акылдап көрүп байкаса.
Арадан айрып биле албайт,
Аныктап сүйлөп айтпаса.

Ата-энең барда сыйлагын,
Акылын угуп жыйнагын.
Акыры өтүт дүйнөдөн,
Арманың айтып ыйлагын.
Адашпай жашоо турмуштан,
Алып кал чачпай жыйганын.

*20 январь 2013 жыл*

## УКПАГАНДАЙ СЕЗИЛЕТ

Бирине акча, бирине арак көрүнөм,
Билбейм өзүм карызга окшоп көбүнөн.
Басбай калам акча жокто чөнтөктө,
Болбойт окшойт ажыраймын бөлүнөм.

Бирде маста, бирде соодо жолуман,
Бек кучактап жыттагылайт колуман.
Мас кезинде сүйлөгөнүн билдирип,
Меесин чагып бир азыраак оолугам.

Кееде жалгыз, кееде чогуу кезигем,
Көз караште арак болуп  сезилем.
Кечее күнкү кылгандарын мастыгын,
Кыйнап айтып, калтырсам деп эзилем.

Айткандарым укпагандай сезилет,
Арстан болуп, мас абалда кезигет.

Алыс басып жүрсөм окшойт досуман,
Али бери оңолбогон  кезинен.
Абалына көңүл бөлүп карасам,
Араң зорго качып кетип демигем.

*24-январь 2013-жыл*

## БУЛ САЯСАТ

Бул саясат, кандай эле башында,
Булганбастан таза жүргөн жашында.
Башта шапке колдо папке көтөрүп,
Билими бар, басымы бар жакшына,

Бул саясат кадыр барктуу болучу,
Бактысы бар кыргыз менен орусу.
Бакылдабай,тарактабай ынтымак,
Бир үй-бүлө жашап чогуу конушу.

Эмне болду орусу жок кыргызы,
Эби кетип бирин бири кырышы.
Эптеп-септеп жулсам эле болду деп,
Элин дебей , өзүнө жеп турушу.

Азыр мына саясаттын сорту көп,
Асман менен космос бойлоп көкөлөп.
Арзан эмес ,оптом баасын көтөрүп,
Алдым,жуттум биригишсе экөөлөп.

Калбай барат кыргыз элим байлыгың,
Кумдай санап кымтыкейлеп айныдың.
Көчөдө эмес, ар бир үйдө саясат,
Калбасы көп, пайдасы жок кайрымың.
Коррупция деген душман күч алып,
Кылып жатат кыргыздардын айрымын.

*29-январь 2013-жыл*

## ОЙЛОРУМ МЕНИН ОШУМДА

Ойлорум менин ошумда,
Ошумда ойум Ошумда.
Олуя сырлар жаткандай,
Сулайман бийик тоосунда.

Ордолуу Ошум ойумда,
Ойнойлу жыргап тойунда.
Которуп борбор экинчи,
Котурташ болбой конунда.

Оӊ болсун тилек ойлору,
Ак-Буура суунун бойлору.
Аманат кылып элине,
Алланын берип койгону.

Сактайлы жасап сактайлы,
Суктанып карап жатпайбы.
Көз тийбей көркөм Ошума,
Көрсөтпөй жалын жакпайлы.

Жактайлы көптөп жактайлы,
Жашарып бара жатпайбы.
Меерибиз кылган ишинин,
Мееметиӊ айтып мактайлы.

*26-январь 2013-жыл*

## ВИДЕОГО

Балдарым келсе чогулуп,
Тартышып койоор деп жүрөм.
Балдарым келсе оолугуп,
Талпынтып койоор деп жүрөм.

Адатынча Жаныбек,
Таланты менен ыр кошуп,
Алкынтып койоор деп жүрөм.
Кыздарым келсе чогулуп,

Кылдап бир койоор деп жүрөм.
Венерам жок өксүтүп,
Кыйнап бир койоор деп жүрөм.
Неберелер чогулуп,

Сыйлап бир койоор деп жүрөм.
Не бир калган иштерди,
Жыйнап бир койоор деп жүрөм.
Туугандарым чогулуп,

Күтүп алаар деп жүрөм.
Күтүлбөгөн көп иштер,
Бүтүп калаар деп жүрөм.
Достор келсе чогулуп,

Дасторконго деп жүрөм.
Дайыма бирге болушуп,
Коштоп жүрөөр деп жүрөм.
Кудай сыйлап узатып,

Кошкула дейм деп жүрөм.
Тартып калаар тартышып,
Мени деймин деп жүрөм.
Ыраазылык тагдырга,
Эми деймин деп жүрөм.
Тагдырыма миң жолу,
Кейибейин деп жүрөм.

*26-январь 2013-жыл*

## ЖАКШЫ СӨЗҮ

Жакшы адамдын жакшы чыгат сөздөрү,
Жалжал тиктейт жарашыктуу көздөрү.
Жаман айтып, жаман кылбай мамиле,
Жакын сезет, жат болсо да өзгөнү.

Жакшы адамдар жакшылыктан сүйлөшөт,
Жамандыктан жакшы бол деп үйрөтөт.
Жакшы адамдын жакшы сөзүн угуп кал,
Жашоо өмүр, жаш кезегиң күн да өтөт.

Жакшы сөзүн, жакшы сезип камдап кал,
Жарашыктуу жумшак пейил коргоп кал.
Жаштыгыңды жараштырып урунуп,
Жакшылардын жакшы жагын колдоп кал.

Жакшы  жакшы жакшылыкка жетелейт,
Жакшы көрүп, өз жанына берке дейт.
Жакшы сөзүн угуу баркын билбесең,
Жакындабай алыс сенден чекелейт.
Жарытылуу жашоо көрбөй турмуштан,
Жаман кыял, жаман пейил желкелейт.

*4-февраль 2013-жыл*

## МИГРАНТТАРГА

Атанбаев айткандарын аткарат,
Россиядан кыргыздарым бак табат.
Арабызды бириктирип достошуп,
Оорундашып , бир туугандык сакталат.

Мигранттарым, милдетиңер такталат,
Мээнетиңер бирдей баалап акталат.

Орус кыргыз, кыргыз орус келишип,
Кадимкидей орустардай акча алат.

Камбар-Ата ГЕСин куруп мактанат,
Кол койулуп келишимдер такталат.
Орус эли жардам берип кыргызга,
Кыргыздарым кыйналуудан сакталат.

Колдоо берип, коргоо берип элиме,
Кошуп турат рубль акча кемине.
Кыргызымдын мигранттарын колдошуп,
Оруссия жардам бербей эмине.
Окуубуз бир, жашообуз бир эзелтен,
Оошуп келдик орус тууган жерине.

*5-февраль 2013-жыл*

## АЛДАГАНДАЙ ЗАМАНА

Айтайын укчу садага,
Атайлап жыкмай жалага.
Абийир болбой,ар болбой,
Алдамай,жутмай замана.

Жулкунуп,жутуп турушат,
Жулмалап чагын жулушат.
Жакшылык кылуу ордуна,
Жамандык издеп турушат.

Укканда чачың тик туруп,
Унчукпай калбай ынтылып.
Уратып тоону бузушуп,
Уурдашты алтын кымтылып.

Алганын алып алышты,
Алтылап үйлөр салышты.

Асеңден Кукең кемби деп,
Алыстап кетип калышты.

Тартиби элдин бузулду,
Таарынтып кызың, уулуңду.
Тагдыры тайкы болушуп,
Таң калган сөздөр угулду.

Кыздары тууду баланы,
Карабай ини аганы.
Кайрымы кетти жоголуп,
Кайрылбай эже таганы.

Мыкаачы болуп жүзүбүз,
Мышыктай тиктеп көзүбүз.
Меерими калбай жүз калбай,
Мамиле кылбай өзүбүз.

Тегиздик калбай тең калбай,
Теңтушун теңтуш алдамай.
Тим эле жүрөт айыпкер,
Таанышы чыгып кармалай.

Элиме тартип келеби,
Эс акыл калчап билеби.
Эркиндик  заман эгемен,
Ушундай беле тилеги.
Умтулуп жашап жыйырма,
Ушулбу берген белеги.

*5-февраль 2013-жыл*

## ТЫРЫШЫП

Ичпей-жебей кабак кашы бырышып,
Акча тапкан талбай меенет кылышып.
Дасторконго ченеп тамак койдурбай,
Жеп ичкенге ичи ооруп тырышып.

Табат-тутат ар тараптан кымтышат,
Кышкы суукта от жагышпай тырмышып.
Базар жакка барып калса кокустан,
Тамактанбай тартынгансып жылмышып.

Кийим-кече жаңыланбайт кийинбейт,
Карыз алса аласын го кийин дейт.
Короо толо кой-эчкиси болсо да,
Киши сыйлап кой сойгону билинбейт.

Сом коротуп мончо жакка киринбейт,
Көз ачылбай чылпак басып ириңдейт.
Эл ичинде аралашып сүйлөсө,
Мага деги теңелесин кимиң дейт.

Эл ичинде болуп калса топтомой,
Тура калып кетмейи бар онтомой.
Тизме менен тактап калса бүлөөсүн,
Тийбегиле жашоосу дейт эптемей.

Кайда барат чеке тери бырышып,
Канча малды жебей-ичпей кылышып.
Катып-сенеп жыйнаганың артыңда,
Калат сенден кармансаң да тырышып.

*7-февраль 2013-жыл*

## КАНДАЙ ШАРТТА БАРАЛАТ

Кандай болду кыргыз сенин бешенең,
Качан жанып жарык берет көшөгөң.
Жакшы кабар угамбы деп умтулсаң,
Жалган-жашык сөздөр чыгат көчөдөн.

Көздөн-көзгө көрө албастык артылды,
Күндөн-күнгө кетирдиң го баркыңды.
Кылымдардан  сактап берсе табигат,
Кымтый берип түгөттүң го алтынды.

Карайсынбы карапайым калкыңды,
Кармасаңчы кармап бир аз алкымды.
Кара ниет Канадага жедирбей,
Калтырсаңчы кыргызыңа алтынды.

Калайык калк калыстык деп талпынды,
Кыргызыңдан ашык көрбө алтынды.
Кыйналбастан кырды бычак болбостон,
Кармап калгын эзеелки шарт салтыңды.

Манас атаң элин, жерин коргосо,
Меенет кылып, түптөп койсо оңдосо.
Мекениңе мээрим төгүш кыйынбы,
Милиондоп элиң туруп колдосо.

Ырыс деген ынтымактан жаралат,
Ыркырашпай элин качан бага алат.
Ынтылышпай ынтымакка келишип,
Качан кыргыз, качан жыргап кала алат.
Кадимкидей келечекке умтулуп,
Калыстыкка кандай шартта бара алат.

*9-февраль 2013-жыл*

## КӨКҮРӨКТӨ КАЛГАН ТАК

Көкүрөктө көп белгилер сакталат,
Көөнөрбөстөн көңүлүңдө жатталат.
Көлөкөлөп унутулбай,жоголбой,
Көз көрбөгөн көңүл чөккөн так калат.

Кайран көңүл кара сөзгө бат калат,
Койот бирөө капалантып баткалап.
Качандыр бир айтылганын унутпай,
Кала албайсын кан жүрөктү калкалап.

Жоготпойсуң чапсаң дагы балкалап,
Жүрө берет жүрөгүңдө аркалап.
Желип жортуп күлүктүгү ченемсиз,
Жетип келет баары жокту талкалап.

Капа болуп, канча нервиң чайкалат,
Кармап  турсаң жүрөгүңдөн байкалат.
Каргап шилеп жогото албай каласын,
Канча аракет кылган менен кайталап.
Караңкалгыр, кайран көңүл калганын,
Кала албайсын бул жашооңдо жай санап.

*3-февраль 2013-жыл*

## КЕЧИРИМДҮҮ БОЛГУНУҢ

*Үч депутаттын соттолушу жөнүндө.*

Керек эмес,элге дагы кошоктун,
Камактагы үч уулдарды бошоткун.
Кагылышып дагы болуп талкалоо,
Кимге керек ырдаганы кошокчуң.

Болгон учур Азимбекти бошотбой,
Болбосоңчу ошол күнгө окшошпой.

Бергин боштук үчөөнү тең чыгарып,
Болуп калбай Акаевдей коштошмой.

Элди уккула тебелебей тепсебей,
Эрегишип мынтык огу кезгебей.
Эстеп койгун , өткөн күндү тарыхты,
Эпсиз болоор , эгер койсоң эстебей.

Сот чечетиң тез арада койгунуң,
Соолуктуруп, сооротуучу ой мунуң.
Сабыр кылып элиң күткөн мүдөөгө,
Соодалашпай кечиримдүү болгунуң.

*10-февраль 2013-жыл*

## АЗЫРААК АЙТАМ КӨРГӨНҮМ

Союздун көрдүм жыргалын,
Созултуп ырдап ырларын.
Солкулдак жаштык кезекте,
Чогулуп бастык кырларын.

Он беши чогуу ырдаган,
Болбоптур эч ким сындаган.
Оокатын тегиз өткөрүп,
Жумушун иштеп тынбаган.

Закону закон иштеген,
Элибиз болуп иш менен.
Катылбай элдин мүлкүнө,
Кымтылап тыйын жешпеген.

Адилет чындык бар эле,
Ар кандай иштер так эле.
Коррупция жыттанбай,
Калкыбыз андан сак эле.

Бөлүндүк калдык оңолбой,
Тартса да жоопко жоголбой.
Тартылып бири-бирине,
Тоготпой түртөт ороңдой.

Чындыкты таппай издешет,
Эгемен курдук биз дешет.
Чыркырап жүргөн элдерин,
Чиновниктериң сезбешет.
Чиритип байып жегендер,
Чекеден чыгып кездешет.

*7-февраль 2013-жыл*

## АКЫЛ БЕРИП АЙТКЫЛА

Кандай болдук, аял затын тыялбай,
Катар-катар арак ичсе уялбай.
Көп көрөмүн арак саткан жайлардан,
Күркүрөшүп каптап келген кыяндай.

Басып калат этек-жеңин жыйалбай,
Бой токтотуп өзүн оңдоп тыялбай.
Билбей калат кайда кантип жүргөнүн,
Бала-чака эли журттан уялбай.

Абийир сактап үй-бүлөсүн тутпаса,
Айла канча кулак салып укпаса.
Араңардан акыл берип айткыла,
Арак даамын эмне болмок жутпаса.
Аял заттын абийрине шек бербей,
Аяр болуп өзүн-өзү сактаса.

*17-февраль 2013-жыл*

## ЭКӨӨҢӨРГӨ

*Акылбек менен Элдиярга*

Жаздым ырды, жазыптыр деп билип кой,
Жарашыктуу жерди тандап илип кой.
Жалгыз мага жазган экен дебестен,
Жакын агаң Акылбекке бөлүп кой.

Жакшы экенин ишиңерди билемин,
Жаныбектин билгиле деп тилегин.
Жакын болуп экөөңөргө иш менен,
Жаңы жылдан тынбай басып келемин.

Экөөңүн тең мага тиет керегиң,
Эл аралап ырлар жазып келемин.
Эртеңки күн китеп толук бүтөт деп,
Эң чоң сыйлык,ак батамды беремин.

Элдиярды жалгыз жүрбө дегемин,
Эртеби, кеч кудай берсин керегиң.
Эртелетип тойду кылсаң үйлөнүп,
Эки бүктөм конвертим бар, беремин.

Акылбекти ак үйүңдү бүткүн дейм,
Агаң келет, үй тойуңда күткүн дейм.
Айткандарды аткарсаңар экөөлөп,
Алкыш айтып, максатыма жеттим дейм.

*11-сентябрь 2013-жыл*
*Жаныбек Мырзаибраимов*

## ЖАЗ ЖАРЫШЫ

Жаздын жыты, кыз жытындай буруксуган,
Жаркылдап жакшылыкка бруп турган.
Жамгыры жашылдантып айлананы,
Жаадырып жамгыр чачып булуттардан.

Жаз деген жарыш экен мурунтадан,
Жарылып жерден өнүп уруктаган.
Жапжашыл тегеректи килем кылып,
Жамгыры нөшөр-нөшөр булуттардан.

Жамбаштап жатпаганга көнүп дыйкан,
Жакындан көз жүгүртүп көрүп турган.
Жаз күндүн жарым саатын бош кетирбей,
Баладай эрке көңүл бөлүп бурган.

Жаз бойлоп эмне сепсең ошол чыгат,
Жакшылап өткөрбөсөң эгин сугат.
Жарытып түшүмүңдү ала албайсын,
Жөн эле кала берет , өспөй куурап.
Жатпастан күндөп-түндөп иштебесең,
Жаныбар кумурсканы көрүп туурап.

*21.02.2013-жыл*

## БИР ЭРКЕКТИН АРМАНЫ

Отуң жагып, күлүң менен чыксам да,
Ойду-келди оосар сөзүң уксам да.
Ойго албай ойлоо албай жүргөнүң,
Оңтойсуздук оорунсуздук укканга.

Отун жарып, күл чыгарып турсам да,
Ой-максатым оокатыңа бурсам да.
Оң түшүнбөй оңураңдап калышың,
Ойлоп көрчү кимге жагат бул ишиң.

Оонабастан, оң капталда жүрсөм да,
Оңсуз ишин туура го деп күлсөм да.
Ойлоп көрүп баалабаса барктабай,
Осолдойсун көрүп-билип тактабай.

Оң жагына жүрсө болмок түшүнүп,
Оң экен деп койбосоң да мактабай.
Онтоп туруп оңой эмес экенин,
Ой түбүнө койбойм кантип сактабай.

*8-март 2013 жыл*

## ЖАШТАРГА

Жаштыкка жаштык кылбагын,
Жакшылап тандап ылгагын.
Жарыгы жанып турса да,
Жарылып бөөдө сынбагын.

Сулууну сулуу дебегин,
Серпилткин силкип элегин.
Сукtанып турмуш куруугa,
Сунбагын шашып белегиң.

Шашылба шашып өңүнө,
Шарт эле жагып көөнүңө.
Ширесин татып билбестен,
Шыпырып келбе төрүңө.

Көргөндө көрүп мүчөсүн,
Көбөйтүп көңүл күчөөсүн.
Көркөмүн сындап байкабай,
Көп чыгым төлөп түшөсүн.

Келечек турмуш узун жол,
Кеңири ойлоп сунгун кол.
Кайгырып кийин калбашка,
Кыраакы кырлап турган бол.

*11-март 2013-жыл*

## ӨМҮР ӨТҮП

Бул махабат эскиреби, кирдейби,
Бара-бара салкын тиктеп тилдейби.
Баштагыдай сый-сыпаттар жоголсо,
Баасы жеткис кетет күндөр, билбейби.

Күндөр өтүп,кирпик каштар кирдейби,
Кыз күндөрүн, жаштык кезин билбейби.
Картайганда сыйлашуунун ордуна,
Кадыр кетип-бирин-бири тилдейби.

Өмүр өтүп кайра келбейт билбейби,
Өзгөрүлүп бей тааныштай кирдейби.
Өзгөчөлөп кыйышпаган күндөрүн,
Өңүн бузбай ошол бойдон жүрбөйбү.

Кадырлашып, көңүл баркы сиңбейби,
Картайганда кабак бүркөп тилдейби.
Кайдасын деп, кайран ширин махабат,
Капа болуп өткөн күнүн издейби.
Көңүл черин жаштык кезин сагынып,
Кайран өмүр, келсе ошол кез дейби.

*12-март 2013-жыл*

## КӨП НЕРСЕҢ КАЛАТ АРТЫҢДА

Суктанып сугуң артынба,
Суйкайган сулуу алкымга.
Суурулуп чыкпай жүгүнүп,
Сабыр кыл курбум алкынба.

Саамайын самап күтсөң да,
Салкыны калат артыңда.

Алкынба курбум алкынба,
Асылдын баркы алтында.

Артынан жетем дегенсип,
Алыстан чуркап талпынба.
Алсаң да үйүп тонналап,
Акыры калат артыңда.

Талпынба досум талпынба,
Тарта жүр тормуз алкымга.
Тотуктуу болуп сабыр кыл,
Топтошкон элге баркың да.

Тоготпой калсаң чиренип,
Тоноодон тапкан алтынга.
Тобунан чыгып каласын,
Тапканың калып артыңда.

Жулкунба тууган жулкунба,
Жумуруң жутуп кулкунга.
Жетектеп элди турсаң да,
Жеп, ичем дебе булкунба.

Жармашып көптүн акына,
Жүгүрүп, чуркап умтулба.
Бардаштуу болгун калкыңда,
Бармын деп учуп калкынба.

Бардыгы менде колдо деп,
Бей оорун жолго талпынба.
Башыңдан ылдый бутуңа,
Басынсаң дагы алтынга.
Бир күнү  кетсең күтүүсүз,
Бар дүйнөң калат артыңда.

*10-март, 2013-жыл*

## ӨТҮНҮЧ

*Учар дачасында жашоочуларга*

Кимдер барбайт адыр чокуга,
Кайгынын түшүп отуна.
Койлорун жайган адамдар,
Кудайдын койдум сотуна.

Жайкана деген жайкана,
Жай эмес,малга чайкана.
Жыл сайын эксем арчаны,
Жедирет кылып койкана.

Алар да адам, алы жок,
Айласыз жатат жаны жок.
Адырын коргоп алганга,
Алардын көрөөр камы жок.

Айылдаш коңшу тургандар,
Абыдан сурайм туугандар.
Айрылып алыс, жакындан,
Армандуу көңүл сууган бар.

Аксакал улуу, көк сакал,
Атайлап жайыт кылгандар.
Айрымдар жайса байкабай,
Айтыңар андай кылбаңар.
Ал жерде жатат билсеңер,
Ажалы жетип тынгандар.

*Маркум Венера кыздын атасы.*
*Кара-Кулжа району Жийде айылы*
*7-апрель 2013-жыл*

## КЕЛГИН КУШТАР

Жамгыр жаады, жаз келишин билгизип,
Жазды жаздай күндү узак тийгизип.
Жашылданып байчечекей гүл ачып,
Жаш бөбөктү жаркыратып күлгүзүп.

Жазым келди күндү жылуу тийгизип,
Жаш карыга жаз кийимин кийгизип.
Жарыш кылып келгин куштар шашылып,
Жаңы жашоо жаңылаарын билгизип.

Жапырт келбей тизмелешип алгандай,
Жылкычыны көрдүм күсөп калгандай.
Жалтанбаган адам досу адамга,
Жетип келди карлыгачтар калдаңдай.

Арып чарчап келип калды үпүптөр,
Аркасында кезекте дейт күкүктөр.
Ар кыл куштар ашыгышып умтулуп,
Адамдардай жашоо үчүн үмүткөр.

Жашоо ширин жан-жаныбар баарына,
Жалпы урунуп калбай кудай каарына.
Жаратылыш эрежесин бузбастан,
Жакшы тилеп айыл-кыштак шаарына.

*5-апрель 2013-жыл*

## МОСКВАГА БАРАЙЫНЧЫ

Сагындым балдарыма баргым келет,
Сааркы рейс убагына алдым билет.
Суктанып элестетип Москваны,
Суурулуп барып билем кандай элет.

Балдарым доорунда бир барайынчы,
Башкача көңүл бөлүп карайынчы.
Борбору СССРдин Москва деп,
Буйурса ыр кошконго жарайынчы.

Барам деп Байэлиме айтып жүрдүм,
Билбедим буйурганын кайсы күндүн.
Пенсиям тийгенде эле барамын деп,
Бакылдап телефондон канча күлдүм.

Күтүшөөр аэропорттон эртелешип,
Кучактап сагынычтан эркелешип.
Көп болду балдарымды көрбөгөнгө,
Кайталап кайра-кайра келчи дешип.

Пумпулуш балам кандай болуп калды,
Кыздарым турса керек көрүп камды.
Элнурам эсептебей, ченем бербей,
Чоң жайып дасторконго койуп нанды.

Мен жетсем таң сүрүлүп атса керек,
Жибегим уйку көрбөй жатса керек.
Жолуман күтүп келген машинага,
Байэлим кошо келип батса керек.

Дедушка келиптир деп билеер бекен,
Тез эле көп күттүрбөй келеер бекен.
Жоли кыз эки көзүн алаңдатып,
Салам деп, колун сунуп не дээр экен.

Бел байлап беш күнчө эле көнөмүн го,
Беймарал Кремлди көрөмүн го.
Келиптир, кирсин эгер деген болсо,
Путиндин айтканына көнөмүн го.
Медведев каршы болбой кабыл алса,
Менмин деп бек кучактап өбөмүн го.

Кайрадан орус менен жашасак дейм ,
Казандаш, табакташ даам ашасак дейм.
Качанкы жашоо турмуш эске келип,
Кайрылып кадимкидей баштасак дейм.

*22-апрель 2013-жыл.*

## КЕТТИ КАЙРАН СССР

Апырылтып алып түшүм жашырып,
Андан сайын план берип ашырып.
Ак алтындын гектарынан тонналап,
Алмак-салмак заводдорго ташылып.

Зуулдатып кызылчасы казылып,
Зууараканга жылдап план ашырып.
Завод алып кант чыгарып ченемсиз,
Зордук менен ашыкчалап жазылып.

Койлор төлдөп жалгыз эмес эгизден,
Кош-кош туушуп чочколору сегизден.
Кошоматтап койчу болгон Данияр,
Көпчүлүктү эл баатыры дегизген.

Жылдан –жылга кошуп жазып ашырып,
Жок нерсени кагаз менен жашырып.
Жоготтук го ССРди талкалап,
Жолдо калдык башыбызды кашынып.

Кандай болмок ашыкчалап жазылбай,
Кумурсканы теңдеп көрүп казындай.
Калыс иштеп, калпы чындай болбосо,
Калмак беле кен байлыктар казылбай.

Кетти кайран СССРиң кош айтып,
Көптөр жеди көпчүлүктү кашайтып.

Колхоз, совхоз чарбаларды жок кылып,
Калкым дебей, калктын мүлкүн азайтып.

Кыш чилдесин апыртышып жашырып,
Келди дешип жай мезгилин күз айтып.
Күз келгенде алмаштырып жаз айтып,
Куп жешти го бийик мүлктү пасайтып.

*19-март 2013-жыл*

## ӨЛҮМ ДЕГЕН

Өлүм деген, айтып келбейт экен го,
Өткөн өмүр, катып калган бетон го.
Өлчөп ченеп, ашырбай да кемитбей,
Өткүр кудай убадага бекем го.

Бул кудайың өтө катуу экен го,
Бузбай сөзүн убадасы бекем го.
Буйурганын бул жашоодон өткөрүп,
Булкунсаң да башта бир күн кетем го.

Баарына бир, токсон,жүз жаш берсең го,
Бап-барабар теңдештирип бөлсөң го.
Бата берип кетеер күнү кыйнабай,
Баш оорутпай,көз оорутпай келсең го.

Пенделиктен ойлор ойдон айтылды,
Бир кудайым, кечир кеткен айбымды.
Бир жашаган кемпиримден калтырбай,
Бекем сактап менден кийин зайбымды.
Бул жашоодо мен жөнүндө билдирип,
Билип жүрсүн өткөн турмуш дайнымды.

*5-март 2013-жыл Бишкек шаары*

## ЖИЙДЕ ЖЫТЫ

Жытың жакшы гүлдөгөндө буркурап,
Жүрөк сыздап тикениңден зыркырап.
Кыялың бар кыйнаганда кыйнаган,
Кылыгың бар кытмыр иттей ыркырап.

Жытың искейм чыгып турса буркурап,
Жийдени деп ыр түрмөктөн, ыр курап.
Жылма болбой тикенегиң ,сайганда,
Жыттай албай калам жүрөк зыркырап.

Жийде гүлү ачылбайсын жаркырап,
Жибек көйнөк кийинесин жалтырак.
Жакын барып кучак жазып койо албай,
Жалтаңдаймын тикениңден кылтырап.

Жытың жакшы бир жытташып койгонго,
Жаман сөзүң токтоп калбай кой койго.
Жакын барып кол тийгизип эркелеп,
Жол берип кой кумар жазаар той тойго.

Жийде жыты жыттуу бойдон жүрө бер,
Жан эргитип кимдир бирөө күбөөкер.
Жашоо деген тегиз эмес турбайбы,
Жакшы элесин , болбойунчу күнөөкөр.

*3-апрель 2013-жыл*

## ЖАЗ БИР СОНУН

Жаз бир сонун жаркылдашып күлгөнгө,
Жалгыз жүрбөй шаракташып жүргөнгө.
Жаштыгыңдын бейишиндей сезилет,
Жашоо керек, жакшы күндөр билгенге.

Жаз жарышып , өтүп кетет ирмемде,
Жарашыктуу мезгил өзү кимдерге.
Жараштырып колтугуңду бош койбой,
Жалгыз жүрбө жаз кезеги келгенде.

Жаз бир сонун, жаздын гүлүн тергенге,
Жатып албай кучак жайа бергенге.
Жалгыз барбай жараштырып жаныңа,
Жандашып кел , ырахаттуу жерлерде.

Жүр дегенде жүрбөй койуп калбагын,
Жүрөгүңдө сезе билгин калганын.
Жүдөп-какап картайганда сезесин,
Жүргөн күндөр, калган күндөр арманың.

## КЫПКЫЗЫЛ ГҮЛ КЫЗГАЛДАК

*Экология жаатында*

Балалыкта байкап калган күндөрүм,
Баш аягы тегиз өсүп гүлдөрүм.
Баскың келбей, бутуң барбай аралап,
Баркын билип этияттап жүргөмүн.

Кыр-кырларда кызгалдактар кызарып,
Килем жайып төшөгөндөй узарып.
Көркөмүнө көзүм тойбой калчы эле,
Колум барбай, жулуп албай кызганып.

Кайра-кайра көз кырыма жете албай,
Кыйылчы элем жулуп бербей кызга алып.
Аралашып алмак-салмак тандашып,
Ак көпөлөк, көк көпөлөк чаңдашып.

Арасында чымын-чиркей аралап,
Азыктанып тамак-ашын камдашып.

Азыр болсо ал гүлдөрдүн бири жок,
Акыр заман келген окшойт алмашып.

Кайда кеттиң кызыл гүлүм кызгалдак,
Кана эми сунайынчы кызга арнап.
Килем болгон ал гүлдөрдүн бири жок,
Карап туруп, ичим тарып кызганмак.

Кыйал менен пейил, көңүл бузулуп,
Келген окшойт жаратылыш булганмак.
Кыпкызыл гүл, сары гүлдөр, көк гүлдөр,
Көрүнбөйсүн үзмөк турсун колго алмак.

*13-апрель 2013 –жыл*

## КЫЗЫР КЕЛЕТ

Келет дешет эки, үч жолу береке,
Кармап бекем жараттырып керекке.
Карбаластап байкоо бербей өткөрбөй,
Куйуп калгын мелтиретип челекке.

Бирди өткөрсөң байкай албай биле албай,
Баштоо бербей , өз эркиңди тыйа албай.
Башаламан жаштык кылып кетирбе,
Баламын деп акыл эсиң жыйа албай.

Экинчисин курчтук кылып билбесең,
Эркемин деп кулак салып илбесең.
Эре-төрө көңүл бөлбөй өткөрүп,
Эч пайдасыз кетип калат тилдесең.

Аста келип акыркы ирет кайрылат,
Андан дагы араккорлор айрылат.
Адам болуп жаралганга таарынып,
Адаштым деп өмүр бойу кайгырат.

Ар бир жанга үчтөн келип кайрылат,
Аны билген акыл калчап жай кылат.
Ким карманса кызыр ата, кызырды,
Кылымдардан кылымдарга бай кылат.

Кой мүнөздүү адам затка сакталып,
Жылкы мүнөз тепкиленип тайгылат.
Жакшы адамды жактыргандай кудурет,
Жеп ичкенин берекелүү май кылат.

*14-апрель 2013-жыл*

## ЖӨЖӨНҮ ЖАЗДА САНАБАЙ

Жөн эле чыксаң талаага,
Жорушуп ар кыл жалаага.
Жол байлап катар отуруп,
Жок жерден түшүп санаага.

Көрдүңбү көздөп Сакыны,
Көйрөңдүн жок деп акылы.
Коркпостон кетип калыптыр,
Коркоңбай бербей акыңы.

Жүр дебей тууган жакыны,
Жалгыздап бөлүп Какыны.
Жогору жойлоп кетиптир,
Жолугаар келип акыры.

Жатыптыр Такы догдурга,
Жыйылып баары доктурда.
Айласын таппай балдары,
Абалы кыйын жоктур да.

Ак түстү көрбөй кара деп,
Ал жаман оору жара деп.

Аныктап билип тактабай,
Айтышпы керек ара кеп.

Жүргөнсүп тентек баладай,
Жөжөнү жазда санабай.
Жалганды сүйлөп апыртып,
Жүргөндөр жүрөт жадабай.
Жакшыны келбей көргүсү,
Жамандап сүйкөп кара май.

Түз эле жүрсө болбойбу,
Түгөтүп жаман самабай.
Туугандар билип койгула,
Жазда эмес күздө санамай.

*22-апрель 2013-жыл.*

## АДАМ ДЕГЕН

*«түштүк окуясы»*

Адам деген-адам болуп жаралган,
Ашык эмес адам заты адамдан.
Ары бери байкаштырсаң билинет,
Айырмасы эки буту кадамдан.

Адам билет-урматтоону сыйлоону,
Адам билет, сөгүп-сөздөп кыйноону.
Арамбы бул, адалбы бул дебестен,
Адам билет дүр дүнүйө жыйноону.

Адам экен, акыл эсти жараткан,
Адам экен өнүп өсүү тараткан.
Ашып жашап жетип барса жүз жылга,
Араң өмүр тирүү болуп келаткан.

Адам кылат жакшылыкты, жаманды,
Адам кылат чөп майдалап саманды.
Акыл-эстүү бала чака чоңойтуп,
Адам кылат чочко кыял каманды.

Адам деген жырткыч эмес дебегин,
Адам деген баласы го эненин.
Айырмасын ачык көрүп жүрөбүз,
Айбандарды тирүү сойуп жегенин.

Адамдан сен көп жакшыны күтпөгүн,
Адамдан бил кандуу өлүм өткөнүн.
Ата-мекен согушунда кырылып,
Арман менен аякталып бүткөнүн.

Адам тура көрө албаган мыкаачы,
Адам тура эркек деген ургаачы.
Арам ойлоп элди бузуп ойготуп,
Азан айтып үн чыгарып турбаачы.

Адам тура бардык ишти баштаган,
Жакшылыкты күтпөйт экен башкадан.
Жамандыгы оюнда жок бечера,
Жан кыйдырды тирүүлүктөн качпаган.

Адам кылган жаман ишти мал кылбайт,
Алсыратып тирүү мууздап жан кыйбайт.
Ара болуп, чабыштырып өрттөтүп,
Айбан малы мындай ишти түк кылбайт.
Арабызда жүрсө дагы аралап,
Ал адамды тарых эмес, ким сыйлайт.

*30-апрель 2013-жыл Москва шаары*
*Бул ыр видео записти көрүп жазылды.*

## КРЕМЛДЕ

Бүгүн майрам биринчи май күн экен,
Барып көрдүм коргоо жагы сүр экен.
Баргандардын көңүлдөрү ачылып,
Бардыгынын колдорунда гүл экен.

Кремлдин аянтында топурап,
Кара таштан жасалган чоң жол турат.
Келгендердин көптүгүнөн адашып,
Кетпейин деп көпкө турдум чочулап.

Тартып жатты сүрөттөргө балдарым,
Таптым издеп согуш көргөн чалдарын.
Бири тажик, бири орус картайган,
Бери бас деп колдорунан кармадым.

Түрдүү улут түшүнбөйсүн сөзүнө,
Түйшүктөнүп сүрөт тартып өзүнө.
Түрк,кытайлар,европалык улуттар,
Тартып алып түмөн ачки көзүнө.

Тагдырыма, таалайыма сүйүнөм,
Тегеренип тарбиялап үйүмөн.
Тапканыма кудай берип балдарым,
Таттуу жашап ,жаралышкан сүйүүмөн.

Келген эмес, кирген эмес түшүмө,
Кремлди көрөмүн деп кичине.
Колтукташып, жетелешкен балдарым,
Калтырышты чоң кубаныч ичиме.

*1-май 2013-жыл Москва,*
*Исламбектин үйү.*

## МИГРАНТТАР

Кимдер жүрөт, кимдер күлөт билели,
Качандыр бир жашап жүргөн бир эли.
Калыс байкап, карбаластап шашылбай,
Койолучу кимге тактап күнөөнү.

Бөлүп койду ата-энени бүлөөнү,
Баладабы, башкадабы күнөөнү.
Бака-шака жашоо болбой талаалап,
Батына албай тууган кылып бирөөнү.

Балдарыбыз келип мында жүрүшөт,
Бири капа бири шаңдуу күлүшөт.
Баскан сайын жолугушуп көчөдөн,
Булар ким деп, ким экениң билишет.

Бөтөн жерде бөлөк баатыр болгуча,
Баш көтөрбөй, жыгач темир жонгуча.
Болуп каржы, оорун очок жашоого,
Бул турмушта жашап отуз толгуча.
Бала чакаң эр жетилип чоңойуп,
Бардар болуп бир конушка конгуча.
Бараар бекен өз элине кайрылып,
Баш оорутуп , суукта үшүп тоңгуча.

*30-апрель 2013-жыл Москва шаары*

## КӨРДҮМ КЕЛИП

Көрдүм келип тазалыгын тартибин,
Дарактардын түшпөгөнүн баркинин.
Кадимкидей сакталганы сезилет,
Качанкы чоң СССРдин баркынын.

Төккөн жерден мусурларын байкадым,
Таң калыштуу башты ийкеп чайкадым.
Таштандылар ташталганын биз жакта,
Тартипсиздик сезилгенин айтамын.

Кайда болсо тартип сактап тизгенин,
Капа кылбай катар бузбай тизмегин.
Кайсы жерде болушса да топурап,
Кадимкидей таза көрдүм издерин.

Кыйкырышпай, бакырышпай басканын,
Көргөнүм жок сөгүнүшкөн жаштарын.
Кичи пейил бирин-бири сыйлашып,
Кириңиз деп көрсөтүшүп баштарын.

Бир мезгилде бийик эле асманың,
Бөлүндүк деп эгемендик баштадың.
Билип көрүп намызыңа келесиң,
Бийлик үчүн агарганын чачтарын.
Баары качып келген өңдүү көрүнөт,
Бири калбай бала-чакаң жаштарың.

*28-апрель 2013-жыл Москва шаары.*

## УЧАК МЕНЕН

*Кызымды эскерем.*

Тирүүлүктү түбөлүккө эңсегем,
Түн күзөтүп качан болсо эскерем.
Түңүлтүрүп барган сайын элесиң,
Түйшүктүрүп караңгылап кеч белең.

Калбай барат капалыктан эчтемем,
Качан болсо мен шордуумун эстеген.
Канатында баратсам да учактын,
Кайран кызым күдөр үзбөйм эч сенен.

Кандай болдуң капалыкты сезбеген,
Кылчайбастан кетип калып кош деген.
Кагылайын карлыгачым Венера,
Күдөр үзүп алыстабайм эч сенен.

Катып калдың, кайгырганды сезбеген,
Катар басып жүрө бербей биз менен.
Карбаластап качып кетпей шашылып,
Кантсем дагы жеткире албайм сөз менен.

Бассам турсам бар болсо деп тилеймин,
Барган сайын укпай кулак дүлөймүн.
Башка түшкөн кайгыруумдан түңүлбөй,
Бир сен үчүн ажырабас клеймин.

Учак менен Москвага баратып,
Унуталбай жүрөк ыйлап кан атып.
Учурашып каламбы деп асмандан,
Урмат кылып кудай кайра жаратып.
Ушул сөздү айла кетип айттымго,
Учурунда асман менен келатып.

*27-апрель 2013-жыл*
*Ош-Москва, асман жолу.*

## ЭМИ КЕТЕМ

Эми кетем, үй жагыма барайын,
Элди көрдүм, жерди көрдүм далайын.
Эркелетип, энтелетип балдарды,
Эсеби жок жыттап-жыттап алайын.

Эми кетип өз элиме барайын,
Эки жакты абдан тиктеп карайын.

Эриктирбей, зериктирбей багышты,
Эмне дейин, ыраазымын таалайым.

Эркелетип жыттагылап Жибекти,
Эске түйүп Жоли кыздын саамайын.
Эми кетип кемпириме барайын,
Эстеп калдым эски үйүмүн сарайын.

Эмне дейин элди бөлүп жатпайбы,
Эл катары жагдайына карайын.
Эки бөлөк турсак дагы балдардан,
Эсен-аман жүргөндүгүн каалайын.

Эркелетип, тегеренип үргүлүп,
Байэлимди жыттап-жыттап алайын.
Эмне дейин эсендигин каалайын,
Эл катары эмгектерин баалайын.

Ээрчитип алып качпай үйүмө,
Эртели кеч сагынайын саамайын.
Эмки кезек көкүрөгүм күчүккө,
Эрмектешип кемпир болуп барайын.

*30-апрель 2013-жыл*
*Москва шаары Жанар үйү.*

## ЖЕК КӨРӨМ

Өтө аша мактаганды жек көрөм,
Өзгөрүлтүп мактанганды көп көрөм.
Өз нугунда, өзүн тартып сүрөткө,
Өз түсүндө бергендерди эп көрөм.

Өзү турса, көзү турса өрмөлөп,
Өтө жактап, өпкөлөнүп жөрмөлөп.

Өлүк жанды тиригине айлантып,
Өзүн кыйнап, өзгөрүлтүп бөлмөлөп.

Өтүк-төрүн,бутун мактап сүйлөгөн,
Өлөрмандап сүйлөгөндү көп көрөм.
Карап туруп караны ак дебестен,
Өз түсүндө атаганды эп көрөм.

Өзүн көрбөй, көзүн көрбөй ыртынан,
Өтө жактап, жаман айтып чымчыган.
Өдө болуп, түз басса да бурмалап,
Өзгөрүлтүп айтса аны сылтыган.

Өкүндүрөт өрдөктү каз дегендер,
Өлгүчөктү өнөр кылып кымтыган.
Ошолорду ошондойду көп көрөм,
Окшоштурбай омкоргонду жек көрөм.

Ой кырынча, жасалмалап өзгөртпөй,
Оңдоп түзөп бурбаганды эп көрөм.
Ойлонгула, ойлонгула туугандар,
Оңдонгула, түзөнгүлө деп көрөм.

*30-апрель 2013-жыл*
*Москва Жанар үйү.*

## МЕНИН ОЙУМ

Баары келип Москвага чогулуп,
Барган жерде турат экен жолугуп.
Бара-бара жаштар келип көбөйүп,
Борборуна кыргыз Ала-Тоо кылып.

Билген элем аэробуста күмөндөп,
Баары жаштар, түшүп келсе түмөндөп.

Барганымда Москваны аралап,
Бирге басып булар менен жүрөм деп.

Аэробуста жүздөн ашуун кол күчү,
Арасында бир мен жалгыз жүргүнчү.
Аял эркек баары иштеп калгыдай,
А мен болсо мейман далчуу төрт күнчү.

Араладым шаардын ичин кыдырып,
Абдан байкоо салып көрсөм сыдырып.
Аралашып тең чамалап калгандай,
Арыз жазып орус паспорт кылдырып.

Алды келип жашаганга он беш жыл,
Кадимкидей көңүлдөрүн тындырып.
Көп ойлондум келечегин жашоосун,
Калса керек алга карай  жылдырып.

*27-апрель 2013-жыл Москва шаары*

## ТӨГҮЛӨТ

Баламды барып байкадым,
Бүтүнүн көрүп байпагын.
Билээрин билип жашоосун,
Беймарал болуп кайтамын.

Жакшы экен көрдүм билинди,
Көндүрүп көңүл дилимди.
Көпчүлүк жумуш иштерге,
Көнгөндөй алды тилимди.

Бир бөлмө үйдө өзү экен,
Байкадым сөзү сөз экен.
Калганын бөлүп бериптир,
Өзгөчө өздөй өз экен.

Тапканы таттуу көрүнөт,
Көп ишке көңүл бөлүнөт.
Көркөмдүү чыгып сөздөрү,
Дасторкон кенен төгүлөт.

*3 апрель 2013-жыл*
*Москва Жанар үйү.*

## КЕЧИГИШПЕЙ

Төрөлүп мен чоңойдум СССРда,
Миң ирет ыраазымын СССРга.
Мекендеп чогуу бойдон жашай бербей,
Мына эми түшүп калдык кыйсыпырга.

Ким бузуп, алып келди бул учурга,
Калыстык кыла албаган куйсупурга.
Какайып өз билгенин билдиришпей,
Козголоп жатышпайбы бул учурда.

Туруктуу турмуш бербей бир сапарга,
Турабыз тууру сөз жок бул сапар да.
Тууралап бийлетишпей бузуп жарып,
Туйбастан сезүүсү жок бей капарга.

Койбойбу Кум-Төрүнө кийлигишпей,
Тойушса токтотушсун жеп ичишпей.
Топурап турган кезде эли журту,
Топтолуп оң чечишсин кечигишпей.

*30-апрель 2013-жыл.*
*Москва шаары.*

## КАЙДАН ЖҮРҮП КЕЛМЕКМИН

Мен бул жакка кайдан жүрүп келмекмин,
Миң уккандан бир көргөндү билбепмин.
Маңдайымда карап турган атчанды,
Мунуңарды айткылачы ким депмин.

Карамалап кайра-кайра байкасам,
Кадимкидей кыйнап башты чайкасам.
Карбаластап карай берип турганда,
Кабыл алдым билбейм балам айтпасаң.

Жанар балам айтты ата Манас деп,
Жакшы болду бул кыргызга мурас деп.
Жакын барып жазылганын окудум,
Жактырамын айткандарың ырас деп.

Кыргыз үчүн бул өтө чоң эстелик,
Келген сайын тургула деп эскерип.
Кол тийгенде таазим кылып кеткиле,
Кагылайын балдарыңа тез келип.

Бул да болсо кыргызымдын кадыры,
Белги болуп Ала-Тоосу адыры.
Бирге жашап жүрүп кеттик бөлүнүп,
Бир болобуз жашай жүрүп акыры.
Баатыр Манас эстеликке сүйүнүп,
Байкап жазган бир кыргыздын акыны.

*29-апрель 2013-жыл*
*Москва шаары*

## КОШТОШООРДО

Кыйын болду балдарымды калтыруу,
Кетемин деп болгон менен алпуруу.
Кабыргалар кайышкандан кайышып,
Капа болуп кандай кыйын талпынуу.

Сагынычым таркагандай болбоду,
Саал-мал эле убактылуу болжолу.
Сапар карып турса дагы кетүүгө,
Салаңдады кабак-кашым бул жолу.

Кыйын мага ажырашуу балдардан,
Кыйла күнгө туура болбойт кармалган.
Кантип чыгам кошкула деп бөлүнүп,
Кош айтышуу болуп турат чоң арман.

Туура келбейт туталанып ыйласам,
Тургандарды токтоно албай кыйнасам.
Токтоо берип көрөйүн деп аракет,
Такыр болбос көз жашымды тыйбасам.

Кыйын экен мигрантчылык кыргыздан,
Кыйкырды эле Щвецария Кыргызстан.
Кыйратып жеп кайра куруп Акаев,
Көчүк жагын ошол бойдон жуп кыскан.
Качып кетпей жакшы жашоо курганда,
Кала бермек түбөлүккө чыккыс хан.

Коштошоордо капа болдум ыйладым,
Көпкө буулуп балдарымды кыйнадым.
Кеткичемди колдон колго көтөрүп,
Куп көрсөттү көрдүм абдан сыйларын.

Кекиртекке келсе дагы өпкөмдү,
Канткен менен туура болоор тыйганым.

Кайра-кайра буулуксам да ичимден,
Кыйналсам да кайратымды жыйнадым.

*4-май 2013-жыл Москва шаары*
*Жанарбектин үйү эрте мененки саат 7:00*

## МИГРАНТТАРДЫН САЛАМЫ

Биз күтөбүз элибизге тынчтыкты,
Мигрант болуп жыргагандан чыктыкпы.
Бала-чака ата-энени баксак деп,
Издеп келдик жумуш менен чык-чыкты.

Биз күтөбүз жерибизге байлыкты,
Издеп келдик акча тапкан айлыкты.
Жыргагандан,куунагандан эмес деп,
Жакшы тилек жыргал турмуш жайлыкты.

Биз күтөбүз жумуш, болуп бардыкты,
Бекеринен бөтөн жерге бардыкпы.
Бей бечара болуп мында жүргөнчө,
Жоюлса деп элибизде жардыкты.

Биз кетебиз кыргыз эли оңолсо,
Бузуп жеген коррупия жоголсо.
Бардык жерде адилеттик тазалык,
Бийлик менен бирге болуп тоголсо.

*1-май 2013-жыл Москва шаары*
*Кызыл-аянт*

## БАТАМДЫ БЕРДИМ

Казанда казан жакшы деп,
Кадимки сарттар башчы деп.
Кетсеңиз калат жарашпай,
Вокзалда бышкан ашты деп.

Алдымдан чыгып Айжаным,
Артынан келип Райканым.
Элнура, Жаңыл болушуп,
Сыйлашты койуп аш-нанын.

Тамактын түрүн толтуруп,
Жок дебей күтүп болтуруп.
Жанбаштап жатып сый көрдүм,
Жан-алым калбай олтуруп.

Батамды бердим сүйүнүп,
Балдарым турду үйүлүп.
Бардыгы калды коштошуп,
Берээрин берип түйүлүп.

Бактысын тилеп кудайдан,
Белекти бекем түйүнүп.
Бар болуш үчүн береке,
Жүгүрүп иштеп жүгүрүп.

Жүрбөстөн тизе бүгүлүп,
Баркына жетип байлыктын,
Баа берип иштеп жүгүнүп.
Береке берсин кудай деп,
Жүрөгүм согуп дүүлүгүп.

*2-май 2013-жыл Москва*
*Казак вокзалы*

## АЭРОБУСТА

Асмандын да ар кыл экен жолдору,
Адамзаттын тийбеген го колдору.
Айрым жердин асфальтары бузулуп,
Анча-мынча ремонт керек болжолу.

Убактылуу шагыл төгүп койгонбу,
Уктап кеткен айрымдары ойгонду.
Улам эле туалетке киришет,
Уча электе аябай дың тойгонбу.

Кээде калат дөңгөлөгү дүкүлдөп,
Коркуп кетип жүрөк согот бүкүлдөп.
Карабайт деп көңүл бөлүп жолчулар,
Капа болдум келе бердим күңкүлдөп.

Көнгөндөрү уктап келди сүлкүлдөп,
Кээде тынчып, кээде калса дүңкүлдөп.
Карыларга кыйын экен байкасам,
Кайра-кайра жүрөк түшүп бүлкүлдөп.

Бир мезгилде тегиз жолго түштүкпү,
Билбей келдим түндүкпү же түштүкпү.
Баратканда былкылдабай жайыраак,
Берет го деп бир маал тамак күттүкбү.

Очогу жок казан аспай тамагы,
Орус кыргыз ачып көңүл кабагы.
Ороп чулгап алып келип беришти,
Ойку-кайгы жумшак экен тамагы.

Омкорулуп бошогондо табагы,
Отуз грам чыкса керек тамагы.
Ашырбастан кемитбестен жеткирди,
Абдан туура чыгып эсеп санагы.

Отургандар эки жүзбү, үч жүзбү,
Оштон туура Москва жол түптүзбү.
Ойноп күлүп эсен жетсек болду деп,
Орус жери күтүп турса сиз бизди.
Оо жараткан күчтү берип өзүңө,
Оштон учуп Москвага жеткизди.

*27-апрель 2013-жыл*
*Ош-Москва аба жолу.*

**МЕТРОДО**

Тепкичтерин бутум таппай буйдалдым,
Төмөн түшүп, жүрөк чөгүп кыйналдым.
Метро деген үңкүр жол деп түшүнүп,
Мурун эле бала кезден туйганмын.

Секин жүрбөй аткан октой жүгүрүп,
Сезбейт экен сегиз вагон бүгүлүп.
Мундай жолду ким жасады деп ойлоп,
Меелей албай кала бердим түңүлүп.

Жетип келет урма турма артынан,
Жердин ичин кантип чукуп калпыган.
Жалаң эле адам жасап койгонун,
Жалган го деп айтам бирок тартынам.

Жүгүрүшөт жүздөй адам калкыган,
Жүдөбөстөн , жүйөлөшпөй артынан.
Жүргөн жакшы болот тура батышпай,
Жүрсөкпү деп сурап көрүп калкыман.
Жеп ичпестен бар байлыкты жоготпой,
Жол жасасак биз дагы деп талпынам.

*29-апрель 2013-жыл*
*Москва шаары, метро*

## ПАРАХОДДО БАРАТЫП

Ушунча жашка жаратып,
Укпагам түштө таң атып.
Утурлап тосуп балдарым,
Урматка күтүп каратып.

Учуру ырга жазылды,
Пароход минип баратып.
Жанарым Жанарбек,Канат,
Жанымдан кетпей бир тарап.

Сейитбек, Керим балдарым,
Саякат куруп калкалап.
Көрсөтүп көлдү кургакты,
Көңүлдүү көрдүм чалкалап.

Жазамын сактап жүрөктө,
Койгондой чегип балкалап.
Кудайдан тилеп буларга,
Кудурет өмүр аркалап.
Коштошуп тилек тиледим,
Көргөнгө чейин кайталап

*2-май 2013-жыл*
*Москва Казак вокзалы.*

## УЙКУ МЕНЕН

Түрттүрүп ойгонбоско уйку ширин,
Түрткүлөп ойготкондун албай тилин.
Таң атып, түш болсо да уктай берсе,
Таасириң ага карап, кайран билим.

Бул уйку уктаганга кандай ширин,
Билбесе атаандаштай кимдин кимин.

Бекерге ачууланып нервиң кетет,
Болгонуң бекер болот келип жиниң.

Билбейсин айтаарыңды кайсы бирин,
Бей убак  ойгонгондо көрүп түрүн.
Бечера калгандыгын сезе билбейт,
Беш көкүл мезгилинин өткөн күнүн.

Ким кимди түрткүлөбөй кечээ бүгүн,
Кыйкырып сүйлөсө да кечип үнүн.
Кадимки эгемендик экен дейби,
Колумда, өзүм билем өзүм жүгүм.
Кетирип кайтып келбес убактысын,
Калган бар өткөрүшүп күнүмдүгүн.

*16-май 2013-жыл*

## БУЛ АРАК

Тамак бар таттуусу жок арак деген,
Тартмалап чөнтөгүңдү карактаган.
Татканда даамын сезип тандайыңар,
Тандашып башка тамак жаратпаган.

Сүйлөтөт сүйлөнбөгөн сөздөрүңдү,
Сүзүлтүп уктагандай көздөрүңдү.
Сыйгалып, сыйдан чыгып абийир кетет,
Сыртыңдан билип турат өзгөрүүңдү.

Карасаң бир каадалуу адам эле,
Кандайча сыртка чыкса кадам эле.
Камоктон жашырынып арак ичкен,
Канткени бул ушундай наадан беле.

Бул арак бузуп жарат турмушуңду,
Буздурат иштеп жаткан жумушуңду.

Баарынан ажыратып, өңдөн түстөн,
Баркы жок айбан кылат турушуңду.
*16-май 2013-жыл*

## КӨПКӨНҮМ ЖОК

Кудай бар ким бирөөнү сөккөнүм жок,
Кыйынсып амал үчүн көпкөнүм жок.
Курулай бекеринен жаман көрүп,
Куру ушак, жаман сөзгө чөккөнүм жок.

Мен деймин мен менсиген өпкөмүнбү,
Мээлеймин мее коротуп өткөн күндү.
Мекендин мээримине канаат кылып,
Менменсип көрсөтпөдүм көпкөнүмдү.

Кудайым берип турду күткөнүмдү,
Көңүлдөн түк кетирбейм өткөнүмдү.
Көбүнчө көп ыраазы болуп кетем,
Кыйналбай окуп билим бүткөнүмдү.

Көп көрдүм көрө албастан сөккөндөрдү,
Көңүлүм кирдей түшүп бөскөрбөдү.
Кудайга койуп койдум көрсөтөөр деп,
Көкүрөк сактап жүрөт өткөндөрдү.

Көп берди, өнөр  берди көркөмдөдү,
Куш болуп учканым жок көктөмдөгү.
Кудурет өмүр тилеп балдарыма,
Күтөмүн келечегин төп келгенди.
Каалаймын калың журтум туугандарга,
Кадимки акылман сөз көп билгенди.
*16-май 2013-жыл*

## КАЙРА СЕНИ ТЫРМАЛАЙТ

Кылган жакшы адамзатка жакшылык,
Калбайт экен ошол бойдон жакшырып.
Качандыр бир унутулуп калганда,
Каршы сөзүн сага айтат баш кылып.

Сыйлай көрбө сыйлуу тамак аш кылып,
Сыйың берет бир мезгилде таш кылып.
Сыр аякка бал дегени бекер сөз,
Сындыргысы келет сени баш кылып.

Түсүн бурат түбөлүккө жүзү кир,
Түңүлгүнүң жакшы болбойт түсү кир.
Томолонуп жумаланып жатса да,
Таанымаксан болуп аны түртүп ир.

Жардам сурап, жакындап кол булгалайт,
Жардан чыгып анан сени жулмалайт.
Жакшылыкты жүз кайталап кылсаң да,
Жан кейитип, кайра сени тырмалайт.
Жакшы күтүп, жакшылык да кылбагын,
Жаман адам мына ошентип сыйлабайт.

*18-май 2013-жыл*

## КАЙЫМ АЙТЫШ

*Тамашоу азил ичинде*

Пенсия пул бекеринен бербептир,
Отурсун деп бир ордунда чал кемпир.
Отуз жашта ойноктогон кезинде,
Мындай мезгил келеби деп билбептир.

Кыйнап көңүл аңтарылып кирдептир,
Картайам деп бир да ойго келбептир.

Катууланган байагындай кайрат жок,
Калган тура азыр кимбиз, ким дептир.

Карап-карап бирин –бири тилдептир,
Карысын деп чалы айтып сен кемпир.
Көңүл түшүп жашыраагын тандабай,
Карбаластап калган экем мен дептир.

Анда кемпир сенде акыл кем дептир,
Алды-артыңды ойлонбойсуң сен дептир.
Акылы жок сенден кыйла жаш болсом,
Ар амалды аралатып колдонсом,
Кантмексин деп каш кирпигин серментир.

*18-май 2013-жыл*

## АК НАНЫҢДАН ТАТАЙЫН

*2012-2013-жылдын бүтүрүүчүлөрүнө*

Ойдон чыгып, ойлонулуп сүйүүмөн,
Окудуңар, китебимди сүйүнөм.
Окуучулук күндөрүңөр аяктап,
Окушат го алыс кетип үйүнөн.

Окуучулук кезиң калып аркада,
Ойлобогун иштин баары акчада.
Оңой эмес кудук казуу ийнелеп,
Окуш керек миллиард доллар тапса да.

Билеги чоң бирди жыгат деген бар,
Бирди эмес, миңди жыгат билимдар.
Бекер оокат жалкоолукка берилбей,
Бүгүн бүтүп, эртең барып окуп кал.

Келечекке өз турмушуң куруп кал,
Калып калба карамалап багып мал.

Кесип тандап эртеңкиңди ойлонуп,
Кыйналсаң да болуш керек татамал.

Ак жол тилеп ак сакалдуу агайың,
Арнап жазды ушул ырды атайын.
Ак батамды, ак тилекти силерден,
Арнап бербей кантип сактап катайын.
Аман-эсен бүтүп кайтып келгенде,
Ак наныңан насип кылса татайын.

*25-май 2013-жыл*
*Жийде орто мектеби.*

## БЫШКАН ЧЫГААР ЭЗИЛИП

Бүлдүркөндөр бышкан чыгаар эзилип,
Жүр терели мезгил келди кезигип.
Табияттын көркөм кыял табити,
Турган кезде сенден, менден сезилип.

Кулпунайлар кулпунган кез эзилип,
Турган кезде турпатыбыз кезигип.
Тагдыр бизге берип турса мезгилин,
Тербейлиби катарлашып тизилип.

Турмуш жыргал турса бизге чечилип,
Киришели билек түрүп чечинип.
Ар бир учур өз-өзүнө жарашат,
Кала берсек кандай болот кечигип.

Кел терели кала электе эскирип,
Кылбайлычы карбаластап кеч кирип.
Карзинага оозун толо толтуруп,
Көтөрөлү көкүрөккө төшкө илип.

Кийинкиге карагаттар гүл төгүп,
Качандыр бир ал да бышаар эзилип.
Кайра чогуу дагы бирге бололу,
Кыр-кырлардан кыйкырышып кезигип.

*28-май 2013-жыл*

## АЯЛ ЗАТЫ СУЛУУСУҢАР ЭГЕРДЕ

Аял заты сулуусуңар эгерде,
Аярланып  сумсайганды билбесе.
Аялзаты сулуу болбойт эгерде,
Аңыраңдап кыйкырынып тилдесе.

Аял заты жылуусуңар эгерде,
Аркы-берки ушак сөздү билбесең.
Аял заты сулуулугуң бекерге,
Алганыңдын айтканына кирбесең.

Аял заты назиксиңер эгерде,
Ак сакалды, көк сакалды сыйласаң.
Аял заты назиксиңер эгерде,
Алганыңар алкаш болсо кыйнаган.

Аял заты бакыт курат эгерде,
Акыл менен турмуш куруп кармаса.
Аял заты кадыр табат эгерде,
Алганына сүйүүсүн бек арнаса.

Аял заты берекени кетирет,
Ал эгерде түшүнүктүү болбосо.
Аял заты ынтымакты келтирет,
Алдындагы келечекти ойлосо.

Аял заты айыкпаган дартсыңар,
Айкырынып үй-бүлөнү кыйнасаң.

Аял заты анча-мынча мартсыңар,
Бөлүп-жарып өз тууганын сыйласаң.

Аял заты жылуусуңар эгерде,
Айылда жок кийим тандап кийбесең.
Аял заты сулуусуңар эгерде,
Алган жардан алыс болбой бийлесең.

*10-май 2013-жыл*

## КОШ МОСКВА

Кош Москва кош дегенге батынбайм,
Колум сунуп, коздугуңа катылбайм.
Кыргыз эли кылым бирге жашаган,
Кудай берсе бир болсок деп жакындайм.

Көзүм түшүп, көрдүм сени суктанып,
Көркөмүңө калдым кыйла ыктанып.
Кыргызыма барам дагы сүрөттөп,
Көргөнүмдү, көргөнүмдөй мактанып.

Кылымдардан кылымдарга такталып,
Кремлиң турат көрдүм сакталып.
Көчөлөрүң көркөмүнөн бузулбай,
Кадимкидей бойок берип акталып.

Кош дегенге оозум барбай турамын,
Кошулганды келет сенден сурагым.
Келип-кетип балдарыма турганга,
Кана болсо кадимкидей турагым.

*3-май 2013-жыл Москва шаары*

# ЛИРИКАЛЫК
# ОЙ
# ТОЛГООЛОР



## КЕЛЕМ ГО ДЕП ТИЛЕДИМ

Маңдайыңа имерилип келемин,
Мен дагы эле жаш кезимдей элемин.
Карегиңе тартып калсаң сүрөтүм,
Кармаймынбы качандыр бир билегиң.

Карай берем карбаластап карегиң,
Кармаладым кайра жазып калемим.
Караанына көңүл тойбой кайталап,
Көргүм келип, кайра басып келемин.

Камдап жүрөм бере албаган белегим,
Кабыл болуп калабы деп тилегим.
Кайсы күнү кабыл алаар экен деп,
Качан сенден кабарлашып билемин.

Күндө келип кабар алып жүрөмүн,
Качан мага көнүп согот жүрөгүң.
Кабары жок калгым келбей түңүлүп,
Кабар билип келем го тиледим.

*21-март 2013-жыл*

## КИМ ДЕБЕ

Көзүн албай көп тиктеген ким дебе,
Көрбөгөнсүп келет дайым күндө эле.
Карай берет кайра-кайра кайталап,
Кандай адам жоготкондой бир деме.

Карап келет жөн келбестен бир деле,
Көзүн албай тиктей берет эмне эле.
Өзүн түзөп, көзүн түзөп тымызын,
Өзгөчөлөп көрүнгөнсүп кимге эле.

Карбаластап качан болсо күндө эле,
Көркөмдөнүп көрүнгөндөй кимге эле.
Карап койсоң карай албай жалтанып,
Качыргансып көзүн алып ирмеле.

Карегимден мен карайын ирмебе,
Карай берчи , карашалы бирге эле.
Качанкыга таанымаксан болосун,
Кайра тартпай кандай адам бул дебе.

*14-март 2013-жыл*

## ЫЛГАЙ БИЛ

Таза сүйүү таттуу болот билгиниң,
Тандап,сындап ким экенин кимдигин.
Татып турмуш келечекти күтөөрдө,
Туташ болсун ажырашпас киндигиң.

Таттуу жашап, талбас өмүр сүрүүгө,
Таарынчы жок көңүл ачып жүрүүгө.
Тагдырыңды тайгалантып албаска,

Теңдеш тапкын тегиз ойноп күлүүгө.
Бүгүн ысып , эртең тоңуп муздаба,
Билбей калып көңүл чөгүп сыздаба.
Баарын эле бир жашаса болот деп,

Байланбагын кылтылдаган кызга да.
Кадырыңды, ызатыңды билгендей,
Кызмат болсун сен үйлөнгөн кызда да.

*12.03.2013-жыл*

## МЕН СЕНИ

Мен сени Бегимайдай ойлоп койом,
Өзүмдү Раймалы деп, кой деп койом.
Өзгөрүп өткөн жашым кайрып келсе,
Өзгөчө өмүр өтөп ойноп койом.

Өткөндү элестетип ой деп койом,
Өмүрлүк жар болсо деп, кой деп койом.
Өткөрүп кайран жашты кечирсем да,
Өзүмчө кыял кечтеп ойлоп койом.

Мен сени жолуктуруп неге бардым,
Миң жолу көрсөм дагы мурун алдын.
Мелмиреп турган көлдөй дымыктырып,
Мендейди туңгуйукка буруп салдың.

Мен сени карап-карап туруп калдым,
Элестеп эстей берип жолукканым.
Эт жебей тамагыңды тиктей берип,
Негедир демим түшүп соолуккамын.

Алтындай асыл бааңды билесинби,
Аккуудай түшкө кирип келесинби.
Арманда айла таппай калсам дагы,
Ар дайым сактай берем элесиңди.

*4-апрель 2013-жыл*

## РОЛДО КЕТИП БАРАТСАМ

Эңкейип башын ийкеди,
Эстебей өттүм бийкени.
Өтө эле сулуу көрүндү,
Өзгөчө болуп ийкеми.

Байкабай, даана көрбөдүм,
Капыстан көңүл бөлбөдүм.
Капталдан өткөн кылтылдап,
Кап дедим, таанып билбедим.

Көргөндөй болдум күлгөнүн,
Капкара жалжал көздөрүн.
Тааныган болуп ал мени,
Тан бердим мени билгенин.

Ойлоном,кантип билбедим,
Оңтойсуз болдум тилдедим.
Ойкуштап таанып баш ийкеп,
Ойкуган ким бул,  ким дедим.

Жол жүргөн сулуу ким болду,
Жолугун серпип тим болду.
Жөн эле токтоп сунбапмын,
Жанына түшүп оң колду.
Жүрөккө белги калтырган,
Жароокер тааныш болжонду.

*6-апрель 2013-жыл*

## БУЛ МАХАБАТ

Токтоо бербей, тоскоол бербей махабат,
Толгоосу жок, буроосу жок жасалат.
Топ жылдыздын так ортосун кенебей,
Тоодон бийик булут кезип баса алат.

Көркөмдөлүп чоктой кызыл жасалат,
Көңүлү шок,гүлдөй жайнап жасанат.
Көлөкөлөп турган болбой жашынып,
Көлдөй тунук, турат дайым махабат.

Көз уялтып, көркөмдөнүп баса алат,
Көлдө сүзгөн ак куу сымал жасанат.
Кээде калкып, кээде балкып токтобой,
Көк тиреген тоо кырларын аша алат.

Көп ойлонот, тез ойгонот махабат,
Карматпаган касиеттүү апарат.
Кадырына жетеер жетпес болсо да,
Колун сунуп карегине кадалат.

Бул махабат күчтүү отсуң папалап,
Бооруң берип, боор этиңе бата алат.
Босоголоп болжогонун, тилегин,
Болгонунча жүрөгүнө ката алат.

*10-апрель 2013-жыл*

## КОЙЧУ ДЕПМИН

Козу депмин, көз ача элек ымыркай,
Көргөн сайын элестетем унутпай.
Кучагымдан чыгарбастан койбопмун,
Кадырыңа жетип эзген куруттай.

Тоготпопмун жаштык кылат токту деп,
Токтой турчу сенден бөлөк жокпу деп.
Тобокелдик кылып айта салбапмын,
Токтобостон жүрөк сага сокту деп.

Улак депмин токтоно элек секирген,
Улам качып сенден алыс бекингем.
Улап эле көп узабай чоңойдуң,
Ууртуңан уузуң чыкпай жетилген.

Байчечекей жаңы ачылган гүл депмин,
Бери бас деп чыкырсаң да билбепмин.

Башын кашып, жытын жыттап көрбөстөн,
Байкабастык кетирген ким, ким депмин.

Күн элең го жарык чачып ачылган,
Гүл элеңго жытың аңкып чачылган.
Күтө туруп кармап калбай бекемдеп,
Курдай байлап кулач келген чачыңдан.
Кумар жазып ойнобостон калганым,
Кабар кылып, ырдап жаздым ачуумдан.

*20-апрель 2013-жыл*

## ТҮШҮМДӨ КӨРДҮМ

Түйшөлттү мени пендечем,
Түшүмө кирдиң түндө сен.
Колумду койуп кармалап,
Кантейин бери кел десең.

Адырда өскөн гүл десем,
Атайлап барып тербесем.
Алдымдан чыксаң утурлап,
Алайын гүлүң бер десем.

Кызгалдак кызыл гүл десем,
Кызыкпайт элем күлбөсөң.
Кыйылбай барам жаныңа,
Күтөмүн сени кел десең.

Айталбай атың ким десем,
Адырга чыккан гүл десем.
Түйшөлтүп мени кыйнадың,
Түшүмө кирип күндө сен.

Алдымда басып жүрбөсөң,
Атайлап мага күлбөсөң.

Артыңдан барбайт элемго,
Ар дайым түшкө кирбесең.

Эси бар келин экенсин,
Эркиңе абдан бекемсин.
Ээрчитип алып жүрүүгө,
Эрмегим болоор бекенсин.

*13-май 2013-жыл Таңкы саат 4:30*

## СЫЙЛАДЫМ АЯЛ ЗАТЫҢДЫ

Айландырбай өйдө-төмөн башыңды,
Алмаштырып алсам окшойт жашымды.
Адаштырып, капалантпай, ойлонтпой,
Ачык кылып кабагыңды кашыңды.

Алыс кылбай ортолотуп жашымды,
Ачуулантпай ачып кабак кашыңды.
Андан көрө алып таштап жеңилтип,
Алсам окшойт салмак баскан ташыңды.

Алсыз кылбай, адаштырбай башыңды,
Арнап  койсоң иймеленген кашыңды.
Ала качып алыс жакка кетсемби,
Алмаштырып алтымышта жашымды.

Ак бастырбай капкара каш чачыңды,
Алмаштырып оңдоп коюп атыңды.
Ара жолдо кала бербей арасат,
Артык көрүп сыйласам дейм  затыңды.

*12 май 2013-жыл*

## СЕНДЕЙДИ

Арманым бар, албаганга сендейди,
Алтын өмүр кайра баштан келбейби.
Актаңына , аппагына мурда эле,
Айоо берип жолуктуруп мендейди.

Алышса да, чалышса да бербейби,
Арсар кылбай ара жолдо мендейди.
Артка берип өмүрүмдү жашартып,
Аттиң кылбай он сегиз жаш келбейби.

Адам затты ар кыл ойлор кел дейби,
Адаштырып ары-бери термейби.
Арасында арачалап койбостон,
Алыстатбай ошол кезде бербейби.

Аракети абдан болсо жеңбейби,
Анан калса бул дүнүйө теңдейби.
Кураштырып бычып чебер кол менен,
Куп келтирип берсе болмок сендейди.

## СУУСУНУМ БОЛСОҢ ИЧҮҮГӨ

Жаркылдак жалгыз тишиңе,
Жардамым тийсе кичине.
Жанымдан алыс кетпесең,
Жакындап мендей кишиге.

Туйлаймын түндүн ичинде,
Турбастан жетсем кечинде.
Турумтай турна бийкечим,
Туткундаш турат эсимде.

Тоту куш болгон кезиңде,
Таң күндөп түштүң сезимге.
Тосуп мен чыксам болобу,
Токтонгон ушул кезимде.

Толгонуп койсоң кичине,
Тиштерим тийип тишиңе.
Тартынбай келип сайрасам,
Турсаң дейм жарап ишиме,
Жанашып бассам деп ойлойм,
Жакындай көргөн кишиге.
Суусаган кезим байкаган,
Суусунум болсоң  ичүүгө.

*9-май 2013-жыл*

## УЙКУ БЕРБЕЙ КЫЙНАГАН

Сенде мынча касиеттүү жан эле,
Сүйлөшкөнмүн бир иш менен жаңы эле.
Түн күзөтүп уйку көрбөй түйшөлүп,
Андан бери көп күн өтсө дагы эле.

Көз алдыман көзүң кетпей кыйналам,
Кандай жансын түшкө кирип кыйнаган.
Мурун соңку болбогонмун мынчалык,
Сезип койчу, сезим берип жыйнаган.

Көрөм сени көргөн сайын кыйналам,
Сөзүңү уктум сен тараптан сыйлаган.
Салыштырып башкаларга окшотсом,
Сен бир башка көгүчкөнсүн туйлаган.

Көргөн менен көргүм келет кайрадан,
Көркөмүңө көзүм түшүп байланам.

Көңүлүмдү жайландырсаң тартынбай,
Көңүл тынчып, уйку болуп жайланам.

Жүргүм келет, жүрөк сүйүп сыйлаган,
Жактырып кой жазган ырым жыйнаган.
Жүдөтпөстөн жүрөйүн деп боор оруп,
Жүрөм дечи жакшы көрүп кыйладан.

*13-май 2013-жыл*

## ТЫНАР БЕЛЕМ

Сен менин ыссык көлүм болоор белең,
Мен сүзүп балык болуп оңор белем.
Мемиреп атыр жыттуу тоолоруңа,
Мейкиндеп учуп барып коноор белем.

Сен менин кызыл гүлүм болоор белең
Сагынып жыттагылап оңор белем.
Самайдан сылап сыйпап эркелетип ,
Сабырым канаат алып тойоор белем.

Сен мага чер жазылбас кумар белең,
Сырлуу сөз жазып таккан тумар белең.
Саймалап сактап койгон бет аарчыңды ,
Сага деп сылык кармап сунар белем.

Созултуп үн чыгарган улар белең,
Сайраган булбул болсом угар белең.
Суйкайган сулуулугуң сактап мага ,
Сүрттүрүп бүт денеме жугаар белең
Жабыркап жүрө бербей куса болуп.
Жан эргип моокум канып тынар белем.

*26-май,2013-жж*

## КЫЯЛДАНАМ

Кыялдануум тыйуу бербей кубалап,
Кыйнадыңго көңүл сырын чубалап.
Кармап алып кучагымды толтуруп,
Кантээр элең сыйкырласам дубалап.

Колго баккан куштай кылып сабалап,
Колдоруңдан кысып улам кармалап.
Кадимки эле жаш баладай эркелеп ,
Көкүрөгүң ачып берсең тырмалап.

Көп сөздөрдү айткым келет жылмалап ,
Көздөрүңдү , каш-кирпигиң сыймалап,
Кокус болсо , ооруп калган жерлериң,
Көңүлүмдөн дары жасап куймалап.

Келет качан көңүл черин жыйнамак ,
Кайра-кайра журөк ооруп кыйнамак .
Кадимкидей көнүгүшүп үйрөнүп,
Келет качан кадырлашып сыйламак.

Кыялдантып ыр жаздырдың бир барак,
Кыйноо тартып боло бербей ар тарап .
Көкүрөктө өйүп жүргөн санаама,
Койсоң боло көңүл бөлүп бир карап.

*24-май,2013-жж*

## АППАК АЙ

Түз экенсин сүрүп койгон тактадай,
Күзгү ачылган жаркыраган пахтадай.
Көргөн сайын көргүм келет кайрадан,
Кайдан чыктын карындашым аппак ай.

Гүл экенсин кол тийбеген аппак ай,
Ким өстүргөн күн тийгизбей сактап ай.
Качан болсо колдо кармап жытыңа ,
Кандай адам калбас эле уктабай.

Күндөй жарык чачыраган аппак ай,
Күн тийгендей кайсы жактан чыккан ай.
Көзү түшүп көркөмүңө суктанып,
Ким да болсо койо албастыр мактабай.

Түн күзөткөн, түнкү шамдай аппак ай ,
Ким болду экен, ким биринчи жаткан ай .
Колдо кармап бекем сактап урунбай ,
Ким болсо да ошол адам сактабай.
Табигаттын тартуулаган белегин ,
Таза кармап , таза сүйүп актабай.

*24-май, 2013-жж*

## СУЛУУ КӨРДҮМ

Сулуу көрдүм эч жеринде жок кеми,
Суктансамда боло албадым мен теңи.
Суудай сүзүп куйуп алып идишке,
Суусаганда сактап жүрүп ичсемби.

Көндүрө албай көөнүм түшүп эч сени,
Көрсүн үчүн сыйкырланып келсемби.
Көөдөнүмдү күндөп-түндөп кыйнады,
Кандай кылсам, курут кылып эзсемби.

Кыйылсам да кыйналсамда сезбеди,
Кыйла жашка барыпсың го сиз деди.
Капа болуп уккан сөзгө өкүнүп,

Кайактасын кыргый куштай кез деги.
Кашайтты го катуу кармап мүчүтүп,
Көңүлүмдөн кетпейт минтип эзгени.
*20-май 2013-жыл*

## ЖЕРДЕ КАЛГАН РОЗА ГҮЛ

Калган экен жерге түшүп роза гүл,
Ким таштады баркын билбей түгөнгүр.
Кадырына жете албаган макулук,
Кай бир жерде кайкалаңдап жүргөндүр.

Үзүп коюп, неге колдон түшүрттү,
Үрөй учту капа кылып үшүттү.
Качандыр бир, кимдир бирөө тебелеп,
Кетпесе деп көпкө салды күйүттү.

Жаңы ачылган өңү кызыл гүл эле,
Жан кейитип кыйноо берди тим эле.
Жакын барып жерден алып койо албай,
Жаман болдум өзүм салып жемеге.

Баркын билбей кандай адам үздү экен,
Көңүл ойу жаш сулууга түз бекен.
Бажырайган кайсы жердик гүл болду,
Балапан го бала бойдон күздө эккен,

Ким үзсө да көп жакшылык көрбөсүн,
Көрүп туруп, билип туруп көнбөсүн.
Кармалашты, кадырлашты билбесе,
Көйрөң жигит колун сунуп үзбөсүн.

## СУЛУУЛАРГА

Жарашат кандай кийим кийинсе да,
Жаркылдап чуркоо бербей ийилсе да.
Жанынан өтүп калсаң жарык чачат,
Жаз күнү караңгылык билинсе да.

Жарашат эски кийим кийинсе да,
Жаркылдайт бет маңдайы чийилсе да.
Жалтаңдап жарпың жазып калалбайсын,
Жакындап эринге-эрин тийилсе да.

Жарашат узун кыска кийинсе да,
Жалтырайт өңү төмөн тигилсе да.
Жарашат кийингени сулуулантып,
Жаңы эмес эскилиги билинсе да.

Жарашат баскан-турган сүйлөгөнү,
Жарашат чачын бийик түйбөгөнү.
Жаратып кудай таала чырай берсе,
Жок чыгаар ашык болуп сүйбөгөнү.

*9-май 2013-жыл*

## ӨКҮНҮЧ

Өлөөрүң кызым өлдүң го,
Өлтүрбөй мени көмдүңгө.
Өкүнүч болуп өмүргө,
Өксүгөн күндү көрдүм го.

Өлүмгө бараар сен белең,
Өкүнтөөр жанга тең белең.
Отуз бир жети жашыңда,
Ажалга түшкөн жем белең
Табууга болбой айлаңды,

Таң калып башым айланды.
Такылдап жүрчүү атакең,
Такалап бутан тайгалды.

Сөзүңдү укпай кыйылдым,
Сайраган тилден тыйылдым.
Санаалар санга бөлүнүп,
Сакайбай жүрүп ыйымдын.

Көзүңдү ачпай өчөштүң,
Кошулуп ооруп күчөштүң.
Кайрылып көзүң ачпастан,
Камында болдуң жөнөштүн.

Бассам да турсам ойлоном,
Беш уктап кантип ойлогом.
Бешенең тайкы экенин,
Бир дагы ойлоп койбогом.

Кабыргам кайгы толгоду,
Кабарсыз өлүм болгону.
Катарда жашап тургун деп,
Кайрыбай сени койгону.

Жүрөтгө элең балам ай,
Жүргөндөй катар баладай.
Жүргөнүң шайыр күлгөнүң,
Жүрөмүн кантип самабай.
Жан биргем ашык кулунум,
Канткенде кантип табам ай.
Кайгырбай кантем жадабай.
Кагылам балам сага ай
Кантейин балам сага ай.

## КЫЛЧАКТАП АРТЫҢ КАРАБА

Жактырышса жаш кары деп кыйнабайт,
Жараштырса кары жашты ылгабайт.
Жакшы көрүп калган болсо көңүлүң,
Жалтанбастан ой-пикириң чындап айт.

Көнүл толкуп калса, мезгил сындабайт,
Кайра -кайра чакырып кол булгабайт.
Калтырбастан көңүл черин бузбастан ,
Каршы болбой ойлоп оюң чындап айт.

Каалабаса жүрөк толкуп туйлабайт,
Куш түгөйүн кур бекерге сыйлабайт .
Кушу түшүп калбаганда адамдар,
Кур бекерге колун сунуп булгабайт.

Сен да изде мен да издеп айланы ,
Сүйгөндөр бар Бегимай деп Раймалы
Сүйкүм көңүл сыздап бекер калбасын ,
Сезимдердин жакшы болбос тайганы.
Сулуулугуң сулуу бойдон сакталып,
Салкындабай жакын болсун жайдары.

*4-май, 2013-жж*

## ТҮШ ЭКЕНСИН

Кучактап күн нурундай төгүп нурун,
Көрбөгөм мындай жандын көбүн мурун.
Туйладың жөн жатпастан тыбырчылап,
Туулгандай тулпарындай болуп кулун.

Койнумда булактады сунуп колун,
Көрбөгөм турмушумда мындай сонун.
Кармалап колдорумдан чыкпай такыр,

Кайрылып кайра тосуп арка жонун.
Жыттаткан жытың башка жан экенсиң,
Жыргаткан мындай сонун ким экенсиң .
Жаркырап жылмайыңкы карап коюп,
Жаныңда дайым болом мен дегенсин .

Көкөлөп бийик учкан куш экенсин,
Көркөмдөп көз бойогон киши экенсин,
Көрүнбөй көзүм ачып таппай калдым
Коноктоп келип кеткен түш экенсин.
*5-май, 2013-жж*

## ЫРГА КОШТУМ АРМАНДЫ

Көрүп туруп көкүрөктө алмаңды,
Көркөмдөнүп көз уялтып калганбы.
Кайран жаштык учуруна туш кылбай,
Калтырды го карт жүрөккө арманды.
Калыстыктан алыс кетпей кудурет,
Кармалатып койсо берип жардамды.

Карай берип бак өстүргөн багбанды,
Кайра-кайра кайталадым арманды.
Кайран отуз жаштын болсо учуру,
Кыйбайт элем бир кучактап алганды.
Кумар жазып калаар мезгил алыстап,
Кайдан көрдүм көз уялткан алмаңды.

Кош алмаңды күсөп үзүп алганды,
Күчөй берди көздөп жыттап калганды.
Карап коюп мен тарапка бурулуп,
Койоор белең кол тийгизмей жардамды.
Качанкы өткөн жаштыгымды элестеп,
Кап, дедим да ырга коштум арманды.

Айткым келбей апыртмалуу жалганды,
Аңдабады арман күчөп калганды.
Алаксыбай көңүл бөлбөй, мен жакка,
Адатынча өз ишине камданды,
Айтаар бекен агатай деп бир куну,
Айттырбастан абдан берип жардамды.

*1-июнь, 2013-жж*

## АППАКСЫН

Сен ак санаа, ак пейилдүү аппаксын,
Сезе билбейм кайсыл айыл жактансын.
Билишимче бир өзүңдү сулууну ,
Кирпигиңе кир жугузбай сактапсын.

Самаганга, санаганга аппаксын,
Сынга толук сыпатыңды сактапсын.
Көңүл ачык, көзгө сүйкүм көрүнгөн,
Айтып койсоң кайсыл тарап жактансын.

Чекити жок , чекиси жок аппаксын,
Чеги, жетпей өзүңө тең таппапсын.
Мен ойлогон мен көздөгөн кеңири,
Көңүл ачаар , көркөмдүү бак шактансын.

Ак самаган, Ак санаахан аппаксын,
Андай эмес болсоң кайдан макталсын.
Ашык болгон сүрөтүңө мас болуп,
Адамзаттын сугу түшпөй сакталсын.

*7-май,2013-жж*

# КЫЗЫМДЫ ТУРАМ ЭСКЕРИП



## КЫЗЫМДЫ ТУРАМ ЭСКЕРИП

*Бешинчи февраль 2009*
*болбосо 41 ге чыкмак.*

Өлбөгөн кулга жаз келет,
Өрдөгү келгин каз келет.
Өзөктү өйгөн ойумду,
Өзүмдөн башка аз билет.

Ак кары кетет, жаз келет,
Алладан тилек көп тилеп.
Армандуу кеткен кызымды,
Айласыз турам белгилеп.

Айтпасам болмок өлдү деп,
Атасы кызын көмдү деп.
Аманда болсо кырк бирди,
Алмакмын жашын белгилеп.

Алладан тилейм бейишин,
Айыптыр мүмкүн кейишим.
Ак кары кетип жаз келсе,
Аябайт элем көрүшүн.

Айласыз кош деп тилеймин,
Бейишти төрлөп жүрүшүн.
Баякы күндөй жаркырап,
Бажырап жайнап күлүшүн.

*24 январь 2013 жыл*

## ЖЕТЕМБИ ОШОЛ ОЙГО ДЕП

*Жаңы жылдык эскерүү кызым Венерага.*

Кантип кызым сени калам жоктобой,
Көздөн жашым агып турса токтобой.
Көрбөй калдың төртүнчү жыл жаңы жыл,
Күтүп алып атаң-апаң топтобой.

Турат белем сени эстебей козгобой,
Түбөлүккө таштап кетсең боздомой.
Түрдөп жасап жаңы жылды унутуп,
Каяктасын үй-жайыңды көздөбөй.

Барбай калдым жүрөктө жок жылуулук,
Баштагы жок, сен күтчүүдөй сулуулук.
Баары өчүп , баары көчүп түгөнүп,
Болбой калды күтүп, сыйлап кылуулук.

Сабыр кылам кыздар жетсин бойго деп,
Самап жүрөм жетсем ошол тойго деп.
Айдай менен Айгеримим чоңойсо,
Айлап, күндөп жетсем ошол ойго деп .

*29-декабрь 2012-жыл*

## ЭСКЕРҮҮ

*Кызым Венераны*

Көрүнүп оорум бар дебей,
Көндүңбү жүрүп элебей.
Көзүңдү көрүп турганга,
Көргөзбөй өттүң кенедей.

Жатайын оорум бар дебей,
Жакшы эле жүрүп кенебей.
Жатканың болсо мейли эле,
Жарышып ата-энедей.

Жарагын чуркап тапканга,
Жарабайт белек чөнебей.

Жанбаштап апаң жаныңа,
Жарышып барып жабыла.
Жаныбыз үрөп турмакпыз,
Жарактуу дарың табууга.
Жакшылап кылып аракет,
Жаныңды алып калууга.

Сүйлөп да турсаң жарашмак,
Сүйүнүп үсөн карашмак.
Ооруган жериң көрсөтсөң,
Оодарып өмүр талашмак.

үн чыкпай көзүң ачпадың,
үшкүрдүм көрбөй ачканың.
үлгүрбөй калдык кечигип,
үңкүйтүп бизди таштадың.

Кантейин эки кызы бар,
Калбады арман кызыгаар.
Эгерде уул да болгондо,
Эрмектеп Нурлан уулу бар.
Эр жетип калса чоңойуп,
Ээрчишип басып , биз алар.
Эсинен кетпей сакталып,
Эрмеги болуп узанаар.

*28-январь 2013-жыл*

## КААЛАБАЙТ ЭЛЕМ ЭЧ КИМГЕ

*20-жылдык акыркы коңгуроосуна*
*карата 25-май 2009-жыл*

Айтпай кеттиң ооруп жүрчү кезиңди,
Айтпасаң да аныктыгы сезилди.
Колдон кетип калганыңда түбөлүк,
Кайран жаным эзилди да эзилди.

Тенеңим деп эркелетип калчы элем,
Сен барыңда бейкам элем, тынч элем.
Сенин сүйкүм, сенин бала кездериң,
Сагынганда санап-самап алчы элем.

Быйыл болмок жыйырма жыл майрамың,
Кеттиң балам суусун бойлоп дайранын.
Кайрылбаган карааныңды табалбай,
Калды атаң, калды апаң кайраның.

Алла-таала колдосо экен деп көрөм,
Айтылгандын бардык жагын эп көрөм.
Алып кеткен арасынан адамды,
Алда кудай мен өзүңдү жек көрөм.

Мен билемин бул дүйнөнүн жалганын,
Менде калат түгөнбөгөн арманың.
Антее дагы тилек кылып сыйынам,
Амандыгын балдарымдын калганын.

Бул жашоодо ата болуп ыйлаба.
Барган кезде өмүр жашың кыйлага,
Ажыратып перзентинден акшатып,
Алда кудай кимди болсо кыйнаба.

## ЭЛЕСТЕТТИМ

Көргөндө көзүм түшүп өрүк гүлүн,
Кете албай карай берем сени бүгүн.
Кызымды кыялданып элестеймин,
Кыйналып эстеп туруп өткөн күнүн.

Көргөндө гүлдөгөнүн өрүктөрдүн,
Кызымды эркелеткен келип күнүм.
Кыялда кыйналгандай болуп кетем,
Кыйлага сезип сени өрүк гүлүн.

Гүлдөгөн эрте жазда өрүк гүлүн,
Гүлүңдөй күлгөн кезиң көрүп бүгүн.
Көзүмө алты, жети жашың келди,
Көргөндө гүлдөгөнүн өрүктөрдүн.

Гүл элең бир башкача күн нурундай,
Калгамын карааныңа колум сунбай.
Кыялбай кыймылдарың эске келип,
Кызым сен элестесин мурункундай.

*26-март 2013-жыл*

## БИР ОНТООМ БАР

Бир онтоом бар, көкүрөктөн кетпеген,
Жүрөк мыкчып, караанына жетпеген.
Качан болсо тиктей берет өзүмдү,
Көрбөйм бирок, көңүл айнып энтигем.

Бир онтоом бар, алыстабай ээрчиген,
Кыйнай берип, караан болуп кемтиген.
Качан болсо бирге жүргөн болот да,
Качып кетет колго тийбей тентиген.

Бир онтоом бар, мен уктасам уктаган,
Бирге басып, сөз сүйлөсөң укпаган.
Бөлүнбөстөн, бекинбестен дайыма,
Бери кел деп, колун сунуп чуркаган.

Бул онтоомду сактап келем билгизбей,
Бузуп жарып, буйум затка тийгизбей.
Бассам, турсам жанымдан түк кетирбей,
Бала чакам турган үйгө киргизбейм.

Эрте кечпи кудай алса жетемин,
Эркелеткен сен болосун эстегим.
Эстей берем бала кезиң элестеп,
Ээрчип жүрчүү туткалактап этегим.

*3-май 2013-жыл*

## ГҮЛДӨЙ БАГЫП ӨНДҮРҮП

*Маркум кызым Венеранын*
*туулан күнүнө карата.*

Жүрөт бирге сүрөттөрүң сүйрөлүп,
Жаңыланып чаң басканда үйлөнүп.
Жаның болсо калаар белең кошулуп,
Жакшы, жаман кептер өтсө сүйлөнүп.

Жай албаган жаным калды үйрөнүп,
Жашап жүрөм эл катары сүйрөлүп.
Жашоо экен тирүү жанга айла жок,
Жоктугуңду жоктоп издеп сүйлөнүп.

Жоошуттуруп жоктугуңа көндүрүп,
Жатып калдың топурактан деӊ кылып.
Жарабадым колдон келбей Венера,

Жашоо берип, гүлдөй багып өндүрүп.
Көчөт кылып көтөрбөдүм тирилтип,
Колдон келбей өз жериме бөлдүрүп.

*21-август 2013-жыл*

## ЭНЕҢ МЕНЕН АТАҢДАЙ

Тагдыр экен  эне менен атага ай,
Тапкандарын балдарынан ката албай.
Талканын да тамагынан өткөрбөй,
Тартуулабай турат экен жата албай.

Балдарга деп, калтырбайт го атабай,
Берейин дейт, бирок алыс жете албай.
Бар дүйнөсүн, тартуу кылып астына,
Башын буруп турат экен кете албай.

Бармактайын, тырмактайын ката албай,
Бир үзүмүн балдарга деп тата албай.
Берейин деп керек болгон жайына,
Бир баш малын акча кылып сата албай.

Беш убакта бата кылат жата албай,
Басып кетет жалгыз үйдө бата албай.
Боор этиңден кудай берип жаратса,
Балдарыңа калмак беле аталбай.
Билип жүрсө баркын билип унутпай,
Болбос пенде энең менен атаңдай

*21-август 2013-жыл*

## ИЛИНБЕЙ КАЛГАН СҮРӨТКӨ

*Маркум кызымды эскерип.*

Сүрөттөн чоңу жок экен,
Көңүлүм сезбей ток экен.
Катарда жок го кызың деп,
Кайрылган сөзү чок экен.

Катарга алып сезбепмин,
Илинээр келсе кез депмин.
Өлөөрүн билбей кызымдын,
Келбептир такыр тездеткиm.

Көңүлгө такыр илбепмин,
Билбепмин кызым билбепмин.
Аз өмүр сүрүп өтөт деп,
Сезбепмин кызым сезбепмин.

Таарына айтсаң сөзүңдү,
Таамайлап көрбөй көзүңдү.
Таптакыр сезбей түшүнбөй,
Күүнөлөйм кызым өзүмдү.

Муңайа айткан сөзүңдү,
Мусаапыр сезип өзүңдү.
Мурдатан билген өңдөнүп,
Жумаарың туйуп көзүңдү.

Айтканың сөзүң билбепсин,
Сүрөтүм ата илбепсин.
Акырет кетээр өңдөнүп,
Алтыным мени тилдепсин.

Аттиң ай неге илбепмин,
Байкабай көңүл билбепмин.
Баркыңа жетпей калганым,

Башымда калды милдетим.

Тилдепмин өзүм тилдепмин,
Сүрөтүң неге илбепмин.
Сизге мен кызың болбойм деп,
Сөзүңдөн сезип келбепмин.

Катарга койуп илбепмин,
Кадырың кызым билбепмин.
Чоңойтуп тартып сүрөтүң,
Чойкойтуп илип бербепмин.
Эстеген сайын сөзүңдү
Эс учтан кетип тердеттиң.

Өзгөчө сүрөт илинди,
Өлгөндөн кийин билинди.
Өкүндүм жүрөк тызылдап,
Өмүрүң барда чейинки.
Өтө эле түштү кыйынга,
Өксүтүп мени кийинки.

*Атаң Жаныбек 14-июль 2013-жыл*

## ТЫРЫШЫП

Ичпей-жебей кабак кашы бырышып,
Акча тапкан талбай меенет кылышып.
Дасторконго ченеп тамак койдурбай,
Жеп ичкенге ичи ооруп тырышып.

Табат-тутат ар тараптан кымтышат,
Кышкы суукта от жагышпай тырмышып.
Базар жакка барып калса кокустан,
Тамактанбай тартынгансып жылмышып.

Кийим-кече жаңыланбайт кийинбейт,
Карыз алса аласын го кийин дейт.
Короо толо кой-эчкиси болсо да,
Киши сыйлап кой сойгону билинбейт.

Сом коротуп мончо жакка киринбейт,
Көз ачылбай чылпак басып ириңдейт.
Эл ичинде аралашып сүйлөсө,
Мага деги теңелесин кимиң дейт.

Эл ичинде болуп калса топтомой,
Тура калып кетмейи бар онтомой.
Тизме менен тактап калса бүлөөсүн,
Тийбегиле жашоосу дейт эптемей.

Кайда барат чеке тери бырышып,
Канча малды жебей-ичпей кылышып.
Катып-сенеп жыйнаганың артыңда,
Калат сенден кармансаң да тырышып.

*7-февраль 2013-жыл*

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН

Куттук айтам Анаш уулу Жолдошбай,
Ким таанылат, чыйыр кылып жол баспай.
Келсең дагы элүү жашты аркалап,
Койгум келет отуз жашка алмашпай.
Каалайм иним өмүр тилеп өзүңө,
Картайбагын дагы элүү кар баспай.

Урмат кылып берген ушул белегим,
Утурлашып, учурашты билемин.
Учур, мезгил баркы-бааңды баалашып,

Ушул жактан аткарылсын тилегиң.
Учтуу болуп чыгармаңдын чырпыгы,
Узак мезгил жаза берсин калемиң.

*Агаң Жаныбек Мырзаибраимов*
*Жийде айылы*

## КОШТОШУУ

Кайтаарда үйдү көздөй кош бол айтып,
Карашып, буулугушуп ашып-ташып.
Коштошуу кандай кыйын болсо дагы,
Кетпедик кейип-кепчип көздөн жашып.

Кыздарым үйдөн калды кош ата деп,
Келиңиз колдор дагы бошосо деп.
Кийинки келишиңиз жалгыз болбой,
Калбастан апам бирге коштосо деп.

Жалдырап түгөткөндөй айтаар кебим,
Жакындап кучак жайып Жанарбегим.
Жеткенде төможныйдын эшигине,
Жөн эле билбей калдым эмне дээрим.

Давайти бер документ деп суранды,
Дегенде карап калдым Элнурамды.
Темирдей ден соолугун тилек кылып,
Тиктешип ажырашып кол булганды.
Көп тилеп ден соолугун бир кудайдан,
Келдим мен аманат деп мен буларды.

*4-май 2013-жыл Москва,*
*Аэропорт домодедова*

## ЖАЗДЫ КӨРҮП

Жаз деп келем көңүл черим жазалбай,
Жаным эргип өпкөм болуп казандай.
Жарашыгын карай берип суктанып,
Жарпым жазып калган өңдүү басаңдай.

Жазды көрсөң көп-көк болуп айлана,
Жамгыр төгүп суулар агып жайгана.
Жылкычылар чаначтарын камдашып,
Желе толо, кулундары байлана.

Жайлоо көркү көрүнгөндө кулпунуп,
Жапырт элдер жогорулап умтулуп.
Жараштырып катар үйлөр тигилип,
Жааса жамгыр жашырынып кумтунуп.

Жаз келгенге дыйкандар да кубанып,
Жатып албай кыштагыдай чубалып.
Жүгүрүшүп эгин эгип жерине,
Жарык маанай, сүйүнүшүп кубанып.

Жакшы көрөм көркөмүнө чегим жок,
Жазып ырды жеткире албайм эбим жок.
Жандуу жанга жарашыктуу көрүнөт,
Жаным кейийт бирок кызым эми жок.
Жарашмак деп элестетип тиктеймин,
Венеранын жанып турган деми жок.
Жаным кейип көрбөдү деп кыйылып,
Жалтаңдаймын айласыздан сени жок.

*26-март 2013-жыл*

## БИРӨӨ МЕНЕН

Бирөө менен таттуу келет сүйлөшкүң,
Бирөө менен такыр келбейт үндөшкүң.
Бакылдашып баарлашуунун ордуна,
Бир болгондой, бир жашаган күндөштүн.

Бирөө менен баскың келет бакылдап,
Бирөө менен тургуң келбейт жакындап.
Бак ичине келип конгон сагызган,
Баш оорутуп сайрагандай шакылдап.

Бирөө менен болгуң келет кошуна,
Бирөөлөрдүн уккуң келбей доошуна.
Бара берип жадатат деп деп киргизбей,
Барымталап, кашаа тутуп тосууга.

Бирөө менен жолуксам деп кучактап,
Бирөөлөрүң жолуң тосот ушактап.
Басса-турса жалган сөзүн сүйлөсө,
Бирге болбой качкың келет узактап.

Бирөө менен сүйлөшсөм деп ээзилип,
Бирөөлөрдүн жаман жагы сезилип.
Бара-бара көңүл чөгүп качасын,
Бат-бат эле жолугушпай кезигип.

*10-март 2013-жыл*

## КИЙИН УКТУМ

Байкоо бербей, көңүл койбой,
Жүргөн кезин көзү тойбой.
Телмиришип тиктешкенбиз,
Келе жатып көчө бойлой.

Сезе билип, көңүл койбой,
Турган кезин көзү тойбой.
Бир башкача сөздү сүйлөп,
Билген белең жаман ойлой.

Көп ойлопсун отурса деп,
Көңүл черин толтурса деп.
Кол булгалап кетпешимди,
Кудай колдоп болтурса деп.

Жолго буруп машинамды,
Жактырбапсын шашылганды.
Кириптирсин ишканаңа,
Көзгө үйүп жашынганды.
Көпкө чейин ыйлаптырсың,
Токтоо бербей басылганды.

Неге минтип ыйлады деп,
Мынча өзүн кыйнады деп.
Жашырбастан айтып берди,
Жаныбек ава сыйбады деп.
Жалаң бирге иштешкендер,
Кечке ыйын тыйбады деп.


Кайран балам, кайран балам,
Кабар угуп мындан улам.
Кабыргамды кычыратып,
Канаат кылбай ыйлап турам.
Келип жазып ушул ырды,
Кайра-кайра окуп куран.

Кездешүүбүз ушул болгон,
Кош айтышып көчө жолдон.
Көзүн калдым көрө албастан,

Көп ойлорум чыкпай ойдон.
Кайран кызым кеткен болду,
Кырчын жашта болуп ойрон.

*1-март 2013-жыл.*

# ӨТКӨН КҮНДӨР



## БАЛАЛЫГЫМ

Баштан өткөн балалыгым баяны,
Бара-бара түшкө берип аяны.
Бассам турсам көз алдыма келтирет,
Бала кезде жашап өткөн уяны.

Башкалардай бакыт турмуш тилегем,
Балалыкка мээрим алып энемен.
Байкоо салып бара-бара чоңойуп,
Билип жүрдүм жетишпестик теңимен.

Бака –шака эркин ойноп күлбөдүм,
Башкалардай жарашпаган күлгөнүм.
Барктабады баалабады атакем,
Балчык сууну басып жүргөн күндөрүм.

Бир күн болбой арак ичпей жүргөнү,
Баш оорутуп иттей чыгып үндөрү.
Балта кармап, теше кармап коркутуп,
Баш көтөртпөй апам урган күндөрү.

Бара турган жер табылбай жүдөгөм,
Бала болдум кийим таппай жүдөгөн.
Башым ооруп атам ичкич адам деп,
Башка жүрдүм , күдөөр үзүп мүдөөмөн.

Боломбу деп мен да элдей чоңойуп,
Бакырчы атам сөз сүйлөтпөй олойуп.
Басса-жатса арак экөө бөлүнбөй,
Баш жагында турчуу ише соройуп.

Баркын билбей апакемдин кадырын,
Балдарым деп үн чыгарбай акырын.
Безип кетпей бизди таштап шору жок,
Билгем байкап апакемдин акылын.

Башкалардай жашайын деп ойлонбой,
Бизге берген аталыктын бакылын.

### БАЛЫК КАРМАП

Барат элем окуйун деп мектепке,
Балдар алса акча төлөп китепке.
Балалыктын бай турмушун көрө албай,
Билип жүрдүм кирбегеним эсепке.

Басмырланып байпагым жок кийгенге,
Уручкам жок дептер алып чийгенге.
Баш көтөрүп сүйлөй албай тартынып,
Балдар менен кол кармашып ийгенге.

Баса берем бир эки саат эртелеп,
Бала болуп жүрө албадым эркелеп.
Баргым келбей үйдү көздөй шашылып,
Баягы атам баш орутаар темселеп.

Балык тутам теңтуштардан жашынып,
Барып сатам базар баада  ашыгып.
Бөлүп-бөлүп үнөм менен чогултуп,
Беш,он күндүк ун алабыз ашырып.

Биздин жашоо балык менен уланып,
Билгизбестен бөлүп жарып суранып.
Балалыкты кош  айтыша жаздадым,
Бутум тайып ГЭС түбүндө куланып.

Бир тегерек, шар жерине айланып,
Биротоло кала жаздап жайланып.
Бир мезгилде колго тийип тутам чөп,
Билип калдым турганымды байланып.

Бир ажалдан калгандыгым айткамда,
Түк басылбай ыйлап апам кыйналып.
Болду балам балык жакка барба деп,
Балык тутуу ошол бойдон жыйналып.

## КӨМҮР КАЗЫП

Таш-Көмүрдүн жайы ыссык кайнаган,
Жашоо, турмуш, ойго түштү кайрадан.
Көмүр казып, акча табам эми деп,
Кеттим качып балык туткан дайрадан.

Таш-Көмүрдүн көмүрүнөн чукулап,
Турса дагы балапан кез нукулап.
Тартынбастан табайын деп каражат,
Таш чогултуп, керки менен ургулап.

Табайын деп, багайын деп апамды,
Тарсылдатып ташка уруп капамды.
Табийгаттын байлыгынан чогултуп,
Тартпайын деп арак ичкич атамды.

Тыным албай тышка ташып көмүрдү,
Тирииликке абдан буруп көңүлдү.
Таштан дагы табайын деп акчаны,
Тобокелге салган элем өмүрдү.

Тытмаладык тыным албай көмүрдү,
Түшкө калбай тынч алдырып көңүлдү.
Ташка чыксак айран-сүтүн көтөрүп,
Тааныш эже күткөн өңдүү көрүндү.

Табабыз деп акча үчүн көмүрдү,
Тагдыр бизге туш кылбаптыр өлүмдү.

Тарсылдаган добуш чыгып үңкүрдөн,
Толук бойдон забой көчүп көмүлдү.

Бул эжени кудай айдап келиптир,
Бизге өмүр кайтып оңдоп бериптир.
Бир кудайдан башкага жок ишеним,
Балким эже периштеге шериктир.

## ЭКИНЧИ ЗАБОЙ

Эстен тайып чочуп үйгө кайтканбыз,
Эсендикти эли журтка айтканбыз.
Шылтоо менен эже бизге келбесе,
Шыпырылып чыкмак элек кайдан биз.

Көрүп өңдү апам жаман кыйналды,
Көздөрүнүн жашы тынбай ыйга алды.
Кайран атам ааламда жок кабары,
Калсак дагы жерден чыкпай калганды.

Көпкө үйдө акчасыздан тура албай,
Каражат жок, курсак ачка жүрө албай.
Казан бошоп, калдыраган идиштер,
Качан эле түгөнүптүр тамак, май.

Кайра чыктым көмүр түшүп дагы ойго,
Кирээр кезде башка жаңы забойго.
Кудай дагы капилеттен сактады,
Акча табуу болбой калды оңойго.

Кандайдыр бир шуулдаган үн чыгып,
Кыймылдады жердин үстү ынтылып.
Көрүп турдук тарсылдаган добуштан,
Калды забой жабык болуп кымтылып.

Көпкө турбай, көп ойлонбой чечкемин,
Кандай болоор Таш-Көмүрдөн кеткеним.
Келечекке үмүт кылып умтулуп,
Жатып, бозуп Бишкегиме жеткемин.

## ТӨЛӨГӨН АВАМДЫН ҮЙҮНДӨ

Издеп жүрүп, таптым авам үйлөрүн,
Үндөбөстөн кабыл алып сүйгөнүн.
Үрөйүнөн, кабагынан байкадым,
Жашайын деп келдим дедим сүйлөдүм.

Кабыл алды бир бөлмөсүн көрсөтүп,
Кандай басып, кандай туруш үйрөтүп.
Келгениңде эрте менен кечинде,
Киргин деди тамак-ашка үйгө өтүп.

Эки жума эптеп мында чыдадым,
Эч келишпей кетти менин чыдамым.
Эртесинде кетейин деп көчөгө,
Эрте чыктым жообун алып авамын.

Бир күн кечке Ош базарын кыдырдым,
Бекеринен келмек беле кыдыргым.
Издегеним бир классташ болуучу,
Бир билгенден билеер дедим кадырым.

Кечке таппай кайсы жерге жатам деп,
Көрүп калдым классташым экен деп.
Кандай досум, кайдан келдиң деп сурап,
Колдон кармап кеттик деди жетелеп.

Кабыл алды эжебиз өз үйүнө,
Калдык иштеп краңгылап күнүгө.

Канча тапсак, канча тыйын болсо да,
Катып сактап койчу дайым күнүнө.

Калыптанып калган өңдүү сезилдим,
Канаат алып, келгенимдей кезимдин.
Комуз кармап талантыма жол алып,
Козголгону болду окшойт сезимдин.

Ата-энемди алып келдим көчүрүп,
Алайын деп арман күндөр өчүрүп.
Атам дале арак ичип жүрүптүр,
Аркасынан калган өңдүү өчүгүп.

## ӨТҮП КҮНДӨР

Өчөшкөндөй атам арак ичсе да,
Өлчөгөндөй жаштык күнүм өтсө да.
Өзүм сүйүп, өзүм тандап жактырып,
Өзгөрүлүп турмуш курдум нетсе да.

Өзгөчөлөп кудай мени колдоду,
Өзгөрүлтүп турмуш жолум оңдоду.
Өзүм ойлоп, тилегендей сапарлап,
Ошту көздөй насип буйруп жолдоду.

Турмуш куруп өмүр жолун баштадык,
Тайманбадык, оор, жеңил деп качпадык.
Татаалдашкан айрым мезгил учурда,
Таарынышып, тартылышып чачпадык.

Болдук кыйла адегенде ач калып,
Болоор дедик канаат кылдык шашпадык.
Бозорсоң да, кызарасын дегендей,
Бир аз турмуш өзгөрүлө баштадык.

Талантыма таазим, кылдым сүйүндүм,
Тартынбастан эл аралап жүгүрдүм.
Теңтуш достор колдоо кылып колдошуп,
Сезбей калдым оор экенин жүгүмдүн.

Куп тиледим намаз окуп жыгылып,
Калган жокмун жаман ишке тыгылып.
Кош айтышып калды окшойт алыста,
Качанкы күн жүрөк жүргөн сыгылып.

Комуз күүлөп, ырдап элге баштадым,
Келди окшойт тилектегим жаштагым.
Концерт берип, көңүлүмдү көтөрүп,
Көрдүм окшойт максат ишке ашканын.

Экөө элек турмуш куруп жашаган,
Эки кыздуу болдук тилеп жашоодон.
Элди көрүп эки кулак элеңдеп,
Биз да болдук эл катары бошонгон.

Сүйүнүчтүү күндөр келе баштады,
Сыртын салып өткөн мезгил баштагы.
Саратанда, кышта тоңгон күндөрүм,
Самсаалаган тер агызган таш дагы.

Басса турса арак болгон тамагы,
Бакырганда көздөн чыккан чанагы.
Байкуш атам ичкиликти таштаптыр,
Ачылсын деп апакемдин кабагы.

Алгач жаздым Сары-Челек жөнүндө,
Алыс болуп барбаганым көңүлдө.
Айыл эли жактырышып,баалашып,
Арман кылып болбогонум көлүмдө.

Көңүл тынчып атакемди ойлонуп,
Калыптыр деп чоң уйкудан ойгонуп.
Кадимкидей катар басып калганда,
Сары-Челек ырын бүттүм толгонуп.

Токтоо берип укса экен деп калың эл,
Толкуп чыкты Төө-Ашууда Ала-Бел.
Топтоштуруп алма-өрүгүн көлүмдүн,
Толкунунан толо сузуп ала кел.
Тандап туруп ырдап обон чыгарсам,
Тартуу кыл дейм ырларыңдан калемгер.

## АПАМДЫН ЫЙЫ

Бердим концерт эң алгачкы ырымды,
Билбей жүргөн атакем көп сырымды.
Байкап көрүп тушоо, кести өткөрүп,
Болсо экен деп жасап ырым-жырымды.

Бирге барган топурашкан аягы,
Байкоо салып баланча деп баягы.
Болуптур деп калыс сөздөр айтышып,
Куттук айтып, кут болсун деп буягы.

Үйгө кирсе үңүлдөгөн үн чыгат,
Үстү-башын курчап алган тумчулап.
Кучак жайып Нарынбегин мойнунан,
Колтугунан улам-улам чымчылап.

Кайдан балам, күтпөгөнмүн сенден деп,
Ыйлап-ыйлап сүйүнгөндөн кыңшылап.
Карап туруп ак батасын берди дейт,
Кудай берсе ушул балаң тың чыгат.

## АВТОРДУН СӨЗҮ

Бул баладан талант чыгат, айта алам,
Башында эле, бир көргөндө байкагам.
Балалыгың татаал жолдо келсе да,
Эми сага келбейт такыр ал заман.

Себеп болду чай ичирген чайканаң,
Сен жөнүндө көп ыр жазып чайпалам.
Сөздөрүңдү уксам дагы үстүртөн,
Сыймыктанып келет го деп, чайкалам.

Өссүн балам өсөт го дейм өнөрүң,
Өйдө жакта күтүп турат көрөөрүң.
Кызды берген уулду берет күтө тур,
Кудай таала унутпайт го берээрин.
Кут кылсын деп бардык сага жакшылык,
Кубангандан колдоп бата беремин.

*Жаныбек Мырзаибраимов*
*Жийде айылы , Кара-Кулжа району*
*31-август 2013-жыл*



*Күндөр келет, кош айтышып мен*

*алыска кетемин,*

*Качан мурда сапар алган, аларды*

*кууп жетемин.*

*Калат мага колун шилтеп, барактарын*

*барактап,*

*Кагаз эмес, кат-кат болгон сүйлөй*

*турган китебим.*




*Кызы Элмира неберелери Абдылда,*
*Турдайым жана Айбек*



*Байбичеси кыздары менен*



*Москва үй-бүлөсү менен*




*Уулу Жанарбек келини Элнура небереси Жибекчач*
*Москва Кремль 01.05.2013*



*Уулу Абакир келини Нурзат неберелери Алтынай, Атабай*
*Казакстан. Шымкент шаары*




*Ата бала параходдо*
*Москва 28.04.2013*



*Кызы Айнура небереси Темирлан, Жасмина*



*Москва эң кичинекей кызы Аселя*
*келини Элнура неберелери Жибекчач,*
*Анжелина жана Асель Турдалиева*




*Неберелери Жайнагүл, Алым жана Нурсултан*
*Бишкек*



*Москва күйө баласы Исламбек кызы Аселя*
*небереси Анжелина*




*Москва 25.04.2013. Аэропорт Домодедова*



*Уулу Жанарбектин үйүндө*



*Крым вокзалы аяш уул аяш кыздары менен*




Небереси Баэл менен метродо



Келиндери солдон оңго Замира,
Элнура, Ыкыбал жана Нурзат



*Тагасы Алым Калыкулов 1958-жыл*




*Компютершик Анарбек*



*Эӊ чоӊ кызы Элмира. Москва 2013-жыл*

# МАЗМУНУ


Мен таарынбайм тагдырга…………………………………… 4
Алгачкы ыр………………………………………………… 5
Мен агайы болгонго.................................................... 6
Күтөм сени................................................................. 7
Кыялымда.................................................................. 7
Арак бузат.................................................................. 8
Бир кезекте................................................................ 9
Эски достор............................................................... 10
Билип ал..................................................................... 11
Эскилигиң билинбей Баш кошконубузга 43 жыл......... 13
Келме кезек................................................................ 14
Талаа гүлү.................................................................. 14
Директорлук дептеримден бир үзүм........................... 15
Кыргызмын................................................................. 17
Акылбек балама.......................................................... 17
Казан-аяк.................................................................... 18
Арманым..................................................................... 19
Деп сүйлөйт................................................................ 19
Келди жылым.............................................................. 21
Мектептин кыска тарыхы............................................ 22
Союздан калган соргоктор.......................................... 23
Сараң бай.................................................................... 24
Келип ал...................................................................... 25
Куйсупур дешет мындайды......................................... 26
Эй агайлар................................................................... 27
Көргүн менен............................................................... 27
Жолугаар жерге........................................................... 28
Ырларым менин ырларым.......................................... 29
Менин бактым............................................................. 30
Басканыма сүйүнөм..................................................... 31
Дулдуйба балам тултуйба............................................ 31
Серепчи....................................................................... 32
Уча бергин................................................................... 33
Жазды ырды................................................................ 34

Ыр жаратуу........................................................................ 35
Чындык ким........................................................................ 35
Жазат эмки китебим........................................................... 36
Кыскача өмүр баяным......................................................... 37
Күткөн жаман..................................................................... 39
Кеп чындыктан бузулбайт.................................................. 39
Эзелки  кеп......................................................................... 40
Арык элем.......................................................................... 41
Бир досумдун ойлору......................................................... 41
Бирөө менен....................................................................... 42
Керегеме айтамын.............................................................. 43
Бир сен үчүн...................................................................... 43
Кыялдануу.......................................................................... 44
Кыздарга сын..................................................................... 45
Бирөөнү көрөм.................................................................... 46
Басып чыкчуу жүгүрүп........................................................ 46
Айтылып калаар артымда.................................................. 47
Жумакемди эскерип............................................................ 49
Тамекини таштасаң............................................................ 50
Ошол күндөр эстедим......................................................... 50
Орус келин......................................................................... 52
Көз  ирмемде...................................................................... 52
Жалган  сүйлөп  койо  албайм.............................................. 53
Уйкуда көргөн түшүмдү...................................................... 54
Балдарыма бир чоң сарай курайын.................................... 55
Карылык............................................................................. 56
Чымындар.......................................................................... 57
Жат болосун...................................................................... 58
Ат минбедим...................................................................... 59
Жаш түлкүлөр.................................................................... 59
Так сүйлөп.......................................................................... 61
Кайдан чыгат..................................................................... 62
Сен болгун......................................................................... 63
Ит кыял.............................................................................. 64
Терс кыял........................................................................... 64
Кетем таштап..................................................................... 65

Ишкер деген........................................................................ 66
Ардакта гүлүң ардакта............................................................. 67
Баркын билгин...................................................................... 68
Арак андан качса да............................................................... 68
Картайганда…………………………………………………… 70
Ушундай аял албагын............................................................. 71
Сагынуу.................................................................................. 71
Апыртма чыны аралаш........................................................... 72
Кой  дегенде.......................................................................... 74
Китебим................................................................................... 75
Арман айтып калмак биз........................................................ 76
Байкабапмын өзү мен.............................................................. 77
Баякы алкаш экен деп............................................................. 78
Өкүнбө, өмүр жолу өдө ылдый................................................ 79
Ош-Бишкектин жолунда…………………………………… 80
Кандайча жашоо сүрөөрүң...................................................... 82
Адамбыз бирок жаманбыз....................................................... 83
Ач болсоң да, тынч болгула туугандар................................... 84
Генералга тааныштым............................................................. 85
Мен дагы................................................................................. 86
Беш тилек................................................................................ 87
Тил алган................................................................................. 88
Жакшыны көрбөйт адамдар..................................................... 89
Аралаш заман.......................................................................... 89
Бул кулак................................................................................ 91
Кадимки кыргыз сеземин......................................................... 92
Алтынбек айылы десекпи........................................................ 93
АРНОО ЫРЛАРЫ……………………………………………… 95
Шарип авам............................................................................. 96
Оомат келди............................................................................ 97
Савхоздо болгон деректир...................................................... 98
Таштанбек Акматовго............................................................. 99
Иним Мамытка........................................................................ 100
Маркумум Мамаш досума……………………………… 101
Ырысбай.................................................................................. 102
Мээрим кызым........................................................................ 103

Бажаларыма........................................................................ 104
Айназикке жолуктум.......................................................... 105
Бир сулууга........................................................................ 106
Бактым бар менин балдарым........................................ 107
Ата сөзү................................................................................ 108
Эй кыргызым...................................................................... 109
Мен жөнүндө...................................................................... 110
Сага..................................................................................... 111
Айымдарга ачык сөз........................................................ 111
Качан келдиң?.................................................................. 112
Көңүл айтуу....................................................................... 113
Ар дайым сага жолугам.................................................. 114
Кыз кезде салган сөйкөңдөй........................................ 114
Бешенең сылап................................................................. 115
Сулуулук............................................................................. 116
Чып кармадым.................................................................. 116
Эстенүү................................................................................ 117
Катып койоор..................................................................... 118
Бирге басып достошуп..................................................... 119
Берке деп............................................................................ 119
Кутман курак кут болсун................................................ 120
Үсөнбек кайним болгондо............................................ 121
Эминжанга......................................................................... 122
Бул ким эле........................................................................ 122
Сен Үсөнбек...................................................................... 123
Балдарым менен багым бар......................................... 125
Күтүп жүрөм……………………………………….. 126
Жеңишбекти эскерип....................................................... 126
Тааный жүргүн Майрамбек........................................... 127
Кымызчы кыз..................................................................... 128
АТА ЖУРТ ТУРМУШ ЖӨНҮНДӨ.................................. 130
Калошум кетти жоголуп................................................. 131
Төргө жетип....................................................................... 132
Мына ошондой адамзат.................................................. 133
Чычкан эле........................................................................ 134
Карылыкка карата........................................................... 135

Элдин көзү........................................................................ 136
Калк ичинде...................................................................... 137
Карылыктан корккунуң...................................................... 137
Кошоматчы....................................................................... 138
Кошулуп бирге оңдойлу..................................................... 139
Жарашыктуу жериме.......................................................... 140
Кыялданам жериме............................................................ 141
Калар-мышык.................................................................... 142
Каяктагы............................................................................ 143
Бешик ыры........................................................................ 144
Мен кудайга ишенем......................................................... 144
Кыргыз тили кимге керек.................................................. 145
Жүрөк согот зырпылдап..................................................... 146
Оңдолсо деймин................................................................. 147
Кыргыздын үч кыл комузу................................................. 148
Арактан план толобу......................................................... 149
Өзгөнүм............................................................................. 150
Ата-энең барда.................................................................. 150
Укпагандай сезилет........................................................... 151
Бул саясат......................................................................... 152
Ойлорум менин Ошумда.................................................... 153
Видеого............................................................................. 153
Жакшы сөзү....................................................................... 154
Мигранттарга..................................................................... 155
Алдагандай замана............................................................ 156
Тырышып........................................................................... 158
Кандай шартта баралат...................................................... 159
Көкүрөктө калган так......................................................... 160
Кечиримдүү болгунуң........................................................ 160
Азыраак айтам көргөнүм................................................... 161
Акыл берип айткыла.......................................................... 162
Ууруларга.......................................................................... 163
Жаз жарышы...................................................................... 163
Бир эркектин арманы......................................................... 164
Жаштарга.......................................................................... 165
Өмүр өтүп.......................................................................... 166

Көп нерсеӊ калат артыӊда........................................... 166
Өтүнүч............................................................................ 168
Келгин куштар................................................................. 169
Москвага барайынчы........................................................ 169
Кетти кайран СССР......................................................... 171
Өлүм деген...................................................................... 172
Жийде жыты.................................................................... 173
Жаз бир сонун................................................................. 173
Кыпкызыл гүл кызгалдак.................................................. 174
Кызыр келет.................................................................... 175
Жөжөнү жазда санабай..................................................... 176
Адам деген...................................................................... 177
Кремлде.......................................................................... 179
Мигранттар..................................................................... 180
Көрдүм келип.................................................................. 180
Учак менен..................................................................... 181
Эми кетем....................................................................... 182
Жек көрөм...................................................................... 183
Менин ойум..................................................................... 184
Төгүөт............................................................................ 185
Кечигишпей.................................................................... 186
Кайдан жүрүп келмекмин.................................................. 187
Коштошоордо.................................................................. 188
Мигранттардын саламы..................................................... 189
Батамды бердим.............................................................. 190
Аэробуста....................................................................... 191
Метродо.......................................................................... 192
Пароходдо баратып.......................................................... 193
Уйку менен..................................................................... 193
Көпкөнүм жок.................................................................. 195
Кайра сени тырмалайт...................................................... 196
Кайым айтыш.................................................................. 196
Ак наныӊдан татайын...................................................... 197
Бышкан чыгаар эзилип..................................................... 198
Аял заты сулуусуӊар эгерде.............................................. 199
Кош Москва.................................................................... 200

ЛИРИКАЛЫК ОЙ ТОЛГООЛОР........................................ 201
Келем го деп тиледим.................................................... 202
Ким дебе........................................................................ 202
Ылгай бил....................................................................... 203
Мен сени........................................................................ 204
Ролдо кетип баратсам.................................................... 204
Бул махабат…………………………………………… 205
Койчу депмин................................................................. 206
Түшүмдө көрдүм............................................................ 207
Сыйладым аял затыңды................................................ 208
Сендейди....................................................................... 209
Суусунум болсоң ичүүгө................................................ 209
Уйку бербей кыйнаган.................................................... 210
Тынар белем…………………………………………… 211
Кыялданам……………………………………………… 212
Аппак ай………………………………………………….. 212
Сулуу көрдүм.................................................................. 213
Жерде калган роза гүл………………………………… 214
Сулууларга..................................................................... 215
Өкүнүч............................................................................ 215
Кылчактап артың караба……………………………… 217
Түш экенсин…………………………………………….. 217
Ырга коштум арманды……………………………….. 218
Аппаксын……………………………………………… 219
КЫЗЫМДЫ ТУРАМ ЭСКЕРИП........................................ 220
Кызымды турам эскерип............................................... 221
Жетемби ошол ойго деп................................................ 222
Эскерүү.......................................................................... 222
Каалабайт элем эч кимге…………………………….. 224
Элестеттим.................................................................... 225
Бир онтоом бар.............................................................. 225
Гүлдөй багып өндүрүп................................................... 226
Энең менен атаңдай...................................................... 227
Илинбей калган сүрөткө................................................ 228
Тырышып....................................................................... 229

Кутман курак кут болсун............................................... 230
Коштошуу.................................................................. 231
Жазды көрүп............................................................... 232
Бирөө менен............................................................... 233
Кийин уктум............................................................... 234
ӨТКӨН КҮНДӨР.............................................................. 236
Балалыгым................................................................. 237
Балык кармап.............................................................. 238
Көмүр казып............................................................... 239
Экинчи забой.............................................................. 240
Төлөгөн авамдын үйүндө.................................................... 241
Өтүп күндөр............................................................... 242
Апамдын ыйы............................................................... 244
Автордун сөзү............................................................. 245

Мырзаибраимов Жаныбек

# МЕН ТААРЫНБАЙМ ТАГДЫРГА

*Редактору: Т.Адышев*
*Техредактору: А.А.Тойчубаев*
*Корректору: Ыкыбал уулу Элдияр*

Басууга 13. 09. 2013 ж.
Кагаздын форматы 84х60. 1/16 16,5 б.т. Буйрутма №89. Нускасы 60.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.